ЭРМЕК РАМАНКУЛ КЫЗЫ

# ТАРЫХ БҮКТӨМҮНДӨГҮ ТАЛАНТТАР



Аруулангын катыккан жан дүйнөнү,
Айкөлдүккө багыттап жан бүткөндү.
Сыйбагандай таланттар бир өмүргө,
Сыйбайт тура тарыхтын бүктөмүнө.

Түмөн сырдуу доордун жүзү болуп,
Түшүмү мол сөздөрдүн күзү болуп.
Таланттуулар өтсө да бул дүйнөдөн,
Таанылышат экен го сөздөрүнөн!

ЭРМЕК РАМАНКУЛ КЫЗЫ

# ТАРЫХ БҮКТӨМҮНДӨГҮ ТАЛАНТТАР

«Фаст принт»
Бишкек – 2017

УДК 811.521
ББК 81.2
Э 93

**Эрмек Раманкул кызы.**
Э 93 **Тарых бүктөмүндөгү таланттар.** Даректүү баяндар. Б.: «Фаст принт», 2017. – 144 б.

ISBN 978–9967–28–326–8

Акын жана журналист Эрмек Раманкул кызынын, «Тарых бүктөмүндөгү таланттар» аттуу бул жаңы китебинде, улуттук маданиятыбызга салым кошкон, бирок коммунисттик идеология тарабынан кысымга учураган инсандардын татаал тагдырлары чагылдырылган.

Акын, төкмө, дастанчы, комузчу, музыкант-обончу, насаатчы-агартуучу сыяктуу улуттук баалуулуктарды улантуучулардын, белгилүү чөйрөдө гана оозеки же кол жазма түрүндө сакталган эмгектери дыкаттык менен изилденип, мүмкүн болгон чыгармалары топтолгон.

Китеп жалпы окурмандардын катмарына арналат.

**УДК 811.521**
**ББК 81.2**

**Э 4602020500–17**

ISBN 978–9967–28–326–8

© Э.Раманкул к., 2017.

## ҮЧӨӨ

Канча бир өнөрлүү адамдар жек-жааты бай-манап тукумунан болгондугу, же динчилдиги үчүн гана талантары кеңири чөйрөгө тарабаган себебин түшүнсөк болчудай. Совет бийлигинин тушунда алардын чыгармаларын жат билген адамдар да «алда кандай болот» деп, ошол кездеги бийликтин саясатынан тартынып жүрүп, бара-бара унутуп коюшкандыгы да анык.

Ушундай тагдыр менен өмүр сүрүп, арабыздан өтүп кеткен Тынай уулу Амангул, Токсаба уулу Ногойбай, Канаат уулу Мамбетсадык Кочкор районундагы азыркы Дөң-Алыш айылынан чыккан өнөрпоздор болушкан.

Анан калса динчил кишинин билгенин эскинин калдыгы, жаңы турмушка зыяндуу деп баалоонун кесепети да оңой жоо болбогондой. Окуп, жаза билген сабаттуулугу, дин жолун ыйык туткан динчилдиги сыяктуу жалпылыктарына карабастан ар кимисинин өзүнө таандык өзгөчө өнөрлөрү болуптур. Атап айтканда Ногойбай төкмөчүлүгү, Мамбетсадык жазгыч акындыгы, Амангул дастанчылыгы менен биринен-бири артык экен. Алардын чыгармаларын кумдан алтын чайкагандай түйшүк менен элден чогултуу жана жалпылоо асыл максаттуу иш деп ойлойм. «Өнөрлүү өлбөйт» дегендей, үч өнөрпоздун өздөрү өлсө да, сөздөрү өлбөсүн!

Замандаштары Абдыкерим уулу Арыпбек, Нуралы уулу Шаакерим, Сманкул уулу Раманкулдун эскерүүлөрүнө караганда алардын теңтушчулугунан да чы-

гармачылык алакалары күчтүү болуптур. Өз ара алым сабак айтышкандан башка да, авторлош болуп чыгарма жаратышканынын мисалы катары, казак обонуна ылайыкташтырылып чыгарылган «Жеңежан» деген ырды атоого болот.

## ЖЕҢЕЖАН

Жайлоонун башы зоока. Тоосу бийик,
Кетмейди (ов) көк аладан жапан кийик.
Кошулдук биз жаштыктан (оо) көңүл сүйүп,
Жеңежан, тең картайсаң (о-ой) өлмөй жүрүп.

Жайлообуз Көл-Балыкты тескей тарап,
Көргөндө (оу) шол жеңежан жал-жал карап.
Сүйлөшсөк адамзатка (оо) сөзү артык,
Кучактап беттен өпсөм (о-ой) капам тарап.

Ийри-Суу кош-кош капат конушу артык,
Эр жигит (оу), өлөң айтып жанды жашарт.
Бойпоюп канча келин (оо) бой көтөрсө,
Боруму жеңежандан (о-ой) кантип ашат.

Чоң кыштоо Кызыл-Омпол, Кара-Таштан,
Жоругу (оо) жеңежандын саматтырган.
Он беш жыл ойноп-күлүп бирге жүрсөк,
Жеңежан экөөбүздө (о-ой) калбас арман.

Көпүрөө чети шаты, кыйган тактай,
Жеңежан (оу) кылаңдаган бир ак маңдай.
Көңүлүм көтөрүлүп (оо) жетине албай,
Жеңежан, казал жаздым (о-ой) сизге арнай.

Элдик оюндарга ынтаалуу, шайыр мүнөз бул өнерпоздордун чыгармачылыгы жөнүндөгү сөз ирээти менен болсун.

# 1. МАМБЕТСАДЫКТЫН ЫРЛАРЫ

## *(1897–1937)*

Бириң кедей, бириң бай дебей жалпы эл менен жакшы алакада болгондуктан, болжол менен 1924-жылдары «ким кимди жеңеттин» учурунда, Мамбетсадык кедейлерди жетектеп «жаман жааттын» башчысы атыгат. Агасы Карыпбай бай-манаптарды жактап «жакшы жаатты» жетектейт.

Бирок, антип кедейлерди жактаганы эске алынбастан, 1927–1928-жылдарда Манаптын тукуму же кадимки Канаат хандын баласы катары «сүрүлүп», 1935-жылы камалып калганга чейин Чүйдүн «Узун-Кыр» деген жериндеги чоң таякелерин пааналайт. Ошол жылдары Кетмен-Төбөдөгү өз таякелерине барып жашынган учурлары да аз эмес.

Бирок кайда, кантип жүрсө да туулуп-өскөн жерине болгон кусалыгын жашырбай өзү жөнүндө баяндап, элдин ал-абалына кызыгып, кээде айылга келе калганында күн-түн дебей ырдап элдин да, өзүнүн да черин жазып кетчү экен.

Кең Кара-Көл айлымдын;
Келбетине кумармын.
Келберсиген көп элдин,
Кебин угуп турамын.

………………………………

Мен башында кайда элем,
Манап менен байда элем.
Күзгү конгон чымындай,
Табактагы майда элем.

Трактор минип кум ташып,
Жүрөмүн элден адашып.
Кайгырганда кантейин,
Отурамын кат жазып.
................................
Узун-Кырды бийлеген,
Торсук бий биздин бийибиз, –

деп уккан жаңылыктары, көргөн окуялары жөнүндө баяндап, теңтушу Абыкеге ыр менен кат жазганда ал:

Тагаларга сен барып,
Жайланышып калдыңбы?
Активдер менен сүйлөшүп,
Байланышып алдыңбы?

Узун-Кырдын Торсук бий,
Сен барган жердин атагы.
Ар ким менен сүйлөшүп,
Аралашып калдыңбы? –

дейт. Ага Мамбетсадыктын жообу:

Уругу болот Узун-Кыр,
Мен келген жердин атагы.
Мен бардагы кедейдин,
Басылдыбы чатагы?

Кеңешип акыл салганда,
Кетпегин дедиң аянып.
Болбой кеттим мен дагы,
Тагаларга таянып.

Кетпегенде кантмекмин,
Келберсиген көп элден.

Кедейлердин чатагы.
Басылбаган себептен.

Кандай айтсаң андай айт,
Сенин, Саяктыгың билинди.
Оозун түзө Бейшебай,
Абыке деген иниңдин.

Ушундай мааниде\u0433и каттарды Амангул ж.б. теңтуштары менен да жазышкан. Ушул жылдары Мамбетсадык Бишкектеги жумгалдык Дүйшөнаалынын үйүнө да көп барат. Ал үйдөн Шаршен, Мидин, Аалы сыяктуу чыгармачыл адамдарга жолугушуп, Муса Баетов менен таң атканча ырдашкан күндөрү да аз эмес.

1927-жылы түрмөдөгү агасы Карыпбайга жолугайын деп Токмокто жүрсө, капысынан Карыпбайдын аялы Гүлөсал астынан чыгат. Ошондо жеңеси менен минтип учурашкан экен:

Чаканы алып колуна,
Чаначты артып жонуна.
Жолумдан жеңем чыгаары,
Жок эле менин оюмда.

Чоң көчөнү тең жарып,
Чоюла бассаң жарашык.
Кайда, кантип жүрсөң да,
Жакшы тура амандык.

Мамбетсадык Чүйдөгү Мамбетаалы деген манаптын кызы Батыйга көңүлү түшүп жүргөндө ырдаптыр:

Ак-Сайдын башы мелтирейт,
Ак көйнөгүң желбирейт.
Ат үстүнөн мен чыксам,
Ак Батый,
Акылым жаман сеңгирейт.

Көк-Сайдын башы мелтирейт,
Көк көйнөгүң желбирейт.
Көч үстүнөн мен чыксам,
Ак Батый,
Көңүлүм жаман сеңгирейт.

Босого тартып, чий калап,
Борумуң ичти куйкалап.
Болжошкон кезде барчы элем,
Мен, боз үйдөн сени акмалап.

Керege тартып, чий калап,
Келбетиң ичти куйкалап.
Кечинде басып барчу элем,
Мен, керege башын сыйпалап...

Ошентип жүрүп, акыры Мамбетсадык Батыйга үйлөнөт. Кууганчулар келгенде Батый менен карындашы Алтынды үйүнө камап, өзү колуна бычак алып, бир да кишини үйүнө жакындатпай коёт. Агасы Карыпбай болсо, тор жоргосун кудаларына тартуу кылып, кол куушуруп (кесимин төлөп берип) бир тууғандык милдетин өтөйт.

Бирок Батыйды кууп келген эки жүздөй кууганчунун көздөгөнү Канааттын айтылуу Тайгашка күлүгүн же Мамбетсадыктын карындашы Алтынды алуу болгондуктанбы, айтор кийин «кайындаган жеринен бузуп алгансың» деп кычаптык менен Батыйды кайра алып коюшат. Ошондо Мамбетсадыктын арман кылып ырдаганы:

Кулчабар байлап ат минсем,
Куюшканы булгаары.
Курдашым артык Батыйдан,
Кудайым айрып турабы?

Тел күрөң байлап ат минсем,
Темингиси булгаары.
Теңтушум артык Батыйдан,
Теңирим айрып турабы?

1916-жылдагы көтөрүлүшкө түздөн-түз катышкан жана анын кайгы-касиретин өз көзү менен көргөн акын катары, Мамбетсадык да «Үркүн» жөнүндө айтпай коё албаган:

Көп кырылды калайык.
Кумушайдын сайына.
Байкасак үркүн жаккан жок,
Жарды түгүл байына, –

деген ыр саптары ага күбө.

«Кош бол, Кочкор аймагым!» деген ырын биринчи жолу Бокту-Төрдүн Кош-Көл деген конушунан из жашырып Чүйгө көчүп бара тканда белге туруп алып, эл менен коштошкондо ырдаган экен. Кийин бир айылга келгенинде бул ырын жарым күн тынбай ырдаптыр. «Балалыкты эскерүү» деген ыры да ушул жылдарга таандык. Ал эми «Бар тобокел» деген ырын Какий аттуу айылдаш келинге ашык болгонунда Молдо Кылычтын «Кайнага-келин» деген ырынын таасиринде жазган.

## КОШ БОЛ, КОЧКОР АЙМАГЫМ!

Аман бол, Кочкор айрылдым,
Алыстап кетип кайгырдым.
Азабын тартып жүрөрмүн,
Кең Кара-Кол айлымдын.

Кандайын билет бөлөк эл,
Ичимде толгон кайгымдын.

Кадыр алла кудурет,
Кадырлап элден айрылдым.

Көп сагынып жүрөрмүн,
Киндик кан тамган жеримди.
Кайрылып көрөр бекемин,
Кайран Кочкор жеримди.

Шагыл таштуу төрүнө,
Жайкалып чыккан көбүргөн.
Жай мезгилде ошону,
Жатак мал жесе семирген.

Жайы-кышы суу ичкен,
Аман бол Талаа-Булагым.
Далай чөптөн жакшы эле,
Бетеге шыбак, туланың.

Козголуп такыр койбогон,
Колотун коён оттогон.
Кайран Сөөк, Каракол,
Кадырың минтип жоктогом.

Элинен жигит азбасын,
Эмгектүү жолду баспасын.
Элинен кеткен жигитти,
Эп көрүп кимдер наздасын.

Калкынан жигит азбасын,
Кайрылыш жолду баспасын.
Калкынан кеткең жигитти,
Кадырлап кимдер наздасын.

Жылгалуу Кара-Мойнокту,
Бөөбүй эли жердеген.

Жай-кышы оттоп малдары,
Жылганын ичин бербеген.

Ийри-Суу менен Мадияр,
Ийрилип аккан суусу бар.
Кезегим келээр өлбөсөм,
Элиме кайтып копулар.

Кош Бокту -Төр, Эки-Көл,
Тааналуу-Бет, Чолок-Төр.
Сен эсиме түшкөндө,
Көзүмдөн агат кандуу сел.
Жана аман бол көргөнчө,
Ийри-Суу мейкин тегиз жер.

Кара-Колдун суусуна,
Сөөктүн суусу копулган.
Сай жээгинен чым урап,
Топурагы жошулган.
Айдаса кетпей жылкысы,
Жалт берип үркүп копкурган.

Адыры жайлуу чарбага,
Атактуу өзөн Капка-Таш.
Адамга сонун көрүнгөн,
Айрым жери аска таш.
Айланып элге барганча.
Аман болсун алтын баш.

Айлана тоонун арасы,
Адамга жагат абасы.
Касиети Кочкордун,
Кар түшпөгөн карасы.
Айланып элге барсак деп,
Ар кимдин кетет санаасы.

## БАЛАЛЫКТЫ ЭСКЕРҮҮ

Кайран өмүр балалык,
Коңгуроолуу кулундай.
Кандай сонун жадырап,
Ачык күндүн нурундай.

Жылаажындуу кушка окшош,
Бала кезде өмүрүң.
Кайгы менен иши жок,
Капасыз чак көңүлүң.

Чым-чым деп чикит чабышып,
Чымылдап далай чуркадык.
Жаркылдап ойноп жүрсөк да,
Жаш бала бойдон турбадык.

Элестеп турат көзүмө,
Туюктун шагыл таштары.
Кайрылып келээр болсочу,
Ар адамдын жаш чагы.

Торпок минип бир өскөн,
Теңтуштар түшөт эсиме.
Тарбиялап өстүргөн,
Элим түшөт эсиме.

Чыгарам кантип көңүлдөн,
Чын кыйышпас курдашты.
Чымчыктар жайнап жай кылган,
Чым көндүү Талаа-Булакты.

Көп жерлер кетпейт эсимден,
Көпөлөк кармап ойногон.
Жөргөмүшүн терип жеп,
Көгүлтүр суусун бойлогон.

Мелтиреп сонун көрүнгөн,
Мейкин талаа Ийри-Суу.
Күз тартылып жай кирген,
Кашаттын алды Кашка-Суу.

Ийри-Суунун түзүнөн,
Касып алып чемирчек.
Каниет кылып калчыбыз,
Алма ордуна кемирсек.

Козу кулак, ак коко
Жапайы өскөн жемиши.
Элестеп турат балдардын,
Көбүргөн, текей териши.

Жайып жеген ышкынды,
Кара таштын бетине.
Балалыгым өткөн жер,
Кара-Кол түштү эсиме.

Балалыгын эскерген,
Жигиттин теги Темирден.
Алыстагы элинин,
Аманын тилейм Теңирден.

## БАР ТОБОКЕЛ

К а й н и с и:

Беркел жеңе беркелчи,
Айтканымды эп дечи.
Бул ишиме жарасаң,
Мындан ары сен билчи.

Ичке толгон дартымды,
Айтайынчы өзүңө.

Чыгынып чын киришип,
Жеткир айткан сөзүмө.

Ашыклыктын дартынан,
Жаш аламын көзүмө.
Ушул дарттын баарын айт,
Келинимдин өзүнө.

Кайни болбой келинге,
Кайнага болуп калганым.
Кантем жалган дүйнөдө,
Кудайга көп арманым.

Болсо сенин акылың,
Байка сөздүн ар жагын.
Колдон келсе кокустан,
Чыгарбай бек кармайын.

Бар тобокел келинге,
Барганыңдан эринбе.
Бел байладым жеңеке,
Жан кишиге билинбе.

Ж е ң е с и:

Макул кайним барайын,
Келинден жооп алайын.
Көнбөй кежир кеп айтса,
Кандай арга кылайын?

Кайнагаңа дос бол деп,
Келинден мен сурайын.
Макул десе келиниң,
Араңарга турайын.

Ж е ң е с и  к е л и н г е:

Айтайын кеп келиним,
Артык эле билимиң.
Сураткан ы досчулук,
Кайнагаңа бергиниң.

Кабыл көрсөң сөзүмдү,
Мени кошо билип ал.
Бийлеп келдим сыртыңдан,
Аный дебей тилимди ал.

Жалкоо болбой келиним,
Жаш кезиңде ойноп-күл.
Бул айтканым насыят,
Бул жалганда доорон сүр.

Жаңы келген өзүңдөн,
Жалооруп иш сурадым.
Сураганым бербесең,
Таарынганы турамын.

Ашык экен кайнагаң,
Айткан кебин тыңдадым.
Макул десең келинжан,
Шартыңарга чыдармын.

К е л и н и  ж е ң е с и н е:

Кантип айттың жеңеке,
Акең менен дос бол деп?
Мен да дейин уялбай,
Жеңе сенде бет жок деп.

Мындан катуу айтсам да,
Жаман көрбөй өзүмдү.

Тынч жүрсөңчү жеңеке,
Ондоп сүйлөп сөзүңдү.

Акең айтты сырын деп,
Арабызга келесиң.
Аңгемелеп жүргүдөй,
Азилдешиң эмесмин.

Акем айтпайт андай кеп,
Жалган айтып жүрбөгүн.
Бекем кармап акемди,
Жеңе өзүң гүлдөгүн.

Калса-калсын көңүлүң,
Айтканыңа көнбөдүм.
Акыретти унутуп,
Арабызга жүрбөгүн.

Кайнагама кабылтып,
Кай муратка жетесиң.
Акем экөөң айылды,
Булгап тынаар бекенсиң.

Ж е ң е с и  к а й н и с и н е:
Келиниң бир ит экен,
Кеп билбеген киши экен.
Жибергениң, о кайним,
Бекер эле иш экен.

Жаңы келип жатыркап,
Катышпаган кези экен.
Бир эсептен, о кайним,
Келиндики эп экен.

Беттен алып урушуп,
Бир укпады сөзүмдү.

Жашы кичүү келинге,
Жалооруттуң өзүмдү.

Калбасын деп чаласы,
Калтырбадым сөзүңдү.
Баргым деле жок эле,
Кыйбай бардым өзүңдү.

К а й н и с и:

Кыйбас жеңем чын болсоң,
Кыйыктанбай дагы бар.
Бул жалганчы дүйнөдө,
Келинге мен ынтызар.

Адегенде макул деп,
Айтпай койду дебегин.
Алаксытса ал-бул деп,
Назданганы эледир.

Кепке жооп бербейт деп,
Басып койбо демимди.
Жаман болсо кантебиз,
Эптеп көрсөт келинди.

Ж е ң е с и:

Кайта-кайта баруудан,
Кантип эле жадайын.
Дагы урушса келиниң,
Кандай арга табайын?

Макул десе кашкайып,
Араңарга турармын.
Жактырбаса келиниң,
Калпасын угармын.

Ж е ң е с и   к е л и н г е:

Дагы келдим келиним,
Датын айтып акеңдин.
Алдырганын санаага,
Айтпаганда кантемин.

Ит болоюн келиним.
Чын кайнагаң жиберди.
Өзү кошо келүүгө,
Бул айылдан ийменди.

Келин балам кечке эле,
Кайнаганды кайгыртпа.
Кыштан жайга күттүрүп,
Кызыл жүзүн саргайтпа.

Ой келиним сен үчүн,
Дарттуу болду кайнагаң,
Кайнагаңды томсортуп,
Турганыңа ар кылам.

Болду, жетет келиним,
Кайнагаңды кабыл ал.
Бу тилимди албасаң,
Чындап сага таарынам.

Аралашып кетүүгө,
Арга таппай зарлаган.
Бир мүнөздүү акең бар,
Дегенинен жанбаган.

Жаш кезиңде жыргап ал,
Опасы жок бул жалган.
Ойноп-күлүп жашасаң,
Бул жалганда не арман?!.

Кандай азап келинсиң,
Кайра мени кыйнаган.
Жакшы болмок жаш кезде,
Кайнаганды сыйласаң.

Сыйлаар болсоң акенди,
Өмүр тиле кудайдан.
Өтүп өмүр кеткен соң,
Өкүнбөскө кайрадан.

Алышып сен ойносоң,
Арылаарсың убайдан.
Жакшылык же жамандык,
Жаратуучу кудайдан.

К е л и н и  ж е ң е с и н е:
Күнү-түнү зарланып,
Өз оюма койбодуң.
Айтканыңа макул деп,
Акем менен болоюн.

Жаңы келген кезегим,
Көрөлекмин жайлоонду.
Келип уктум бул жерден,
Кайнага жол тороорду.

Кашкайышып уялбай,
Акем менен ойноюн.
Акем экөөң бул иштин,
Арты-кийнин ойлогун.

Бар тобокел кантейин.
Арткыларга жол болор.
Угулган соң айылга,
Узун сабак ыр болор.

Шаштырбачы жеңеке,
Жайлоо маалы болгончо.
Күйүп турсун кайнагам,
Жайлоого биз конгончо.

Кайын ага келиндин,
Жалгыз жаман жери бар.
Акем жүрсүн абайлап,
Инисинин пейли тар.

Жаш эмеспи иниси,
Айып эмес кагылаар.
Биз жайлоого конгондо,
Бир айласы табылаар.

Түшпөй мага көңүлү,
Акем кайдан сабылаар.
Билбей жигит зарылын,
Кээ бир киши ар кылаар.

Зарылганын бирөөнүн,
Кандай адам кар кылаар.
Сөз батырбай ичине,
Жөн билбеген шар кылаар.

Таарынбагын жеңеке,
Айтканыңа көнөйүн.
Опасыз бул дүйнөдө,
Ойноп-күлүп жүрөйүн.

Сен себепкер болбосоң,
Бул иш кайдан жөндөлсүн.
Өзүң көтөр жеңеке,
Акемдин бул күнөөсүн.

Ж е ң е с и  к е л и н г е:

Колунду жай келиним,
Ак батамды берейин.
Күнү-түнү экөөңө,
Узун өмүр тилейин.

Азабы көп болсо да,
Араңарга жүрөйүн.
Акең экөөң жакшы бол,
Мен алайын күнөйүн.

Жайлоо деген болжолду,
Санатууга салайын.
Күйбөйм десе кантейин,
Кайра сөзүм алайын.

Көп отурдук бул жерде,
Кош, эмесе кайтайын.
Кайнаганды кубантып,
Күткөн жообун айтайын.

Ж е ң е с и  к а й н и с и н е:

Беркел кайним жаныма,
Келин макул дебейт го.
Сыр билгилик жагынан,
Өз зайбыңа жетпейт го.

Келин болбой курусун,
Кепке келбей урушту.
Урушканын ойлосом,
Куйкам жаман курушту.

Келин сага бой бербей,
Кесирленет окшоду.
Тарамыштай тырышпай.
Ташта кайним ошоңу.

Айтсам келин таарынат,
Кайним сенден ар кылат.
Жайына кой азыраак,
Жаман өзү зарылат.

Акең айтты дегенге,
Абдан катуу тарыгат.
Келин кепке көнбөсө,
Жеңең канча зарылат.

Кайниси:

Ай жеңеке ар кимдин,
Болсо керек багынан.
Айла таппай жүдөдүм,
Ашыктыктын зарынан.

Киши жумшап арага,
Кеп айттырбай койбодум.
Кантип айттың жеңеке,
Келин болбой койгонун.

Кайра барып жеңеке,
Келиниңди оңдогун
Күзөрлүк дарт жык толду,
Ой-боюна койбогун.

Аны-муну дегенге,
Жеңе сен да болбогун.
Асты азап келинди,
Тил алдырбай койбогун.

Күтсүн десе келиним,
Күтүп деле көрөйүн.
Колум жетсе келинге,
Куунак көңүл жүрөйүн.

Болсо келин көңүлсүз,
Башка жакка кетейин.
Күйгөн жанды күйгүзүп,
Мында туруп нетейин.

Ж е ң е с и:

Кетпе кайним тура тур,
Кеп айтайын уга тур.
Кетем дебей о кайним,
Башка ишиң кыла тур.

Кеткениңе жол болсун,
Башка жанга карабай.
Чыдамы жок белемсиң,
Ушунчалык жалакай.

Кетем деген сөзүңдү,
Кантип айттың уялбай.
Жолуктурсам келинге,
Болор белең көңүл жай.

Эми кайним угуп тур,
Келин салам айтканын.
Жайлоо болжол болсун деп,
Тоодон күтүп аларын.

Айың болсок айылга,
Айла тапсын деп айтты.
Кайта-кайта табыштап,
Ошол жагын көп айтты.

К а й н и с и:

Макул-макул жеңеке,
Өз оюна коёлу.
Беттешүүгө мен даяр.
Бек болсо сөз болжолу.

Айтсам келин таарынат,
Кайним сенден ар кылат.
Жайына кой азыраак,
Жаман өзү зарылат.

Акең айтты дегенге,
Абдан катуу тарыгат.
Келин кепке көнбөсө,
Жеңең канча зарылат.

К а й н и с и:

Ай жеңеке ар кимдин,
Болсо керек багынан.
Айла таппай жүдөдүм,
Ашыктыктын зарынан.

Киши жумшап арага,
Кеп айттырбай койбодум.
Кантип айттың жеңеке,
Келин болбой койгонун.

Кайра барып жеңеке,
Келиниңди оңдогун
Күзөрлүк дарт жык толду,
Ой-боюна койбогун.

Аны-муну дегенге,
Жеңе сен да болбогун.
Асты азап келинди,
Тил алдырбай койбогун.

Күтсүн десе келиним,
Күтүп деле көрөйүн.
Колум жетсе келинге,
Кууанак көңүл жүрөйүн.

Болсо келин көңулсүз,
Башка жакка кетейин.
Күйгөн жанды күйгүзүп,
Мында туруп нетейин.

Ж е ң е с и:

Кетпе кайним тура тур,
Кеп айтайын уга тур.
Кетем дебей о кайним,
Башка ишиң кыла тур.

Кеткениңе жол болсун,
Башка жанга карабай.
Чыдамы жок белемсиң,
Ушунчалык жалакай.

Кетем деген сөзүңдү,
Кантип айттың уялбай.
Жолуктурсам келинге,
Болор белең көңул жай.

Эми кайним угуп тур,
Келин салам айтканын.
Жайлоо болжол болсун деп,
Тоодон күтүп аларын.

Айың болсок айылга,
Айла тапсын деп айтты.
Кайта-кайта табыштап,
Ошол жагын көп айтты.

К а й н и с и:

Макул-макул жеңеке,
Өз оюна коёлу.
Беттешүүгө мен даяр.
Бек болсо сөз болжолу.

Минтип акыл чыгарган,
Бул келиндин оёну.
Куйбөгөнгө эрк барбы,
Күтсө күтүп коёлу.

Ж е ң е с и:

Кетпей кайним тура тур,
Кеп айтайын уга тур.
Эптеп бир түн чыгабыз,
Ага чейин чыдап тур.

К а й н и с и:

Келин айтса «Бекбекей»,
Күндүк жерден угамын.
Чыкпай койсо короого,
Чыдап кантип турамын.

Ж е ң е с и:

Беттештирип катыгүн,
Мен да кайним тынамын.
Камсанабай келе бер,
Өзүм тосуп чыгамын.

Түн ортосу болгончо,
Жол күзөтүп караармын.
Уктап калсак кокустан,
Чоң ак үйдөн карагын.

Болсо кайним намысың,
Ушул ишке жарагын.
Кээде кемпир көрүнөт,
Билбейм келин сабырын.

К а й н и с и:

Түндөп келдим мына мен,
Түздөн эгин сугарып.

Ашыклыктын зарынан,
Көрбөй көзүм тунарып.

Короодон үн чыкканда,
Тула боюм кубанды.
Шашканымдан кайталап,
Миң оозандым кудайды.

Убай тарткан өзүмө,
Ушул айыл мунарык,
Келин балам уялба,
Келдим мына түн катып.

Ж е ң е с и к е л и н г е:
Уул келген көрүнөт,
Келин чыгып добуш сал.
Күнү-түнү уктабай,
Уулга болду чоң убал.

Бөтөнсүтпөй жөнү жок,
Өз боюңа тартып ал.
Жатыркатпай акеңди,
Жакшынакай кабыл ал.

Кыйкыр чыгып короого,
Кыйбас акең ал угаар.
Жайкап айткан сөзүңө,
Жаш баладай кубанаар.

К е л и н и к а й н а г а с ы н а:
Ырдап жатып «Бекбекей»,
Кыйкырайын мынакей.
Кылчайттырбай жол бөгөп,
Кыйнадыңыз бек акей.

Кайдан-жайдан кеп тапкан,
Кайран жеңем эптекей.
Түшпөйм жайган торуңа,
Үмүт үзүп кет акей.

Кандай келсең ошондой,
Кеткин аке билинбей.
Куру сөзгө ишенип,
Куру бекер теминбей.

Кеткин аке кетип кал,
Эл көзүнө чалдыкпай.
Жер кулагы жети кат,
Жеме сөзгө кабылбай.

Жеңем ырда дегендей,
Ырдап берем бек акей.
Кайыл болуп баарына,
Кайтып кеткин бек акей.

Кайынага келинге,
Кайдан эле болсун эп.
Эптеди да жеңекем,
Элге аңыз болсун деп.

Келсең эле түн катып,
Коймок беле эл билбей.
Жаш келинмин бек аке,
Жабышпагын желимдей.

Дагы айтам «Бекбекей»,
Таарынбагын бек акей.
Эсиң барда кымтынып,
Эми чындап кет акей.

## НОГОЙБАЙ ЫРЧЫ
### *(1895–1976)*

Ногойбай Токсаба уулу бала күнүнөн кепкор, ыр жандуу болуп өсөт. Учурдагы жагдайга жараша чукугандай сөз таап, адамдардын кыял-жоруктарына, мүнөзүнө мамилесине жараша шыдыр ырдагандыктан, эл аны «топко чыгат экен» деп да аңыз кылышкан.

Түрдүү вариантта жарамазан ырларынын көркөм үлгүлөрүн жараткан. «Ак Мөөрдү» да азыркы аткарылып жүргөндөн башкача, окуясы чындыкка көбүрөөк төп келгендей мазмунда ырдаган.

1953-жылы Ысмайыл Борончиевдин сунушу менен сынактан өтүп, филармонияда иштей турган болгондо, Чүйдүн Карл Маркс айылындагы таякеси, чоң молдо Дөөталы: «Артисттик өнөр мусулманчылыкка ылайыксыз жорук» деп тыйып салат. Ошентип, Ногойбай тек гана теңтуштарынын арасында ырдоо менен чектелгендиктен, ырчылыгына караганда, талантты баалай билген сөзмөрлүгү, чечендиги көбүрөөк элдин эсинде калган. 1960-жылдары мен дагы ал кишинин омоктуу ойлорго негизделген, ар бир окуянын маани-маңызын көркөм чечмелеп, кыраттуу сүйлөй билген чеберчилигине бир нече жолу күбө болгон жайым бар.

Айылдаш жана замандаштарынын айтууларына караганда (төкмөчүлүгүнөн го), Ногойбай Мамбетсадыкты көп эле жолу жеңип кетчү экен. Аялы Батыйды кайын-журту алып кеткенине капа болуп жүргөн Мамбетсадык 100 аялды атап шакабалуу ыр жазат. Алар жашаган Талаа-Булак айылында 70 түтүн азык уруусундагылар бар экенин эске алган Ногойбай:

Азыктардын катынын,
Талыкпай айтып «жүз» дедиң.
(Таамайын айтсам жетимиш),
Батыйды берип тынайга,
Маке,
Намысты кайдан издедиң?!.

Карагер чобур сен алып,
Катының бердиң тынайга.
(Капа болуп катылбай),
Катындарга асылбай,
Маке,
Арзыңды айткын кудайга, –

деп, Мамбетсадыкты сөзгө жыгыптыр.

Ал эми «Ак келин» аттуу ыры айылдаштарынын калың катмарына сиңип кеткендиктен, ал ырды аңыз кылып эскергендер арбын.

## АК КЕЛИН

Күйгөндөн казал жасалбай,
Күйүтүмдү басалбай.
Күкүк болуп сайраймын,
Күйүттүү үнүм басылбай.

Күйгөндөн айтам далайды,
Күйбөгөнүм жарайбы.
Күлкүңө күндө зар болуп,
Күйүтүм бойго тарайбы.

Ак-Күмбөз, Талаа-Булактан,
Артык элең ынактан.
Кылыгың баштан өткөн соң,
Кылчайбай кеттиң ыраактан.

Талаа-Булак, Жол-Колот,
Талаасына эл конот.
Баштагысы баштагы,
Эмки жосун не болот?

Кыштоонун башы кызыл гүл,
Кызыл гүл элең солупсуң.
Кызылдан жоолук салынып,
Кылыктуу келин болупсуң.

Жайлоонун башы жашыл гүл,
Жашыл гүл элең солупсуң.
Жашылдан жоолук салынып,
Жароокер келин болупсуң.

Башың бүтүн алмадай,
Башынан сени кармабай.
Пейлиңди мага бурбасаң,
Бейпайда болом арман ай!

Чачың кара кундуздай,
Көзүң жанган жылдыздай.
Мүнөзүңдү байкасам,
Бейиштеги нур кыздай.

Кашың сонун чийгендей,
Калемдин учу тийгендей.
Кайрылып жүрчү кара көз,
Кайра менден иймейбей.

Кирпигиң чийген кыялдай,
Тилектеш курбум кыялбай.
Кары-жаштын көзүнчө,
Канчага ырдайм уялбай.

Чыкыйың жука ак мандай,
Жыргалдуу жигит тапкандай.
Кыяматтык дос болуп,
Кызыгына баткандай.

Мурдуң кырдач борумдуу,
Сүйлөгөнүң орундуу.
Дүйнөдөн издеп таппасмын,
Түгөнгүр сендей сонунду.

Бетиндеги берметиң,
Бейкасамдай келбетиң.
Айлымдан чыккан ак келин,
Айланды таппай дегдедим.

Азгырат оозуң оймоктой,
Адамга акыл ойлотпой.
Алыстайсың ак келин,
Ансайын боюң жолотпой.

Оймок ооз, жез таңдай,
Оюмдун башы ак маңдай.
Ак төшүңө арбалып,
Акыйып карайм көз канбай.

Кулагыңда сөйкөңдөй,
Ийниң куйган көөкөрдөй.
Оттуу жигит жаныңдан,
Кантип өтөт өрттөнбөй.

Сонордой мойнуң буралып,
Сонуркап карайм муңая
Кош алмандай жарашып,
Кошулгум бар кубана.

Колуң алда немедей,
Жумшактыгы кебездей.
Тишиң аппак тептегиз,
Тизип койгон седептей.

Чыканак менен билегиң,
Жылтылдайт сенин күбөгүң.
Сынгындай чынынын,
Сымбатыңа күйөмүн.

Кынама кийген белиңе,
Кызыгам сенин кебиңе.
Кызымталдуу жигитке
Кыйыктанып бекибе.

Балтыр кызыл ашыктан,
Байкап жигит кызыккан.
Май куйрук арка сооруңду,
Мактаймын минтип ыкластан.

Бутуңдун башы беш манжа,
Муунуңду коштум бир канча.
Жакшы бир көргөн кишиге,
Тагып бер белги-тумарча.

Согончогуң, таманың
Ойлондурат заманың.
Ойноп-күлүп жүрбөсөң,
Ошол келин жаманың.

Асабалуу желектей,
Аземдүү жансың чеңебей.
Ар боруму башкача,
Адамдан туулган эместей.

Чыкыйың жука ак маңдай,
Жыргалдуу жигит тапкандай.
Кыяматтык дос болуп,
Кызыгыңа баткандай.

Мурдуң кырдач борумдуу,
Сүйлөгөнүң орундуу.
Дүйнөдөн издеп таппасмын,
Түгөнгүр сендей сонунду.

Бетиңдеги берметиң,
Бейкасамдай келбетиң.
Айлымдан чыккан ак келин,
Айланды таппай дегдедим.

Азгырат оозуң оймоктой,
Адамга акыл ойлотпой.
Алыстайсың ак келин,
Ансайын боюң жолотпой.

Оймок ооз, жез таңдай,
Оюмдун башы ак маңдай.
Ак төшүңө арбалып,
Акыйып карайм көз канбай.

Кулагыңда сөйкөңдөй,
Ийниң куйган көөкөрдөй.
Оттуу жигит жаныңдан,
Кантип өтөт өрттөнбөй.

Сонордой мойнуң буралып,
Сонуркап карайм муңая
Кош алмаңдай жарашып,
Кошулгум бар кубана.

Колуң алда немедей,
Жумшактыгы кебездей.
Тишиң аппак тептегиз,
Тизип койгон седептей.

Чыканак менен билегиң,
Жылтылдайт сенин күбөгүң.
Сыныгындай чынынын,
Сымбатыңа куйөмун.

Кынама кийген белиңе,
Кызыгам сенин кебиңе.
Кызымталдуу жигитке
Кыйыктанып бекибе.

Балтыр кызыл ашыктан,
Байкап жигит кызыккан.
Май куйрук арка сооруңду,
Мактаймын минтип ыкластан.

Бутуңдун башы беш манжа,
Муунуңду коштум бир канча.
Жакшы бир көргөн кишиге,
Тагып бер белги-тумарча.

Согончогуң, таманың
Ойлондурат заманың.
Ойноп-күлүп жүрбөсөң,
Ошол келин жаманың.

Асабалуу желектей,
Аземдүү жансың ченебей.
Ар боруму башкача,
Адамдан туулган эместей.

Ич бормоң менен сырт бормоң
Ичиме түшкөн чок болор.
Айтканымды тыңдасаң,
Алеки жери жок болор.

Салынганың сар жоолук,
Саамай чачың бир койлук.
Сарала-Сазды бир жайлап,
Санаалаш курбу бололук.

Ак-Белди ашып түшөлүк,
Алышып ойноп күлөлүк.
Арзыганым ак келин,
Акылдаш болуп жүрөлүк.

Чылк жибекке оронуп,
Сыланып улам оңдонуп.
Сыны түшкөн балага,
Сымбаттуу жүрчү оңолуп.

Чачпагың айтсам башынан,
Тукаба же баркыттан.
Кокон акча кошулуп,
Кыял шуру тагылган.

Ортосунда жалтылдап,
Майда күмүш чабылган.
Баамында сендей асыл жок,
Бактылууга табылган.

Аяк жагын тиктесем,
Акак шуру илинген.
Абзелдүү сендей келиндин,
Артыктыгы билинген.

Экиден чачың өрүлүп,
Элесиң артык көрүнүп.
Эмгек менен ырдаймын.
Чекемден терим төгүлүп.

Учтугуң көрүп жүрөмүн,
Көөкөрчө күмүш күбөгүн
Көңүлдүү болсоң ак келин,
Кадырыңа күйөмүн.

Байланып учтук чечкенсиң,
Аркаңды карай серпкенсиң.
Армандуу жанды күйгүзөт,
Астыртан карап кеткениң.

Сур пальто кийип суйкайсаң,
Тунжурай басып суу алсаң.
Жабыга түшөт жүрөгүм,
Жаркырап күлбөй муңайсаң.

Карадан чепкен кийдиңби,
Кайгымды тартсын дедиңби.
Жеңи жок бешмант ичинде,
Жеталбай күйсүн дедиңби.

Ырастап көйнөк кийип ал,
Ылайыктап кызылдан.
Ыраңың өскөн кызыл гүл,
Ырдайын мен ушундан.

Көркөмдөп көйнөк кийип ал,
Көк ала кызыл түрү бар.

Көңүлү түшкөн жигиттин,
Көп эле ырдаар түрү бар.

Жайлоонун кени ачылды,
Шаңшыган бүркүт басылды.
Айланып барып алсам дейт,
Жароокер сендей асылды.

Талыкпай айтам сөзүмдү,
Талытпачы көзүмдү.
Жадымдан чыкпас ак келин,
Жайлоодон тосом көчүңдү.

Ак келин билбейм оюңду,
Айтамын бирок оюмду.
Анты-шерти кылалы,
Алып келчи колуңду.

## КҮЙГӨН

Айтамын өзүм күйгөндөн,
Аспарат көңүл сүйгөндөн.
Жашчылыкты билгенден,
Жан аябай дүйнөдөн.
Жазылат жарпым кубанып,
Жандай салып жүргөндөн.
Аянып адам токтобойт,
Ак бетинден сүйгөндөн.

Ай тийген тескей бел алыс,
Айлыңдан мурда мен тааныш.
Ажырашып кетпеске,
Азаптуу келин кол алыш,

Күн тийген теской бел алыс,
Күйөөндөн мурда мен тааныш.
Күдөр үзүп кетпеске,
Күйүттүү келин кол алыш.

Ойнод сүйлөп күлөсүң,
Оюмдан кетпей жүрөсүң.
Оолугуп өзүм сөз айтсам,
Ойлодуң сөздүн жүйөсүн.
Чымыркаңып күлөсүң,
Чыныңды айтпай жүрөсүң,
Чымыркаңып кеп айтсам,
Чыгардың сөздүн жүйөсүн.

Көк тукаба күрмөчөн,
Көйкөлө басып түрлөнсөң.
Көйкөлгөнүң мен көрүп,
Көңүлдүү басып бир жүрсөм.
Сур тукаба күрмөчөн,
Суйсала басып түрлөнсөң.
Суйсалганың мен көрүп,
Суктана басып бир жүрсөм.

Чын чыгарып оюмду,
Шыр кылбадың жолумду.
Бассаң-турсаң желбирейт,
Башыңда түрлүү жоолугуң.
Бараанын көрсөм токтобоймн,
Артык экен жоругуң.
Акыры бир күн түшөөрсүң,
Жайдым жибек торумду...

## САГЫНБҮБҮ

Чоң шалбаанын шилиси,
Жолголоттун сайы экен.
Саймедиреп ырдаткан,
Санаалаш Сагынбүбү экен.

Чоң-Кыштоо менен Кара-Тал,
Жайкысын малга жай экен.
Жоругун санап ырдаткан,
Жоруктуу Сагынбүбү экен.

Кызыл-Омпол, Кара-Таш
Кышкысын малга жай экен.
Кылыгын санап ырдаткан,
Кылыктуу Сагынбүбү экен.

## АМАНГУЛ ДАСТАНЧЫ
## *(1901–1982)*

Амангул азык уруусундагы Тынайдын жалгыз уулу. Жаш күнүнөн молдолордон кат-сабатын жоюп, мусулманчылыктын жол-жобосун тутунуп бой жетет. Арабдын жана араб ариби менен жазылган чыгыш адабияттарын баш оту менен берилип окуган.

Айылдаштары элдик таланттар, Ногойбай Токсоба уулу жана Мамбетсадык Канаат уулу менен чыгармачылык байланышы бекем болгон. Манастын бир нече томдугун араб арибинде жана азыркы кыргыз алфабитинде кол китеп кылып жазып чыккан. Кегетидеги Медер молдо менен өзгөчө ынак эле өмүрлөрүнүн акырына чейин бири-биреникине келгенде айлап-жылдап жүрүшсө да сөз кумарлары канган эмес.

Айрым замандаштарынын эскерүүлөрүнө караганда дастан, санжыралардан тышкары жеке автордук чыгармалары да арбын болгондугу айтылат. Бирок, дастанга Амангулдун көзү өткөндөн кийин, анын кол жазмаларын сөзсүз сактап калуунун маанисин түшүнгөн жана ага кызыктар эч кими болбогондуктан, далай кол жазмалардын талакейге түшүп, дайынсыз тарап кетиши өтө өкүнүчтүү...

Амангул Тынай уулу ар кандай элдик эпосторду, дастандарды өмүрүнүн акырына чейин айтып жүрдү. Айрыкча «Шаамаран», «Кыз Дарыйка», «Кыз Жи-

бекти» өтө шыктануу менен айтчу. Ал киши дастанчы гана эмес, кыргыз санжырасын көркөм айта билген санжырачы, ар бир сөзүнө маани берип, кыраатымен сүйлөгөн сөзмөр да болгон

Чыгыштын көп элине ортоктош болгон «Кыз Дарыйка» дастаны кыргыз элине да илгертен кеңири тараганы маалым. Ошентсе да дастанчы Амангул «Кыз Дарыйканы» качан, кимден, кантип үйрөнгөнү жөнүндө маалымат болбоду. Замандаштарынын эскерүүсүнө караганда, мукам үнү менен уккан элдин моокумун кандырып, муюта айтуучу экен.

1955-жылы айылдашы Жусубакун уулу Апас молдо Амангулдун айтуусунда «Кыз Дарыйканы» араб арибин менен жазып калтырыптыр. Жазуу учурунда кандайдыр бир себептерден улам, айрым сөз же саптардын, же көркөм сүрөттөөлөрдүн түшүп калгандыгы, ыксыз кайталоолордун бардыгы байкалды. Ошентсе да аны Нураалы уулу Шаакеримдин көмөгү аркасында, жалпы мазмунуна карай бир ыргакка келтирип, бир далай бөлүгүн кайра жазып чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болдум.

Ал эми «Салам кат» аттуу чыгармасы бул бир кишинин же бир айылдын мисалы аркылуу, Улуу Ата-Мекендик согуш учурундагы, бүтүндөй кыргыз айылына мүнөздүү болгон турмушту, кайгы-санааны элестүү чагылдырганы менен баалуу деп ойлойм. Эмнегедир бул чыгарманы айылдык клубдун башчысы Абдыбек Мурсаалы уулу сахнага чыкпай, комуздун коштоосунда тар чөйрөдө гана (1985-жылга чейин) аткарып жүргөнү белгилүү.

# САЛАМ КАТ

## Амангулга иниси Муратказынын урuштан жазган каты

Ассалоому алейкум,
Амангул агай аманбы?
Айтпаса да билерсиң,
Азыркы турмуш заманды.
Алладан тилейм ар убак,
Аман-эсен барарды.
Абылабек жазыптыр,
Айылда болгон кабарды.

Көңүлсүз турмуш сизде экен,
Көтөрчү агай башыңды.
Көрүп турам алыстан,
Көзүңдөн аккан жашыңды.
Айтыптыр кагаз бетине:
«Амангул кушун качырды,
Жеткинчеги Жапасты,
Жер алдына жашырды».

Деген сөз окуп кагаздан,
Тегеренип кеткеним...
Түштүктө иштеп турганда,
Сүйүнүч катың алчы элем.
Артымда бар деп жеткинчек.
Асыл ой ойлоп калчу элем.
Армандуу дүйнө оңбой кал,
Ак тилек ойго жетпедим.

Алды чыкпай жыйырмага,
Аллам
Ажалдуу бала бергенби.

Асан кайгы баарысы,
Жеке
Биз тукумга бергенби?
Атабыз манап бай эмес,
Же мурун,
Жыргалда жашап кеткенби?
Ар кимибиз бир жалгыз,
Аллам
Экиден койбой тергенби?

Зайнидин менен Калейдин,
Жаннаттан жайы болгонбу?
Жакшысы кетип айылдын,
Көзү жашка толгонбу?
Айландырып кара жер,
Ага-инимди соргонбу?
Азирейил жан алгыч,
Планы бизден болгонбу?

Кайрат кыл ага, кайрат кыл,
Кандуу жаш жерге төкпөгүн.
Канакей кайтып келгени,
Канча ыйлап өксөдүң.
Капа-сыркоо аралаш,
Калыбымдан бөксөмүн,
Кайратсыз болуп агатай,
Карыган төөдөй чөкпөгүн.

Мурсакул менен Сапиттен,
Кат келбейт деп угамын.
Кайрымы бизге болбойбу
Кадыр Алла кудаанын?
Кандайча болот билбеймин,
Калың чокто турамын.

Айланып санаам тынбастан,
Айылдан кабар сураймын.

Кандай эми, алсыз эле
Карындашым Какийим?
Аржакки Кум-Бел жерде дейт,
Аманбы агай Бакирим?
Амангул сени азаптан,
Куткардыбы Закириң?
Ажыратып алууга,
Же билбейт бекен законун?

Кор болбоссуң Амангул,
Айылда Закир турганда.
Туулгандан бир жакта,
Ким жүрөт үзбөй жыргалда.
Кайгыда менин башым деп,
Камыштан бетер ыргалба.
Канчалык алыс турсам да.
Кайышты жаным тууганга.

## Иниси Мураткызыга Амангулдун ооруктан жазган жооп каты

Алейкума саламды,
Алдым жазган катыңды.
Алып окуп кубанып,
Анан капам жазылды.
Көзүңдү көрүп тургандай,
Көкүрөгүм басылды.
Көңүлдөн кайгы кетирип,
Көтөр иним башыңды.

Ыр менен катты жазыпсың,
Июлдун аяк чөнинде.
Ыракмат айтам өзүңө,
Кайратың бар кебиңе.
Каралдымдан айрылдым,
Канча кайгы көңүлдө.
Зыркырадым, сыздадым
Чынында
Зыян экен өмүргө.

Артында иниң Жапастан,
Айрылганың жазыпсың.
Амангулдун канаты,
Кайрылганын жазыпсың.
Катка салбай тим койбой,
Кайгыга далай батыпсың.
«Аманбы?» деп калганы,
Артын сурап жашыпсың.

Он алты жашар Жапасың
О дүйнө сапар аттанган.
Кайрат-күчүм мокотуп,
Кайгы мени басынткан.
Казасы жетип жай болду,
Кайран Дүйшө ашынаң.
Аянаар жерим калган жок,
Кайсынысын жашырам.

Калыйча менен Токтоной,
Катары менен сулаган.
Кайран асыл бала эле,
Кагазбек дагы кулаган.

Кайтаарым ушул быйыл деп,
Борончу агаң ураган.
Карыяң Мады баш болуп,
Бул күндө
Калгандары бүт аман.

Азыр менин турмушум,
Кашаң ат минип желгендей.
Каарланса бир актив,
Мени
Карызына кармап бергендей.
Амангул алсыз бул күндө,
Эптеп оокат өткөндөй.
Эл көзүнө көрүнөт,
Жалпы Кожояр уулу өчкөндөй.

Элиме медер кыламын,
Сенин
Берекең шекер балдай деп
Беттеше калсаң теңтушка,
Айтаар элең кандай кеп?
Көп өкүнөм мен дагы,
«Көпчүлүк менен барбай» деп.
Көп сурайсың Закирди,
«Анын, көз салышы кандай? деп.

Ишин жакшы аткарат,
Закир,
Партиянын жолунда.
Анча-мынча эл бийлейт,
Эки район колунда.
Канчалар кетти урушка,
Кала бердим коңулда.

Кандай да болсо бул жээним,
Караштуу сенин жогунда.

Элде качкын көп болду,
Кечээ
Кырк биринчи жылында.
Жок экен мындай чоң согуш,
Мурунку өткөн кылымда.
Назарын чындап салганбы,
Кетирген жок кыргынга.
Өкмөт түгүл кудайга,
Берген жок Закир чыгым да.

Көкүрөк желим бөксөрөөр,
Көргөзсө кудай өзүңдү.
Сүрөткө түшүп катка сал,
Көргөндөй болом өзүңдү.
Бакты берсе бир кудай,
Аркы
Фашисттен алгын өчүңдү.
Салам кат жаздым аман бол,
Сагынып иним өзүңдү.

# КЫЗ ДАРЫЙКА

*(Дастан)*

**Сөз башы:** Мурунку пайгамбарлар заманынын тушунда, Самаркан шаарында Катран деген каапырдын падышасы болгон экен. Анын Дарыйка аттуу жалгыз кызы чоңоюп өскөн сайын балбан боло баштаган. Күчтүүлүгү Самаркан шаарына маалым болуп , күрөшкө эч ким тең келе албаган. Катран падыша бир күнү жакын көргөн эң акылман вазири Шакирге ички сырын айта баштаган: «Мен падыша болуп Самаркан элине амир жүргүзө баштагандан тартып, жалпы журтума жаманчылыгым болгон жок. Кыйынчылыктын зардабы тийбеди. Эмки менин максатым, кыз болсо да уулдай көргөн Дарыйканын бакты-таалайын, атагын тилеп, өз колум менен турмушка узатуу. Ал кызга биздин акыл туура келеби, же өзүнүн каалоосунча болобу? Ошонун жөнүн сизге акылдашып турам» – дейт. Анда Шакир: «Бир кыялдан Дарыйка кыз кабыл алса, сиздин бул терең жакшылык ой албетте бизге макул» – дейт да, Дарыйкага жөнөп, Катран падышанын сөзүн баштан аяк маалым этет. Анда кыз, падышанын вазирине кичипейил, жумшак мүнөздө мындай дейт: «Жумурткадан жарып, чынар уядан учуруп, өмүрлүккө унутулгус тарбиялаган ата-эненин сөзүн кабыл албайт дегенди ойлобоңуз. Бирок да жүрөктөгү талап ушундай: ар ким өз теңин табуу. Андыктан, менин атагым балбандыгым аркылуу өзгөчө болгондуктан, мени ким жыкса атам ошого арноосун сурайм».

Дарыйканын сөзүн Катранга вазир баяндап бүтөт. Кыскача икая акындардан башталат.

Оболу сөз жазамын бысмылдадан,
Укпаган шариятты анык наадан.
Падыша, аким кылып ар бирөөнү,
Жараткан бардык жанды Алла таалам.

Ак кагаз бетин чийип кыска жаздым,
Балбан кыз Дарыйканын икаятын.
Билүүгө жалпы калык тыңда угуп,
Болгонун падыша кыз Дарыйканын.

Оболу сыйынмак парз бир кудайга,
Мусулман жардам тилейт пайгамбардан.
Алланын, Мукамбеттин буйругун кыл,
Барарсың дин мусулман бейиш жайга.

Калемди бысмылда деп учтайын да,
Касалдын жайын айтып козгоюн да.
Баштайын Дарыйка кыз икаятын,
Башка сөз арасына кошпоюн да.

Болуптур Катран деген бир падыша,
Айтамын бул касалды журт тыңдаса,
Кулактын курчу канып бул казалга,
Эшиткен жан кылады бир тамаша.

Өтүптүр Катран да бир күн өзү,
Бул өзү өлөң кылган китеп сөзү.
Дарыйка аттуу сулуу, тууган айдай,
Бар экен падышанын жалгыз кызы.

Дарыйка балбан билди Самарканды,
Ал кыздын кайратына журт таң калды.
Бар бекен эрге тийээр көңүлү деп,
Кызына Катран баатыр киши салды.

Атадан Катран кыз ийменбеди,
Ар ишке жазган чыгаар Эгем деди.
Теңине жеткен азбас деген сөз бар,
Өзүмдөн балбан болсо тийем деди.

Ушундай жооп берди кыз Дарыйка,
Бул кабар эшитилди атасына.
«Күйөөгө беремин деп жыккан жаңга»
Атасы сөз таратты чар тарапка.

Ар жерден аңыз менен балбан келди,
Менсинип жеткен жерден жыгам деди.
Күрөшүп Дарыйкага күчү жетпей,
Күрөшөм деп келгендин баары өлдү.

Бир күнү каза жетип атасы өлдү,
Ордуна атасынын ал олтурду.
Падыша болсо дагы балбан издеп,
Кайрадан жар салдырды оңду-солду.

Тоо сымал заңги келди пилге минип,
Аягы пил үстүндө сүйрөтүлүп.
Дарыйка каарланып ыргытканда,
Сөөгү күл болуп турду күрөтүлүп.

Күрөшүп ким тең келээр мындай эрге,
Кайраты журт бийлеген кемеңгерге.
Күрөшөм деп издеген балбандарга,
Орнотту алтын деңгек майдан жерге.

Көңүлүм ачып шагдан жүрөм деди,
Көз салып мунарамдан көрөм деди.
Алтын деңгек үстүнө келсе балбан,
Күрөшкөнү келгенин билем деди.

Дарыйка отурса да алтын такта,
Жайылды ушул кабар чар тарапка.
Ушундай Дарыйканын даңкы жетип,
Угулду Мединага, Меке жакка.

Дарыйка балаа болду балбандарга,
Атайын эңсеп жүрүп баргандарга.
Эшитип бул кабарды Азирет Аалы,
Руксат сурап барды Пайгамбарга:

Мен сизден руксат сурап келдим деди,
Эшитип Дарыйканы билдим деди.
Мен барып шол кыз менен күрөшөйүн,
Жаа баба маган бата бергин деди.

Пайгамбар барба деди, тилимди алсаң.
Кордукка кабыларсың өзүң барсаң.
Ойлогун текебердик жарабайды,
Ал жерде менменсинген болор сарсан.

Пайгамбар кайгыланып дагын айтты:
Кой балам мактанчылык мындай ишти,
Атайы издеп барып жыксаң жакшы,
Жыкпасан кантесиң сен ар-намысты.

«Барба» деп пайгамбары жооп берди,
«Барам» – деп Азирет Аалы зарлай берди.
Жаа таксыр көңүлүм бар бата бер – деп,
Жалынып кайта-кайта сурай берди.

Жаа таксыр жүрчү элем калкыңызда,
Каапырды койдой кырып аркаңызда.
Күрөшүп барып көрбөй кыздын күчүн,
Курулай коркоюнбу жаныңызда.

Күрөшүп мен көрөйүн кыздын күчүн,
Өрттөндү эшиткен соң ичи-тышым.
Жаа баба сабыр – тагаат кылалбадым,
Барайын бата берчи кудай үчүн.

Отурду ак пайгамбар мойнун салып,
Аалынын бул сапарын көңүлгө алып.
Кыз жыкса а балдары не болот деп,
Пайгамбар шол тууралуу кайгыланып.

Мафузда не иш болсо турaар жазган,
А бирок кооп санайт балбан кыздан.
Аалынын токтобосун билгенден соң,
Пайгамбар бата берди амалсыздан.

Аалынын он жети эр, бар балдары,
Алардын катарында адал жары.
Асан менен Үсөнү оомийин деп,
Фатима бир кудайга кылды зарды.

Окуду напил намаз пайгамбары,
Кол жайып отуз үч миң саабалары.
Аалынын алы кандай болот дешип,
Баарынын көздөрүнөн кетти жашы.

Мубарек кол көтөрүп кылды бата,
Тапшырдым бир өзүңө жалгыз куда.
Яр-рахман Рахматулла бир кудайым,
Үстүн кыл эр Аалыны Дарыйкага.

Дулдулун Аалы Айдар минип алды,
Эл журту амандашып баары калды.
Көргөнчө Дарыйканы кумар болуп,
Самаркан калаасына жол баштады.

Аалы шер Самарканга жетип калды,
Жат айтып сыйынганы пайгамбары.
Жол экен алты айчылык эки арасы,
Дулдулчан алты күндө жетип барды.

Аалы шер Самарканга барды эми,
Айланта шаар ичин карады эми.
Бастырып бир көчөдө келе жатып,
Кемпирге уюн сааган кез келгени.

Кемпирге сүйлөшүүгө Аалы келди,
Тийдиби Дарыйка кыз байга деди.
Атагы жерди жарган Дарыйка кыз,
Көрдүбү балбандыктан пайда деди.

Күтүнүп Мекеден мен келдим деди,
Күрөшсөм Дарыйканы жеңем деди.
Дымагын тыйпыл кылган балбандардын,
Дарыйка ушул күндө кайда деди.

Сен сурап Дарыйканы не кыласың?
Жүздөшсөң эс-акылдан тайгыласың.
Күрөшөм деп келгендер жыгалбастан,
Артына таштап кеткен мал-мүлк башын.

Сөзүңө кемпир сенин таңгаламын,
Көтөрдүң зоболосун Дарыйканын.
Күчүмдү көрбөгөнсүң мурда менин,
Бир кудай билет, билсе ким кандайын.

Сен түгүл жеңемин деп заңги келген,
Күрөшөмүн деп келгендин баары өлгөн.
Алышып адамзаттын күчү жетпес,
Кайратын Дарыйканын көзүм көргөн.

Адамга бермек-алмак бир Кудайдан,
Жарабас бир айткан сөз сырттан тыйган.
Кайрадан мактаганың Дарыйка кыз,
Кандай жан экендигим билдиң кайдан?

Күрөшөм деп келген адамдардын,
Көп көрдүм Дарыйкадан жыгылганын,
Ошонун бири болбой акыл калчап,
Кайтадан тек үйүңө кайтып баргын.

Расул Алладан бата алып, Медина шаарынан алты айлык жолду алты күндө Дулдул менен басып келип, эми бир кемпирдин айтуу боюнча кабар билбей кетмек белем. Не болсо да сөз көрсөтүп бир сурап көрөйүн, – деп, Азырет Аалынын айтып турганы:

Эми чын ачуум келээр кемпир саган,
Болосуң ачуулансам иттен жаман.
Оболу Дарыйканын жайы кайсы,
Эртерээк өлбөй туруп айтчы маган?!

Аалынын кайрат-түсүнөн чочулап, кемпирдин Дарыйка жөнүн баян кылганы:

Эми шаа мени карай мойнуңду бур,
Убалың өзүңөдүр айтайын сыр.
Шаардын ортосунда бир чоң майдан,
Бар дагы алтын деңгек түбүнө тур.

Дарыйка тамашаны күндө көрөөр,
Башында бурананын ойноп-күлөөр.
Алтын деңгек түбүнө барып турсаң,
Күрөшкөнү келгениң айтпай билээр.

Адамга бермек-алмак бир Кудайдан,
Жарабас бир айткан сөз сырттан тыйган.
Кайрадан мактаганың Дарыйка кыз,
Кандай жан экендигим билдиң кайдан?

Күрөшөм деп келген адамдардын,
Көп көрдүм Дарыйкадан жыгылганын,
Ошонун бири болбой акыл калчап,
Кайтадан тек үйүңө кайтып баргын.

Расул Алладан бата алып, Медина шаарынан алты айлык жолду алты күндө Дулдул менен басып келип, эми бир кемпирдин айтуу боюнча кабар билбей кетмек белем. Не болсо да сөз көрсөтүп бир сурап көрөйүн, – деп, Азырет Аалынын айтып турганы:

Эми чын ачуум келээр кемпир саган,
Болосуң ачуулансам иттен жаман.
Оболу Дарыйканын жайы кайсы,
Эртерээк өлбөй туруп айтчы маган?!

Аалынын кайрат-түсүнөн чочулап, кемпирдин Дарыйка жөнүн баян кылганы:

Эми шаа мени карай мойнуңду бур,
Убалың өзүңөдүр айтайын сыр.
Шаардын ортосунда бир чоң майдан,
Бар дагы алтын деңгек түбүнө тур.

Дарыйка тамашаны күндө көрөөр,
Башында бурананын ойноп-күлөөр.
Алтын деңгек түбүнө барып турсаң,
Күрөшкөнү келгениң айтпай билээр.

Аалы шер Самарканга жетип калды,
Жат айтып сыйынганы пайгамбары.
Жол экен алты айчылык эки арасы,
Дулдулчан алты күндө жетип барды.

Аалы шер Самарканга барды эми,
Айланта шаар ичин карады эми.
Бастырып бир көчөдө келе жатып,
Кемпирге уюн сааган кез келгени.

Кемпирге сүйлөшүүгө Аалы келди,
Тийдиби Дарыйка кыз байга деди.
Атагы жерди жарган Дарыйка кыз,
Көрдүбү балбандыктан пайда деди.

Күтүнүп Мекеден мен келдим деди,
Күрөшсөм Дарыйканы жеңем деди.
Дымагын тыйпыл кылган балбандардын,
Дарыйка ушул күндө кайда деди.

Сен сурап Дарыйканы не кыласың?
Жүздөшсөң эс-акылдан тайгыласың.
Күрөшөм деп келгендер жыгалбастан,
Артына таштап кеткен мал-мүлк башын.

Сөзүңө кемпир сенин таңгаламын,
Көтөрдүң зоболосун Дарыйканын.
Күчүмдү көрбөгөнсүң мурда менин,
Бир кудай билет, билсе ким кандайын.

Сен түгүл жеңемин деп заңги келген,
Күрөшөмүн деп келгендин бары өлгөн.
Алышып адамзаттын күчү жетпес,
Кайратын Дарыйканын көзүм көргөн.

Адамга бермек-алмак бир Кудайдан,
Жарабас бир айткан сөз сырттан тыйган.
Кайрадан мактаганың Дарыйка кыз,
Кандай жан экендигим билдиң кайдан?

Күрөшөм деп келген адамдардын,
Көп көрдүм Дарыйкадан жыгылганын,
Ошонун бири болбой акыл калчап,
Кайтадан тек үйүңө кайтып баргын.

Расул Алладан бата алып, Медина шаарынан алты айлык жолду алты күндө Дулдул менен басып келип, эми бир кемпирдин айтуу боюнча кабар билбей кетмек белем. Не болсо да сөз көрсөтүп бир сурап көрөйүн, – деп, Азырет Аалынын айтып турганы:

Эми чын ачуум келээр кемпир саган,
Болосуң ачуулансам иттен жаман.
Оболу Дарыйканын жайы кайсы,
Эртерээк өлбөй туруп айтчы магаң?!

Аалынын кайрат-түсүнөн чочулап, кемпирдин Дарыйка жөнүн баян кылганы:

Эми шаа мени карай мойнуңду бур,
Убалың өзүңөдүр айтайын сыр.
Шаардын ортосунда бир чоң майдан,
Бар дагы алтын деңгек түбүнө тур.

Дарыйка тамашаны күндө көрөөр,
Башында бурананын ойноп-күлөөр.
Алтын деңгек түбүнө барып турсаң,
Күрөшкөнү келгениң айтпай билээр.

Кемпирден Аалы сурап баарын билди,
Дүйнөдө ким көрүптүр мындай эрди.
Дулдулду бир жыгачка байлай салып,
Түбүнө ал деңгектин барып турду.

Дарыйка ой бөлүштү кары-жашка,
Бир жүргөн өзү менен акылдашка:
Мен менен күрөшпөгөн Аалы калды,
Балбандын баарын жыктым андан башка.

Бар эми Мединада Аалы балбан,
Жапжалгыз күрөшелек ошол калган.
Күрөшүп шол Аалыны өзүм жыксам,
Үзүрүн көргөнүм ал балбандыктан...

Ушундай деп турганда Аалы келди,
Түбүнөн деңгегин көзү көрдү.
Ким экен тиги турган билип кел деп,
Дарыйка жумшай калды бир жөөкөрдү.

Ал жөөкөр эр Аалыга жете келди,
Арстан сындуу айбат сүрүн көрдү.
Турпатын эр Аалынын көргөндөн соң,
Калтырап тула бою дүркүрөдү.

Жөөкөрү сүйлөшпөстөн кетти качып,
Билбеди не айтаарын катуу шашып.
Алдына Дарыйканын кирип барып,
Жаздады падышанын өзүн басып.

Сен коркуп жетип келдиң кимден качып,
Көзүңө не көрүндү мынча шашып.
Калтырап тула боюң жин ургандай,
Олтурдуң чиркин неге кара басып?

Бир адам тур түбүндө деңгегиндин,
Жеталбас аган алы кимде-кимдин.
Жан экен түсү суук бек айбаттуу,
Суроодон корктум чыны ким экенин.

Эркек деп тууду сени апаң деди,
Уялбай не деп айттың маган деди.
Ал өзү адам бекен, пери бекен,
Көрүнгөн алда кандай саган деди.

Эмесе ал адамга мен барайын,
Балбандын жоготкомун бир далайын.
Дөө болсо, пери болсо сөз сеники,
Табылаар адам болсо сенин жайын.

Дарыйка ачууланып өзү келди,
Аалынын айбаттуусун көзү көрдү.
Түсү суук киши экен айтканындай,
Жөн сурап эр Аалыга «кимсиң?» деди.

Каяктан келдиң мында айтчы маган,
Атың ким, кай насилден ата-бабаң?
Бул элден түрүң бөлөк Аалысыңбы?
Көрбөдүм түсү суук сендей адам!

Бабам менин Мукамбет ак пайгамбар,
Жолдошум, дубакөйүм чарыярлар.
Турган жерим Медина Мунабарда,
Сурасаң менин атым Аалы Айдар.

Сен өзүң Аалы болсоң эми деди,
Кудайым тилегимди берди деди.
Өзүм да издеп барган жүрчү элем,
Өзүңдү Кудай айдап келди деди.

Кылганың өз башыңа келет эми,
Кырыпсың балбансынып далай элди.
Бул өзү жаман эмес, жакшы белги,
Кудайым айдап сени мага берди.

Мен издеп күрөшкөнү келдим саган,
Сен мени аябагын келсе чамаң.
Бекерге мактанасың жыкпай туруп,
Жетээрин кайдан билдиң жыкпай туруп.

Сен менин дегениме көнөсүңбү,
Жөнүнчө эрегишпей жүрөсүңбү?
Жыгылсам анда сага тийейин мен,
Жыгылсаң каапыр динге киресиңби?

Өзгөчө бир жаралган шердин шери,
Сөзүнө Дарыйканын терикпеди.
Аалыда кача турган мүнөз барбы,
Тартынбай «куп болот» деп жооп берди.

Анда кыз журттун баарын жыйып алды,
Саймалуу зоот киймин кийип алды.
«Кор кылбы Дарыйкага Кудайым» деп,
Эр Аалы бир Кудайдан тилеп атты.

Келатса жайдактанып Дарыйка кыз,
Эр Аалы тобокелдеп отур жалгыз.
«Күрөшүн-тамашасын көрөбүз деп,
Жыйылды Самаркандын калкы сансыз.

«Жараткан боло көр – деп,– жанга паана»,
Айкырды айбаттанып Аалы анда.
Каапырдын каны-балбан Дарыйканы,
Ал-күчүн капилеттен качырмакка.

Айкырат Аалы баатыр айбаттанган,
Бул кандай жер козголгон акыр заман?
Жыйылган каапырлардын эси кетип,
Жүрөгү жарылгандан өлүп жаткан.

Дулдулду Аалы минди, кыз Керикти,
Тартышты ат үстүндө бирин-бири.
Жанына даап адам баралбаган,
Алардын балбандыгы бир билинди.

Эр Аалы оозун жыйбай Кудайлады,
Эңишип бирин-бири алалбады.
Экөөнүн күч-кубаты бирдей болуп,
Аттары бир орундан жылалбады.

Тартканда Аалы кармап желкесинен,
Жазганып, же таңган жок кыз эсинен.
Экөөсү бирин-бири тартышканда,
Аттары жерге кирди тизесинен.

Кеткен жок бирөөсүнөн бирөө озуп,
Турган жок бирөөсүнөн бирөө коркуп.
Атынан түшө калып шапа-шупа
Күрөштү эки балбан коюн колтук.

Тартышты бири-бирин кезек-кезек,
Аянып турушкан жок боюн түзөп.
Алышкан экөөсүнүн зардабынан,
Казылды кырман болуп тереӊ өзөн.

Жыйылды тамашага тамам калык,
Жыгат деп кайсынысы айран калып.
Тири жан кызыгынан тамак ичпей,
Шам жагып карап турду баары барып.

Алышты дем албастан нечен күнү,
Тилектеш Дарыйкага ага-ини.
Сыйынат: «А Кудайлап!» – анда Аалы,
Тыныкпай күрөшкөндө күнү-түнү.

Көрбөгөн Аалы мурда мындай ишти,
Ким чыгаар адамзаттан кыздай күчтүү.
Он беш күн намаз каза болгондон соң,
Ошондо барып Аалы ойго түштү:

«Ашпады Дарыйкадан алы-күчүм,
Намазым каза болду он беш күнү.
Келейин өтөп каза намазым» – деп,
Эр Аалы Дарыйкадан жоон күттү.

Күрөшкөн Дарыйка кыз колуңду жаз,
Он беш күн каза болду беш маал намаз.
Намазым каза болгон себебинен,
Болуп жатам мен сени эч жыгалбаз.

Аалы шер бир өзүңө кумар элем,
Азыраак турганыңда жыгаар элем.
Анчалык суранбасаң болот эле,
Армандуу болбосун деп койо берем.

Келейин мен да барып тамактанып,
Он беш күн уктабадым мээрим канып.
Оку да намазыңды, ылдам келгин,
Коркоктук кылып качпа сөздөн танып.

Бир тоого барып Аалы жалгыздады,
Беш убак намазына жыгылганы.
Окулуп бүткөндөн соң каза намаз,
Аллага мунажат деп зар ыйлады.

Кудай а, нур Мукамбет, Керим дедиң,
Атымды өзүң сүйүп шерим дедиң.
Үстөм кыл Дарыйкага мөрөйүмдү,
Ар жерде мөрөйүмдү берип келдиң.

Медет бер карыбыңа Зулжалалым,
Өзүңдөн жардам тийсе жетээр алым.
Алланын арстаны дечү элең,
Бир кызга не себептен келбейт алым?!.

Абалы теңиримди жат айтамын,
Жар болуп колдо мени жаратканым.
Билинди Азиретиңе керектигиң,
Медет бер нур Мукамбет пайгамбарым.

Жок калды балбан кызды жыгаар тейим,
Жар болгун кысылганда Эгем деймин.
Я-Алла! Абу-Бакир, Өмүр, Осмон
Жардам бер, ансыз алсыз пендедеймин.

Саа баба отуз үч миң жолдопторум,
Ар кимиң миң кишилик жолборсторум.
Неликтен жалгыз таштап жолдош болбой,
Бириң да ушундайда колдошподуң.

Тилектеш болгон мага Гүлпүйна жар,
Кол жайып оомийин дээр периштелер.
Алардын жардамдарын аяндырбай,
Теңирим эр Аалынын тилегин бер.

Аалынын кысылганын Расул билди,
Алакан жайып анда дуба кылды.
Дубасын кабыл кылдым досума айт деп,
Жиберди Алла таала Жебирейилди:

Майданга Аалы кайтып барсын деди,
Айгайды чындап катуу салсын деди.
Бат эле жыгат эми Дарыйканы,
Өлтүрбөй нике кыйып алсын деди.

Аалы шер бачым барсын бул майданга
Тамаша кудуретин көрсүн анда.
Алган соң Дарыйканы уул табаар,
Баланын атын койсун Шайызында.

Жебирейил пайгамбарга кабар берди,
Бул кезде пайгамбардын сарсаң кези.
Кудаанын кудуретин эшиткен соң,
Кубанып Расулдун калган кези.

Аалы шер жакшылыктан үзбөй үмүт,
Жатты уйку-соордо көзүн сүзүп.
Жарлыгын бир Алланын баштан аяк,
Пайгамбар аян кылды түшкө кирип.

Кубанып Азирет Аалы тура келди,
Кудайга миң мертебе шүгүр деди.
Намазын ыклас менен окуй калып,
Майданга шарт атганып жүрө берди.

Отуз кой, жүз кара нан, тамак келди,
Баарысын Дарыйка кыз жалгыз жеди.
Суусунга жарты көлдүн суусун ичип,
Майданга кыз Дарыйка тура келди.

Күчтөнүп келдим, кардым чоң тойгузуп,
Сен ичтиң кайдан тамак, чай койгузуп.
Ачык айт керегиңди, арман калба,
Берейин кардың ачса мал сойгузуп.

Айтасың муну не деп акылы кем,
Алданган кур дүйнөгө акмаксың сен.
Динимдин чын барлыгын мындан билгин,
Тамакты жебегеним жегенге тең.

«Акмаксың» дегенине ачууланды,
Кыпкызыл болуп бети оттой жанды.
«Эмесе кесирлүү шаа бери бол?!» – деп,
Дарыйка эр Аалыга жетип барды.

Ыкчамдап эки балбан айгай салды,
Ыкшалып бирин-бири белден алды.
Экөөсү теңтайлашып жулкушканда,
Жер копшуп, эл коркондон айран калды.

Жай болбой балбандарга аттын үстү,
Жер үстү жердигинен араң түттү.
Аалы шер жерден жулкуп Дарыйканы,
Асманга топтой жеңил так көтөрдү.

Айлантып калк көзүнчө үч мертебе,
Асманга шилтеп ийди тегерете.
Караанын Дарыйканын таппай издеп,
Калайык көктү карайт, тиктеп кечке.

Аңгыча Аалы кызга назар салды,
Айтканын пайгамбардын эске алды.
Сөөгү күл болбосун деп жерге тийсе,
Кол менен Дарыйканы тосуп алды.

Дарыйка айтат анда: «Оо арстан,
Түшүмдө Кудай көшкөн сизди маган.
Тик гана аягымдан жерге койгун,
Жыгылды деп айтпасын көргөн адам».

Муназа ыя Кудай шүгүр деди,
Мусулман динин кабыл туттум деди.
Мындан соң Дарыйка кыз элин жыйып,
«Мен туткан динди баарың туткун» – деди.

Тамам калк чын мусулман болуп калды,
Кудайдын буйругуна ынап баары.
Эр Аалы Дарыйкага нике кыйып,
Үйүнө падышанын кирип алды.

Салдырып медресе, мечиттерди,
Каапырдын канаттарын кыйган кези.
Шарият жолу менен таалим берип,
Аалынын көңүлү бир тынган кези.

Эр Аалы тура берсин Самарканга,
Үйрөтүп ыйман, ислам бардык жанга.
Боюнда бар экени Дарыйканын,
Бир күнү маалым болду Арстанга.

Жүктүүсүн Дарыйканын Аалы билди,
Кудайым бергениңе шүгүр деди.
Канимет кылып Аалы уктап жатса,
Түшүнө Расул кирип кабар берди.

Ээ балам, Мединаны унуттуңбу,
Көөнүңдү Фатимадан сууттуңбу?
Асан менен Үсөндөй балдарыңды,
Тирүүлөй жетим кылып куруттуңбу?

Жолдошуң чадыярлар Мединада,
Саа баба отуз үч миң баары мында.
Барганың алты ай болду Самарканга,
Кечикпей тезирээк кел, балам, мында.

Алланын маңдайына жазганы да,
Дарыйка мында келбей турсун анда.
Алты айлык аманат бар курсагында,
Тууган соң атын койсун Шайызында.

Аалы шер көзүн ачып тура келди,
Азырле Мединага жетем деди.
Пайгамбар аян берип түш көргөн соң,
Сагынып балаларын зеңгиреди.

Дарыйка, кайгырбагын көтөр башты,
Кайткын деп бабам маган кабарлады.
Кетемин, сен каласың, – дегенден соң,
Дарыйка күйүп-жанып зар ыйлады.

Дарыйка көп кайгырып тартпа жабыр,
Тагдырга моюн сунуп, кылгын сабыр.
Алланын жазганына барбы чара,
Өлбөсөк көрүшөбүз заман акыр.

Зар ыйлай берип кээде эстен тана,
Дарыйка амалсыздан айтат анда:
Расул пайгамбардын жүзүн көрүп,
Изине таат кылып келсем кана?!

Келейин мен барып Мединага,
Отуз үч миң сааба, төрт чарыярга.
Асан менен Үсөндүн жүзүн көрүп,
Кайтайын учурашып Фатимага.

Сиз менен барып анда калбасам да,
Изине тооп кылып пайгамбарга:
«Кыямат машкар күндө колдой көр?!» – деп,
Келейин зыярат кылып Мединага.

Көрөйүн Мединанын Мунабарда,
Жүрөгүм сиз кеткенден болор барча.
Мубарек пайгамбардын жүзүн көрсөм,
Тобо! – деп, тынаар элем мен бечара.

Дарыйка алдан тайып болбо сарсан,
Сабыр кыл, шүгүр дегин тилимди алсаң.
Амирин пайгамбардын тарых кылып,
Күнөөгө кириптерсиң анда барсаң.

Алладан пайгамбарга убай келген,
Андыктан бабам мага кабар берген.
Кашында ушулардын тургандайсың,
Бабамды, мени дагы сыйлай билсең.

Ак жүрсөң биздин жанда тургандайсың,
Барам десең каршылык кылгандайсың.
Буюрган бир Алланын амирин тут,
Пайгамбар шакбатынан кур калбайсың.

Адалдык менен болдуң маган катын,
Пайгамбар шакбатынан кур калбассың.
Алты айлык курсагыңда аманат бар,
Тууган соң Шайызында койгун атын.

Дарыйка ыраазы бол, руксаат бер,
Ак жүрсөң дүнүйөдө болбоссуң кор.
Алланын буйругун кыл, диниңди тут,
Айтканым насыйкат бул мааниси зор.

Кош, эми Дарыйка! – деп колун берип,
Учкаяк Дулдулуна шаша минип.
Шарыят жолун бекем тапшырдым – деп,
Аалы шер Мединага келди жетип.

Кудай артык жараткан Аалы Айдарды,
Мубарек амандашты пайгамбары.
Фатима балдар менен тосту жана
Отуз үч миң сааба, төрт чарыяры.

Дарыйка Самарканда жалгыз жатты,
Аалыны ойлоп жашы көлдөй акты.
Арманы ашып, кээде шүгүр кылып,
Айткандай Дарыйка анан уул тапты.

Туулуп уул кабар берди жалпы калкка,
Бирөөсү калбай келди Самарканга.
Аалынын осуятын тутунушуп,
Балага ат коюшту Шайызында.

Тири жан жаш баланы эркелетти,
Шер Аалы бизге берген белек деди.
Жетиге жашы толгон кезегинде,
Билимдүү аалымдарга жетектетти.

Көз кырын албай аалым «оку – деди,
Көңүлгө акыл-өнөр току» – деди.
Олбурлуу жигиттерден артык эле,
Оюнсаак жаш баланын бой келбети.

Кай жерде оюн болсо издеп барды,
Катылган шок балдарга кыргын салды.
Черткенде Шайызында ачууланып,
Четинен далай балдар өлүп калды.

Кабылса бүт балдардын жайнап көзү,
Жалдырап Шайызынга үндөбөдү.
Эч кими эр Аалынын урматы үчүн,
Эч качан ачууланып сүйлөбөдү.

Көпчүлүк даттанышты апасына,
Дарыйка «Кой!» – деп айтты баласына.
Адатын а баласы коё албады,
Күч-кубат денесине сыйбаганга.

Кары -жаш кароол болду баласына,
Чыгарбай Самаркандын талаасына.
Жалгыз жүр Шайызында сабак окуп:
«Балдардын калбайын – деп, – балаасына».

Келаткан Шайызында көчө кесип,
Ойноорго бала жоктон ал зеригип.
Жанынан тап жылдырбай бир баласын,
Бир кемпир отуруптур терме терип.

Карааны көрүнгөндө Шайызындын,
Калчылдап корккон бала төктү жашын.
«Сен неге ыйлайсың?» – деп ачууланып,
Жүгүрүп жетип барды ага жакын.

Себебин билбегенге жини келди,
Чекеге чертип: «Мына сага!» – деди.
Баласы мурт кеткенин көрө коюп,
Ал кемпир зарлап ийди, кайнап кеги.

Балдарын шаардын койбой кырдың, жедиң,
Тапсаңчы атаңды издеп тири жетим.
Деп ыйлап, кемпир зарлап жибергенде,
Элейип Шайызында тыңдады кеп.

Тирүүлөй жетим дедиң неге мени,
Атамдын дайнын кайдан билем эми.
Жарыктык, жашырбай бүт айтыңызчы,
Атамды азыр эле издейм! – деди.

Сурасаң атаң аты Аалы Айдар,
Турган жери Медина Мунабара.
Кыдырып киши өлтүрбөй атаңды тап,
Кырчындай жаш балдарда сенин нең бар?!

Укту да Шайызында айран калды,
Ушундай тагдырына кайгыланды.
«Айтсаңчы, чын сырыңды апаке!» – деп,
Армандуу Дарыйкага азап салды.

Дарыйка кайгыланды шондо туруп,
Айтты деп кандай киши Кудай уруп.
«Балама ата-жөнүн билдирбе» – деп,
Тыйыпмын, элди бекер бөөдө кууруп.

Атамдын дайны кандай, билейинчи?
Атыкпай «тирүү жетим», издейинчи.
Атасыз Самарканда жүргөнчөктү,
Ак уруп дербиш болуп кетейинчи?!

Жанында канча жылы катар жүрдүм,
Кашыңда эч капарсыз ойноп-күлдүм.
Атама тез жетейин руксат бер,
Атасыз жашоого эми жок көңүлүм.

«Атакең аман болсо өзү дагы,
Кайрылып келээр маалы болуп калды.
Таштаба мени жалгыз!» -деген өңдүү
Кирбеди кулагына жалынганы.

Атасын издеп алыс жүрмөк болду,
Алланын не салганын көрмөк болду.
Баланын токтобосун билгенден соң,
Дарыйка руксат этип, бата берди.

Атасын издеп бала жолго түштү,
Карабай эрме чөлгө, күн-түн жүрдү.
Нечен ай жол жүрсө да Шайызында,
Табалбай Мединаны жүдөп бүттү.

«Бир Алла кубат берсин карыш балам,
Тарткын, – деп, – кара жерди танабынан».
Бир кезде Кыдыр колдоп Шайызынды,
Жеткирди Мединага эсен-аман.

Учунтип Мединага жетип алды,
Тил билбей бирок катуу жүдөп калды.
Илгиртпей кайып болуп жеткен жандын,
Кимдигин же билалбай кейип атты.

Чыдабай атасына кезиккенче,
Кыдырат шаар ичин кеч киргенче.
«Кайтсамбы, Самарканга? – деп да ойлойт,
Тил билбей бөтөн элде тентигенче!..»

Ыйлады Шайызында ойноп-күлбөй,
Ымала санап бирөө, же сүйлөшпөй.
Каңгыды Мединанын көчөсүндө,
Атасын табарынан күдөр үзбөй.

Пайгамбар кан жол менен бараткanda,
Кайчылаш өтө берди Шайызында.
«Бизге окшош кайсы бала, мына бул?» – деп,
Пайгамбар карап турду айран кала.

Көчөдө көпкө басып кете берди,
Көрүнгөн көпчүлүктүн көбүн сезди.
Бул жерге жыйылгандар ким экен? – деп,
Жүгүрүп Шайызында жете келди.

Алаксып кур санаадан, көңүлдөнүп,
Отурду, Шайызында зоок көрүп.
Чогултуп бир топ элди Азирет Аалы,
Жатыптыр өз балдарын күрөштүрүп.

Күрөштү карай берип Шайызында,
Күрөштүн батып барат кызыгына.
Таң калып отурганча муну карап,
Күрөшсөм, – дейт, – ээ болбой чыдамына.

Балдары менден жатсып качпас бекен,
Батынып кантип руксат алсам экен?
«Балдарың менен мен да күрөшөйүн,
Мага да ата руксат берсең экен?»

«Эмесе күрөшө кой, балам, – деди,
Айтпаймын күрөшпө деп саган деди.
Күрөштү өзүң тилеп каалаган соң,
Бөөдөдөн бей үмүттө калба»– деди.

«Күрөшсөң кел бери»– деп, Асан барды,
Ныкташып бел кырчоодон бекем алды.
Колуна тиер менен Шайызында,
Көтөрүп эр Асанды жерге чапты.

«Жыгылды агам сенден неликтен?!»– деп,
Жинденип атаандашын Үсөн жектейт.
Кармашкан менен канча эки балбан,
Үсөндүн Шайызынга алы жетпейт.

Көпчүлүк таңгалычтуу карап турду,
Күрөштүн тамашасын жактап турду.
Көрсөтүп үстөмдүгүн, жерден таптак
Үсөндү Шайызында алып урду.

Жыгылып эки агасы калганында,
Шып чуркап жетип келди Анапия.
Шап этип эки балбан кармашканда,
Арада Азирет Аалы болду пайда.

Ыңгайы келе калган Шайызында,
Лып гана так көтөрүп жыгарында.
Илгиртпей Аалы колдон жулуп алды,
Шектенип Анапия дарманына.

Аалы шер ачууланды капаланып,
Балдары жыгылганга намыстанып.
«Күрөшкүн мени менен эми!» – деди,
Жүзүнөн каны качып каарланып.

«Жыгылды балдарыңыз баары бирден,
Жыгылсам уяты жок ата сизден.
Күрөштөн качпасаңыз мен качпайын,
Турасыз жыгылсаңыз кантип жерден?!»

Эр Аалы ызаланып: «Сени! – деди,
Карылык мага шылтоо эмес!» – деди.
Эр Аалы каарланып жулкуганда,
Ордунан Шайызында кебелбеди.

Дүйнөдө ким билиптир мындай ишти,
Көпчүлүк көрмөйүнчө ишенбейттир.
Аалыны Шайызында ыргытканда,
Кырк кадам жерге түштү тикесинен.

Бул ишке Аалы Айдар калды айран,
Мындайды көргөн эмес тири жандан.
Баланын үшү кетип калтырады,
Аалынын заарланган зардабынан.

Тиленип бир кудайдан, бала деди:
«Мукамбет Расул Алла бабам – деди.
Асан, Үсөн аталаш агаларым,
Сыйындым атам Аалы саган деди.

Фатима апам менин жардам бергин,
Жар болгун кысылганда маган – деди.
Күрөшкөн Аалы менен он жети күн,
Колдой көр эр Дарыйка апам» – деди.

Эр Аалы муну эшитип айран калды,
Баланын келбетине назар салды.
Өз баласы экенин тааныган соң,
«Ой, балам! Атаң мен» – деп, сүйүп алды.

Эсен-соо эр жеттиңби карып балам,
Турабы сак-саламат Дарыйка апаң?
Жүзүңдү тирүү көрдүм мен ыраазы,
Аллага миң мертебе шүгүр кылам!

Атасы экендигин бала билди,
Карышкан колун жайып коё берди.
Тааныбай адепсиздик иш кылдым деп,
Зарланып Шайызында кайгы жеди.

Бетинен Аалы сүйүп: «Койгун эми,
Кетели үйгө» – десе, «Барбайм! – деди.
Кай бетим менен жүрөм уялбастан,
Атама, эки агама колум тийди».

Зарланып Шайызында төктү жашты,
Заматта боло түштү санаа басты.
«Кай бетим менен көрөм силерди» – деп,
Жулкунуп карматпастан тура качты.

Артынан Азирет Аалы кууп барат,
Жеткирбей Шайызында чуркап барат.
Түгөтүп бүт айласын эр Аалынын,
Аскалуу тоону беттеп узап барат.

Жеталбай Азирет Аалы кайтып келди,
Дулдулун минип алып кууп кирди.
Карааның көз алдыда үзүп кеткен,
Баланын дайнын эми кантип билди?!

«Бир көрүп перзентимден айрылдым» – деп,
Аалы шер зарын айтат зарэңгиреп.
Үңкүргө кире качкан баласынан,
Дегеле тирүү жандан ким түңүлөт?!

Саа баба отуз миң, төрт чарыяр,
Жана да сан жетпеген элин жыйнап.
Аалы шер тоону казып болсо дагы,
Баласын таптырмакка ниет кылган.

Бул кабар угулуптур Расулга,
Аалыга Расул айтат: «Мындай кылба,
Бул ишти жараткандан тиленели,
Сабыр кыл, Аалы баатыр, бир аз чыда».

Алладан Расул миң сан тилениптир,
Расулга Жебирейилди жибериптир.
«Ушундай мафузада жазылган деп,
Машкарда Имамадин чыгат дептир...

Үңкүрдү бала мекен кылаар деди,
Болгондо акыр заман чыгаар деди.
Колго алып жоо-жарагын, андан кийин
Казатты каапырларга кылаар деди...

Айрылып сүйгөн жардан, баладан да,
Дарыйка туруп калды Самарканда.
Буйругун бир Кудаанын эки дебей,
Оюнан кайткан экен эр Аалы да.

Аягы бул казалдын мына ушундай,
Казалды мусулманга жаздым далай.
Калкыман өтүнөмүн дуба кыл деп,
Казалды окуган соң унут калбай!

**Кээ бир сөздөрдүн түшүндүрмөсү:**
Кыса – баян
Заңги – (чыгыш миф каарманы)
Медина – Мукамбет пайгамбар туулган жер
Манфуз – адам тагдырынын абалкы жазмышы
Сааба – пайгамбар чоросу
Чарыяр – Мукамбеттин төрт баш окумдарынын бири
Дулдул – Аалы пайгамбардын тулпары
Диңгек – калаа ортосундагы чоң мамы
Мунажат – Кудайга тобо кылуу
Зулжалал - Алланын каймана аты
Машкар (Мошкор, Машаяк, Иисус Христос)– керип өлтүргөн расими

Артынан Азирет Аалы кууп барат,
Жеткирбей Шайызында чуркап барат.
Түгөтүп бүт айласын эр Аалынын,
Аскалуу тоону беттеп узап барат.

Жеталбай Азирет Аалы кайтып келди,
Дулдулун минип алып кууп кирди.
Караанын көз алдыда үзүп кеткен,
Баланын дайнын эми кантип билди?!

«Бир көрүп перзентимден айрылдым»– деп,
Аалы шер зарын айтат зарэңгиреп.
Үңкүргө кире качкан баласынан,
Дегеле тирүү жандан ким түңүлөт?!

Саа баба отуз миң, төрт чарыяр,
Жана да сан жетпеген элин жыйнап.
Аалы шер тоону казып болсо дагы,
Баласын таптырмакка ниет кылган.

Бул кабар угулуптур Расулга,
Аалыга Расул айтат: «Мындай кылба,
Бул ишти жаратқандан тиленели,
Сабыр кыл, Аалы баатыр, бир аз чыда».

Алладан Расул миң сан тилениптир,
Расулга Жебирейилди жибериптир.
«Ушундай мафузада жазылган деп,
Машкарда Имамадин чыгат дептир...

Үңкүрдү бала мекен кылаар деди,
Болгондо акыр заман чыгаар деди.
Колго алып жоо-жарагын, андан кийин
Казатты каапырларга кылаар деди...

Айрылып сүйгөн жардан, баладан да,
Дарыйка туруп калды Самарканда.
Буйругун бир Кудаанын эки дебей,
Оюнан кайткан экен эр Аалы да.

Аягы бул казалдын мына ушундай,
Казалды мусулманга жаздым далай.
Калкыман өтүнөмүн дуба кыл деп,
Казалды окуган соң унут калбай!

**Кээ бир сөздөрдүн түшүндүрмөсү:**

Кыса – баян

Занги – (чыгыш миф каарманы)

Медина – Мукамбет пайгамбар туулган жер

Манфуз – адам тагдырынын абалкы жазмышы

Сааба – пайгамбар чоросу

Чарыяр – Мукамбеттин төрт баш өкүмдарынын бири

Дулдул – Аалы пайгамбардын тулпары

Диңгек – калаа ортосундагы чоң мамы

Мунажат – Кудайга тобо кылуу

Зулжалал - Алланын каймана аты

Машкар (Мошкор, Машаяк, Иисус Христос)– керип өлтүргөн расими

# КАЛК ИЧИ КАЗЫНА

## Кыпчагаалы казы
### *(1891–1937)*

Кочкор районундагы Кызыл-Дөбө айылынын тургуну Токбай уулу Кыпчагаалы кезинде, ошол айылдагы Кожобек молдодон сабатын жойгон. Кожобек молдо арабча эркин окуп жана жаза билген, өз мезгилиндеги эң билимдүү молдолордун бири экен.

Кыпчагаалы Пишпектеги Алым төрөгө экзамен бергенден кийин, «Уфадан окуумду улантсам деген оюм бар эле» дептир. Анда Алым төрө: «Сенин окууң бүтүптүр. Аякка барсаң деле ушунча окуйсуң. Сага документ берсе болот» – деп, (мусулманча 1325-жыл) «Казы-Мупту» деген наам ыйгарган документти тапшырат. (Бул документ Кыпчагаалы казынын уулу Дөөталынын колунда азыр да сакталуу).

Ушундан кийин Кыпчагаалы ислам дини үчүн ак кызмат өтөп, элди билимге үндөп, атасы Токбайдын жолун жолдоп дыйканчылык менен күн көрөт. Ошого карабастан элге таасирдүү дин өкүлү катары өкмөт тарабынан айыпталып, 1937-жылы 14-августта (46 жашында) эгин оруп жүргөн жеринен кармалып кетет. Тагдыры белгисиз болуп жүрүп, КГБнын кызматкерлери «ошол эле жылы 30-ноябрда атылган» деп, кийинчерээк «1945-жылы каза болгон» деген билдирүүлөр келген.

Эң өкүнүчтүүсү: ошол каардуу жылдарда Кыпчагаалы казынын китептери тоо-таштын арасындагы ар кайсы үңкүрлөргө катылып, кийинчерээк атайын алыстан ат арытып келип, кадыр салып сураган кишилерге берилип отуруп чоң коромжу болгон. Ошентсе да ата мурасын аздектеп асыл сөздөрүн көкүрөккө түйүп калган, араб алфавитин өз алдынча үйрөнүп, атасынын кол жазмаларын окууга мүмкүнчүлүк алган Дөөталы Кыпчагаалы уулунун изги аракетинин мааниси тереңде жаткандай...

Согуштун жана эмгектин ардагери, ардактуу эс алуудагы педагог Дөөталы агай азыркы турмуш, дегеле таңсыкка айланып бара жаткан ыймандуулук жөнүндө ой толгой отуруп, Кыпчагаалы казынын кол китебинен «Амур Маруп, Нахи Мүңкөрдүн» ыр түрүндө чечмеленип жазылган бөлүгүнөн окуп берди. Барактары эчак бириндеп, а түгүл жыртылып бараткан кол китепти агайдан алып, өз алдымча окуй албагандагы арманым ай! Кары киши улам тынып коюп, аз-аздан окуса «сурап ичкендей» болуп, алымсынбаганымды кантейин. Ошентсе да бар чыдамым менен аягына чейин угуп, акыры «мындай материалдар жаштардын гана эмес, ар бир кишинин жан дүйнөсүнүн гүл азыгына айланышына муктаждык бар го» деген үмүттө үзүндү келтиремин.

## АМУР МАРУП, НАХИ МҮҢКӨР

*(Кудайдын айтканын кылып, тыйганындай жүрүң)*

Чын ыйнанган момундар
Амур Маруп тыңшагын.
Алла тыйган иштерди,
Адам болсоң кылбагын.

**Эң биринчи** парз болот,
Адал жүрүү момунга.
Адалдыкка жүз буруп,
Арамдыкка оолукпа.

Ылгабай арам иштеген,
Ибадаттан айрылат.
Шумдугу тийип күнөөнүн,
Дүнүйөдө кор кылат.

Арамдан напси тыйбаса,
Көңүлү жаман караят.
Шайтан тилге алданып,
Дин исламдан айрылат.

Тобосуз жүргөн адамдар,
Күнөөлөргө малынат
Былкылдарга чама жок,
Бутуна кишен салынат.

Карарса адам көңүлү,
Болор эки белгиси.
Акылы бар мусулман,
Аны да келер билгиси.

Качан арам иштесе,
Ибадаты жок болот.
Окуп жүргөн күндөгү,
Намазы да токтолот.

Пайгамбар айткан адафты,
Байырлагын мусулман.
Арамдан алыс экениң
Байкап билгин ушундан

Жалгандыктан тайбасаң,
Лаанат болуп каларсың.
Ажал жетип күн бүтсө,
О дүйнөгө барарсың.

Жалганчыны пайгамбар,
Үмөтүм экен дебестир.
Макшар күндө зарланса,
Эч бир шапаат тийбестир.

Экинчи арам биле жүр,
Убаданы бузмалык.
Макшарда сурак бергенче,
Шарыятты угалык.

Убаданы бузмалык,
Мунапыктык алаамат
Кудайдан корккон момундар,
Убадада туралат.

Убада өзү ак коргон,
Мусулман момун бузбагын.
Кыяматта суралып,
Кыйноого батып турбагын.

Үчүнчү арам билип ал,
Момун болсоң тилимди ал.
Шарыят тыйган кайбатты,
Мусулман момун айтпачы.
Кайбаттан болгон азапты,
Китебинден карачы.

Тыйыла жүргүн момундар,
Адамды кайбат кылгандан.

Адамдын айбы көп болот,
Айгак чыкпа жөнү жок.
Өз айбынды текшерип,
Өзүң жүргүн өөнү жок.

Айбын ачсаң адамдын,
Өзүңдүн айбың ачылат.
Адамды мындай кордосоң,
Алла өзүңдү кор кылат.
Бирөөнүн айбын жашырсаң,
Айбыңды Алла жашырат.

**Төртүнчү** арам билип ал,
Бейпам кеп талашмак.
Өз напсисин кубаттап
Билбейсиң деп тартышмак.

Билбей туруп көп калкты,
Түрлүү бузук түшүрмөк.
Азгырмалуу шайтандар,
Арам жолго түртүшмөк.

Алыс жүргүн момундар,
Алла тыйган арамдан.
Ыклас менен кылбагын,
Шарыятта арамдан.

**Бешинчи** арам момундар,
Уюшуп кумар ойномок.
Адалдан жыйган малдарын,
Кумарга сайып жоготмок.

Ысырапка мал чачып,
Азгырылса шайтанга.

Эки дүйнө кор болуп,
Жолугаар түрдүү балаага.

Дүйнөдөгү атагы,
Кумарчы деп аталаар.
Акылы бар азамат,
Мындай иштен сактанаар.

Арамдыгы шайтандай,
Азгырмалуу оюн бул.
Адаштырып ак жолдон,
Арам пейил жолдош бул.

Алданып шайтан-душманга,
Кумар ойноп кубанба.
Карартып көңүл кумардан,
Ибадаттан айрылба.

Сурак берет курган жан,
Өлөрүндү көп ойло,
Түрлүү азап көргөзөт,
Кумарга сайган көп күнөө.

**Айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсү:**

Казы-мупту – шарыяттын жобосу боюнча сурак жүргүзүүчү сот, бий.

Момун – чын мусулман, кудайчыл, сопу.

Ибадат – Кудайга кулчулук кылуу, сыйынуу, жалынуу.

Пайгамбар – Кудайдын адамдар арасында дин таратуу үчүн жиберген өкүлү.

Адаф – жүрүм-турум, сылыктык.

Лаанат – каргыш тийген, жек көрүмчү.

Үмөт – Мукамбет пайгамбардын жолун жолдоочу.

Макшар – тиги дүйнөдөгү чоң сурак.

Шарыят – ислам дининин жол-жоболору жазылган китеп.

Мунапык – эки жүздүү, арам ойлуу, арамза, кылмыштуу.

Кайбат – ушак-айың.

Бейпаам – түшүнүгү жок, аңгүдүк.

*13.05.1992*

## ТАРАЗА ТАШЫ НЕГЕ ТЕРМЕЛЕТ?

Эгемендүүлүктөн бери жайнаган түйүндүү маселелер элдин талкуусунан, өкмөттүн кароосунан өтүп, түрдүү деңгээлде чечилип жатканы маалым. Ошондой талылуу маселелердин бири – эркектердин көп аял алышы жөнүндөгү маселеге тымызын кубангандар менен катуу теригип, кашкая каршы чыккандардын тараза таштары оошпой турган кези. Кантсе да бул – ким каалагандай койгулакка ала бергидей маселе болбогон соң, өкмөт гана эмес, ар бир атуул бул темада өтө аяр ой жүгүртүүсү оң. Антпей эле ар ким өз түшүнүгү, деңгээли жана жеке кызыкчылыгына таянып бир жактуу бүтүмгө келип, аны өкмөт колдой берсе эмне болот?..

Кыз бактысына кам көрүүнүн, «атасыз» балдардын ажатын ачуунун мындан башка алгылыктуу жолу чыкпадыбы? Эгер көп аял алууга эптеп эле шылтоо табылса, мындай ыңгайды кур кетиргиси келбей «бото көздү алат элем» деп жүрүп, «чалма этегинен айрылган» эргулдардын чыкпасына ким кепил? Демек мындай шартта «аталуу» жетимдер «атасыз» жетимдер менен тагдырлаш болуп калуусу толук ыктымал го?

Ошондуктан кесепеттүү көнүмүш кайдыгерликке кендирди кестирип коюп, кедери кеткен заманга кейип отура бербей, эң оболу ата-бабаларыбыздын жашоо шартына, ошол кездеги кыз келиндердин, энелердин укуктук абалын баамдоо менен азыркы аял-эркектин материалдык, моралдык жактан өз ара талабын, психологиялык маанайларын изилдөө зарылдыр. Ошондо гана түбөлүгү түз, бакубат жана бактылуу үй-бүлөнү түзүү үчүн жаштардын өсүп жетилген курагын күтпөй, мектепке чейин жана мектептеги кезинде эле үй-бүлө менен коомчулук тарабынан жеткиликтүү билим-тарбия берүүнүн жол жобосу иштелип чыгышына өбөлгө түзүлмөкчү.

Кыскасы, мындай маанилүү маселени чечүүдө күнүмдүккө кызыкпай, келечекти болжоп кадам жасоо алда канча адилеттик болоор. Ушуга байланыштуу, азыркы турмушубуздун жүзү жана түркүн сыры, сырткы түрү менен болсо да баарыбызга таанылыштыгынан улам, өткөн замандагы бай жана барктуу, үч аялы бар бабай Батыркан жөнүндө эл оозунда айтылып калган бир үзүм окуяга баам салып көрөлү.

## Бабай Батыркандын жоругу же Үңкүнүн мөрөйү

Көлдүк бабай Батыркан деген чоң байдын биринчи аялы ошол жердик бакачы уругунан Жайыл уулунун кызы экен. Экинчи аялы өзүк уругунан, үчүнчүсү сарбагыш уруусунан Байдалынын кетирген аялы Үңкү экен. Батыркандын улуу аялы бир күнү Үңкүнүн үстүнө кирип келгенде, Үңкү ордунан турбай коёт. Улуу аялдын ачуусу келип:

– Сенин,
чыккан жериң Байдалы,
Бу кесириң кайдагы.
Чайнек чайга тең кылбай,
Канаат ажы кайнагаң,
Атаңды көздөй айдаган,
Бу кесириң кайдагы?–

деп тээп жибергенде, Үңкү:

– Бесир десең бесирмин,
Кесир десең кесирмин.
Эки аялды эсиртпей,
Жинин кагар кесирмин.

Ырчы десең ырчымын,
Сынчы десең сынчымын.
Сага окшогон катынды,
Башка чаап тынчырмын, – деп, экөө алыша кеткенде, аялдар ортого түшүп, ажыратып коюшат.

Аялдардын чатагы угулуппу, же жөн эле эсиргениненби, бир күнү Батыркан:

– Мен өлгөндө кандай кошот экенсиңер, тирүүмдө угуп алайын. Мына мен өлдүм – деп, узунунан түшүп жатып алат.

– Ии, ботом! Тирүү кишини кантип кошсун?– деп, улуу аялдары ыйлабай коюшат. Ошондо Үңкү жесир аялдын расмын кылып, жоолугунун учун жая берип:

Бугудан тандап муну алдың,
Буластаган жаманды,
Пул коротуп неге алдың?

Бакачыдан аны алдың.
Баркыңды билбес жаманды,
Мал коротуп неге алдың?

Өзүктөн тандап дагы алдың,
Өз кадырын билбеген,
Өлүксүздү неге алдың?

Ала көздүү – кабаны,
Айдап жүрүп соргонуң.
Ошондон ишиң оңгонуң.
Айталбаган жаманды,
Албай неге койбодуң?

Ой, Батыркан оёнум!
Бул жорук мага жалгандыр.
Баатырым өлбөй калгандыр.
Кайта бир барып карачы,
Калп эле өлүп жаткандыр.
Бул өлгөнү чын болсо,
Кайгыны мага салгандыр! – деп, өз бетин өзү апчып тытып ала турган болгондо, «Кармагыла бул итти!» деп, Батыркан тура калат. Ушундан кийин Үңкүнү басынтпай, улуу аялдарынан артык санап, Үңкүнүн мөрөйү устун болуптур. Ошондон кийин орунсуз иш болгон жерде: «Батыркандын кошогундай кылбай» деген лакап сөз айтылып жүрөт.

*25.04.1992*

## Таалимдүү жана тамашалуу окуялар

Илгээри каада-салт боюнча кыздарды кудалашкан жерге узатканда, кыздын жек-жааттарынын кыз менен көрүшүүсү (коштошконү) жөн эле расым эмес, жаштарга баа жеткис осуят болгон. Ыгы келсе азыр да мындай салттын өөнү жоктой... Төмөндө кыз узатуудагы ошондой айрым учурлар баян этилет.

* * *

Жумгалдык Бектемир деген бай жигит Канааттын айлындагы Сарала ажынын Какиш деген кызын той түшүрүп, чоң шаан-шөкөт, салт менен алат. Кызды узатып жатканда, анын төркүндөрү жактан, кыздын агасы Калыгулдун кошкону:

Байтеректей бүрдөнгөн,
Бала короз өңдөнгөн.
Он беш жашка келгенде,
Оюнду көздөй жүгүргөн.

Тал теректей бүрдөнгөн,
Чакырган короз өңдөнгөн.
Он алтыга келгенде,
Ойнуң канып бүтпөгөн.

Бир боорум,
Энең жакшы киши эле,
Кемпутту кошту ашыңа.
Бир боорум,
Атаң жакшы киши эле,
Бала каздай асырап,
Карабады жашыңа.

Экиден өскөн тал элең,
Эркерээк өскөн бала элең.
Бир боорум,
Эркелигиң таштагын,
Эстүү кыял баштагын.

Жалгыздап өскөн тал элең,
Жалгыз өскөн бала элең.
Бир боорум,
Жалгыздыгың таштагын,
Башка кыял баштагын.

Алтымыш каз, алты өрдөк
Аталбай көлдөн учурдум.
Атага наалат келтирбей,
Бир боорум,
Атактуу жерге көчүрдүм.

Жетимиш каз, жети өрдөк
Жеталбай көлдөн учурдум.
Жеңеге наалат келтирбей,
Бир боорум,
Жеткилең жерге көчүрдүм.

* * *

Ушул эле айылдан Бекболот деген киши кызын чүйлүктөргө узатып жатканда, жеңеси Шарипанын кошкону:

Ынатым,
Чүйдүн бир жайын айтайын,
Коону койдун башындай,
Сабизи сайдын ташындай.
Анделеги топудай,
Ашкабагы сокудай.
Үй ордуна тиккени,
Камыштан кылган калаган,
Ызылдап чиркей талаган – дегенде эле,

чүйлүк кудалар теригип, качып жөнөшөт имиш. Кара-Колдун суусунан өтө бергенде араң жетишип: «Баары тамаша, балдар балалык кылды го»– деп, кечирим сурап жатып, Бекболоттор кудаларын кайра алып келишет. Кудалар келгенде, Шарипа кайрадан:

Кармап бир кийдим балкыны,
Кудалар,
Кайдан го айттым жаңкыны.

Ололто кийдим балкыны,
Кудалар,
Ойноп бир айттым жаңкыны.

Кынаптап бир кийдим жаңкыны,
Кудалар,
Кыйытып айттым жаңкыны.
Алмалап кийдим балкыны,
Кудалар,
Азил деп айттым жаңкыны,–

деп, элди күлкү-тамашага баштап коюп, кайынсиңдисин беттеп кошкону:

Эми ынагым,
Жабык бою от жаксаң,
Жалындатпай өчүргүн.
Жаман-жакшы кеп уксаң,
Жайкай билип кечиргин.

Ынагым,
Босого бою от жаксаң.
Күчөтүп ийбей өчүргүн.
Болоор-болбос сөз уксаң,
Күлкүң менен кечиргин.

Кайнене деген бирөө бар,
Кайрып сүйлөйт сөзүңдү.
Кайрылып ага сөз айтсаң,
Ынагым,
Кайгыга салат өзүңдү.

Абысын деген бирөө бар,
Андып сүйлөйт сөзүңдү.
Астыртан ага кеп айтсаң,
Ынагым.
Азапка салат өзүңдү.

Алганың болсо жакшына,
Ынагым,
Аргымак минип дууларсың.
Алганың жаман жан болсо,
Ынагым,
Жашында кейип куурарсың.

Күйөөң бир болсо жакшына,
Ынагым
күлүктү минип дууларсың.
Күйөөң бир жаман жан болсо,
Ынагым,
Түңүлүп жандан куурарсың.

Барган жериң жарашып,
Ынагым,
Башыңа таалай, бак консун!
Алганың менен тең карып,
Ынагым,
Алдында бала ойносун!

* * *

Кочкордун Кара-Суу айылынан Карачач деген кыз, акылдашпай-сырдашпай башка Бүбү деген алыс тууган женеси аркылуу сүйлөшүп кетип жатканда ага таарынып, өз женеси Гүлүсүндүн кошкону:

Эки-экиден чачыңды,
Өрүшөйүн деп келдим.
Энеге эрке Какиме,
Көрүшөйүн деп келдим.

Аркаңа тарап чачыңды,
Эрүшөйүн деп келдим.

Атага эрке Какиме,
Көрүшөйүн деп келдим.

Айланайын кыз бала,
Колго конгон куш бала.
Куштап баккан Какимдин,
Убактысы келген бейм,
Туурунан бүгүн учканга.

Эрге тийип эл бармак,
Эскиден калган салт экен.
Эркелеткен Какимдин,
Эли башка тура деп,
Эми
Ээнсиреп турат апакең.

Кайын күтүп калк бармак,
Абалтан калган салт экен.
Кадырлаган Какимдин,
Калкы башка тура деп,
Эми
Кайышып турат атакең.

Кадырлуу болуп чоңоюп,
Катарга албай жеңесин.
Кадыркечим Какибай,
Кайын энең өч болуп.
Сени
Качып эле келген дебесин.

Өсүп бир калган кезинде,
Сөзгө да албай жеңесин.
Асылкечим Какибай,
Абысының өч болуп,
Сени
Өзү эле келген дебесин.

Ушак-айың кеп болсо,
Угулуп турат күнүгө.
Капа болсо Кәкимдин,
Убал-сообу Бүбүгө,– дегенде эле, Бүбү Гүлүсүндүн оозун баса калып, андан ары айттырбай коёт.

* * *

Гүлүсүн кийин неберелүү болуп, небереси бойго жеткен кезде аны ала качып кеткен тараптан «ачуу басарга» алты эркек келет. Ошондо Гүлүсүн азил-чыны аралаш:

Бээ байланбайт желесиз,
Пенде болбойт энесиз.
Энесин анда калтырып,
Эмнеге басып келесиз.

Кулун болбойт желесиз,
Кудагый болбойт энесиз.
Кудагыйды калтырып,
Култулдап басып келесиз.

Бактылуу болсун балабыз,
Басылып калсын санаабыз.
Баары бирдей чал экен,
Окшоштуруп буларга,
Эми
Кемпирди кайдан табабыз? –
дегенде кудалар жүйөөлүү жооп таппай, катуу оңтойсузданышкан экен.

## ТОРУ АТТЫН КҮЛҮКТҮГҮ МЕНЕН ТОМУКТАЙ ТОРСОНУН БАЛБАНДЫГЫ

Талаа-Булактык Көпөш деген чыгаан саяпкердин Тору атынын бутуна жара чыгып, кабылдап кетет. «Балдарынын өлтүрүп аласыз!» – деп ыйлаганына болбой жаратын жарып, туз сээп, кыраяк сыйпап жүрүп айыктырып алган кезде, Карыпбай айттырат экен:

– Канааттын эң кичүү баласы Белек менен өзүнүн тун уулу Мамытбекке быйыл Мамбетсадык той берет. Андан кийин Төрөгелдинин небереси Суранчынын ашы болот. Ошого карата Тору атты даярдасын.

– Быйыл Тору ат аябай арыктады. Эми семиртейин, керекке жарабайт – деп, Көпөш Тору атты жайытка коё берет. Жыйырма күнчө болуп калган кезде Карыпбай бир топ киши менен келип:

– Эми тору атты кармаңыз, той берели, – дейт.

– Ыя кудай, анда ат өксүп калбайбы? Эми жети күндөн кийин кармасак туура болот, – деп, Көпөш чыйпылдаганда эл тарап кетет. Бирок эки күндөн кийин эле Карыпбай: «Кудай урган Мамбетсадык Чүйдөгү таякелерине, Кетмен-Төбөдөгү кайын журтуна, Жумгалдагы жек-жааттын баарына кабар айтып чакырып салыптыр. Эми болбой калды» деп Тору атты жайыттан карматтырат. Бул тойдо Мамбетсадык ат чабыштын баш байгесине кырк кара коёт. Күлүктөр Ак-Чийден коё берилип, Талаа-Булактын Сеңирине чейин

чабылат. Кырктан ашык күлүктү артка таштап, мында Тору ат чыгып келет.

– Эми чоң ашка даярдык көрөлү,– деп, Карыпбай айылдагы күлүктөрдү үч жолу «Батакөйгө» чаптырат. Көпөш болсо Тору атты «Батакөйгө» кошпой, «беш күн эти өксүк кармалып калды. Эми чапканда болбойт. Кудай колдосо бир чабыш менен эле чоң чабышка жарайт»,– дейт да, өзүнчө таптай берет. Саздын башындагы көк чыйыр, кара кыякка гана оттотуп, бир ууч да жем бердирбейт. Көбүнчө Мамбеткадыр деген баласына тер алдырат. Кээде небереси Арыпбекке тер алдырганда: «Сен жеңилсиң, Бечелдин үстүнө барып кел. Мобу Кара-Булундун башына келгенде басмайылды чечип көр. Соорусунда, же токумдун астында кургак калса үстөккө-босток камчы уруп кел. Кургак жери калбаса жай эле кел,– дейт. Анан тери кургаганча жетелетип коёт. Ысып баратса жабуусун алып, муздап баратса жабуусун жаап мээлүүн суутат.

Ошентип, Суранчынын ашына Ош, Талас, Кетмен-Төбө, Чүй, Жумгал, казактардан бери эл келип, байгеге түшчү күлүктөрдүн саны эки жүздөн ашып кетет. Күлүктөрдүн ичинде белгилүүлөрү: Чүйдөн Балбайдын Күрөңү, Касымаалынын Кара аты менен Көк байталы, Солтодон Көккашка менен Кызылайгыр, саяктардан Саркашка менен Тайкашка, Кочкор ичинен чекилдектик Илепестин Керкашкасы, Көпөштүн Тору аты менен Ташыбектин Тору аттары болот.

Тору атты сугарып жатканда, төмөн жагынан суу ичип жаткан Саркашка кишенеп жиберсе, Тору ат кулагын жапырып, чунаңдап коёт. Ат сугарган балдар муну айтып келишкенде:

– А, Кудай берет экен! Саркашка «байгени бересиңби» десе, Тору ат «бербейм»,– деген тура. Буюрса бүгүн Тору ат чыгат экен, – дейт. Жанындагылар күлүп:

– Сиз жылкынын табын эле билбей, тилин да билесизби? – деп тамашалашат.

Эл жарданып, аттарды чубатууга салганда Көпөш Тору атты көпкө аралаштырбай четкерээк кармап турат. Аттар Ак-Жардан Талаа-Булактын сеңирине чейин чабыла турган болуп кетип баратканда, Көпөш Ташыбектин Тору атын көрүп:

– Болбой калыптыр. Түндө жылуу жаап коюп, ат ысылап калган тура. Суусаган неме эртең менен чөп жебей, суудан аябай ичиптир. Ал баратканда ичин айдап, келатканда чычкактап отуруп эле өлүп калбайбы? Атты тарттырып кой, бөөдө өлүп калат,– десе, «Эми эптеп барып келээр»,– деп Ташыбек кенебей коёт.

Ошол ат чабышта Көпөштүн Тору аты күлүктөрдөн тай чабым озуп келет. Андан кийин Саяктардын Саркашкасы менен Тор кашкасы, Ташыбектин Тор аты келет. Бирок, Ташыбектин аты марага жетип эле жыгылып, ошол жерден жан берет.

Тору аттын күлүктүгүнө кызыккан Карыпбай: «Аштойго Тору атсыз кантип барабыз?– деп эле, кайда барса Көпөштү ала жүрчү экен. Бул окуядан алда канча мурдараак Карыпбайдын казак кайын атасы, Кожоке деген аш бериптир. Ошондогу ат чабышта да, Көпөш менен Ташыбектин эки Тору аты казактардын чыгаан күлүктөрүнө караандатпай куйрук улаш келишет.

– Байгени эмне кылабыз?– дегенде, Карыпбай:

– Мал көрбөгөнсүп ушундан кыргызга мал айдап кетет белеңер?– деп, казактарга таратып берет. Ошондо казактын Ак-Дөбө, Кызыл-Ордодон берки сынчысаяпкерлери келип, Көпөштү көргөндөн кийин Кожокеге айтышыптыр:

– Карыпбайым, Карыпбайым эле дейсиз. Карыпбайды Карыпбай кылган ушу сары абышка турбайбы.

Ушул тору аттар биздин аттардын теңиндей да эмес. Ушундай аттарды жаңылбай, бычактын мизиндей курчутуп, табына келтирип алган киши турбайбы,– деп Көпөштүн саяпкерлигине чоң баа беришет экен.

Ошентип, Суранчынын ашында ат чабыш бүткөндөн кийин эр сайышка кезек келет. Жумгал жаатынан эр сайышта атыккан Отор деген Базар-Туруктук киши чыгат. Аты менен ары-бери бастырып туруп калганда, эч ким даабай коёт. Талаа-Булактык Абдыкерим уста деген зор кишини алдырышса, коркконунан солкулдап жаа бою качат.

– Сайышка киши чыкпай, саяктарга намысты кетиребизби? Жок дегенде бир киши чыгып, жыгылып берсе болбойт беле?– деп элдин айласы кетет.

Ошондо Талаа-Булактык Торсо деген кишинин быйыл күздө буудай майлап жеп жүрүп, «түшүм жакшы, быйыл сайышка түшсөм буюрса алам»,– дегенин эстей койгон Көпөш:

– Быйыл ушу Торсо эр сайышка түшсөм деп жүрдү эле,– дейт. Ошондо Отордун каруу күчкө толуп, отуздан ашып турган убагы болот. А Торсонун алтымыш экидеги кези экен.

– Анда чыгаргыла Торсону!– дейт Карыпбай. Экиүч киши ат коштоп чаап кетип, далайда Торсону таап келишет.

– Токе, эл кысылып калды. Намыс кетип жатат. Кандай кылабыз? – дейт Карыпбай.

– Эми Кудайга тобокел, көрөйүн,– дегенде эл сүйүнүп, кийинтүүгө жөнөтүшөт. Торсону кийинтип жаткан Табылды балбан «Оторду кандай амал менен саяйын дейсиң?»– деп, сурайт.

– Кадимкидей эле качырып сайышам,– дейт тиги.

– Жок, антүүгө болбойт. Оторго алың жетпейт, жыга албайсың. Мен бир акыл айтайын, ошого көнө

Бир айла болсо ошондон болот. Сен найзаны карма. Учун сол жагыңа баштантып коюп кыйгачтап, бет-ме-бет жеткенче он ийниңди салып бар. Отор ыргыта саям деп эле, оң мурундү көздөп катуу келет. Сен акырын эле бар да, найза жеткенде кыйшая бер. Ошондо найзасы тайып кетип, өз тушуңа келе калганда кош колдоп туруп коюп кал.

– Макул, ошентип көрөйүн, – дейт Торсо акылга көнүп.

Эң биринчи беттешүүдө эле Отор Тор кашка атын таскактатып катуу келип, оң ийинди көздөп сайганда Табылдынын айтканындай болуп, Торсо кыйшая бергенде, чапандын ийни жыра сайылып, кебези булайып калат. Тушуна келе калганда найзаны кош колдоп туруп капталга койгондо, Отор ээрден кыйшая түшөт. Найзаны тартпай туруп дагы ныктап түрткөндө, күү менен барып (жыйырма метрдей жерден) Отор аттан ооп түшөт. Ошондо атайын тигилген ак өргөдөгү кошокчулардын ичинен Ортоктук Самсаке деген кишинин карындашы Мейис минтип ырдаган экен:

Толгон-токой күлүктөн,
Тору аттын чыкканы ай!
Тоодой болгон Оторду
Томуктай Торсо жыкканы ай!

Саяктардын балбаны,
Кара тоодой Оторду.
Капшыра сайып капталдан,
Карган Торсо которду.

Эби жок экен анан да,
Эңипке түшкөн балбаны.

Ойт берип Айтпай жүдөтүп,
Оодара тартып салганы,–

деп, дагы далайды кошуп жибергенде, угуп турган эл:

– Атаа, аял эмес бекен! – деп, Мейистин үнүнө да, сөзүнө да өзгөчө баа беришкен экен...

Жумгалдыктар өздөрүнчө боло калышып:

– Атаңкөрү! Балбандардын баары эле сыртка, бу сарбагышка кетип калышкан турбайбы, өзүбүздү өзүбүз жыктык,– деп өкүнүшөт. Анткени, эр сайыштан жана эр эңиштен мөрөй алышкан Отордун да, Айтпайдын да уруусу саяк экен.

*22.04.1992*

# ТЕГИН АЙТЫЛБАГАН СӨЗДӨР

## Ырыс оошот

Жумгалдык манап Көкүмбайдын Сайкал деген тирикарак, зээндүү карындашына чечек чыгып, ошондон өңү бузулуп калып эр албай жүрөт. Байбиче аялынан бала үнүн уга элек Кетмен-Төбөлүк манап Рыскулбек:

– Мага бала төрөп берсе эле болбодубу?! – деп, аны алып алат. Ал деле бир-эки жылча төрөбөйт. Бир күнү Сайкалдын күңү «Аягына Ай, башына Күн тууп, жанында чолпондой беш жылдыз жанып турган» кереметтүү түш көргөнүн айтат. Ошол жерден эле Сайкал:

– Түшүңдү мага сат, сага тогуздап мал берейин,– дейт. Колунда жок неме малга кызыгып, түшүн сатканга макул болот. Сайкал болсо күң аялды таза сууга алып, кийимин бүт алмашып кийип алат да, убада кылган малын берет. Ошондон кийин агасыныкына төркүлөп барат. Аларга көрсөтпөй Көкүмбайдын баскан изинен деле, чыгарган күлүнөн деле чымчып алып, түйүп ката берет. «Жаман-жуман» деп таштап койгон эскилеринен да көп алат.

Кайтып үйүнө барганда Рыскулбектин байбичеси астынан тосо чыгып, кол берип учурашса, Сайкалдын жеңинен ак жылан башын чыгара коёт. Байбиче бакырып чалкасынан кетип, ошондон байбиченин куту качып, мизи мокойт. Сайкалдын ыроосу жыроо болуп,

агасы Көкүмбайдын ырыскысы күйөөсү Рыскулбекке ооп, ошондон кийин ал Токтогул «Беш каман» атаган уулдарды төрөп, даражасы көтөрүлүптүр.

## Сырдуу белек

Кетмен-Төбө өрөөнүнүн Чыра-Булак деген жеринде тогуз жүз түтүн сарбагыштар жашачу экен. Заманына жараша отун-пул, чөп-пул ж.б. ыгым-чыгымын баса төлөтүп, Дыйканбайлар өктөмдүк кыла беришкенде сарбагыш эли Шабданга чагым жеткиришет.

Ушундан улам Шабдан Дыйканбайды айылына чакырттырат. Жигиттерин:

– Астын тосуп чыкпагыла, ат албагыла! – деп дайындап коёт.

Дыйканбайды эч ким шаан-шөкөттөп тоспосо да, анча келгенден кийин айласы жоктон жан жигитинин коштоосу менен Шабдандын үйүнө салам айтып кирип барат. Шабдан болсо «айыл аксакалдарын чакыртып, таконок келди, сый көрсөткүлө» деп малын сойдуруп, мак-ашын бердирет. Мейман каадасы бүткөндөн кийин жөнөөрүндө:

– Дыйканбай, сага арнаган белегим бар, ала кет,– деп, түбүндө түйүнчөгү бар кичирээк кол чаначты астына койдурат. Дыйканбай ал белекти жигитинин канжыгасына байлаттырып аттанып кетет. Арамзанын белине келгенде жан жигитин жалгыздатып, баягы белекти ачтырса ичинде кишен, шибеге, канжар бар экен.

– Бул табышмактуу белек болуп калды. Шагылгаң көөмп сал да, Белек жөнүндө оозуңдан чыгарба!– деп, Дыйканбай катуу эскертет.

Шабданга барып келгенден кийин баласын ой басып, санааркап калганын туйган Рыскулбек:

– Дыйканбайсыз эле сени мен жайлап коём,– деп коркутуп, Дыйканбайдын жан жигитинен болгон сырды угуп алат. Бирок жан жигитинен шектентпес үчүн, бир күнү сейилден келген Дыйканбайды ар нерсеге алаксытып сүйлөшүп отуруп, өз үйүнө кондурат. Эртең менен:

– Тур, балам! Мен бир түш көрдүм. Жакшы болсо өзүбүздө калсын, жаман болсо суу менен кетсин, – деп, суунун жээгине ээрчитип барат да:

– Шабдандын колу Кетмен-Төбөгө чабуул жасап келаткан экен. Төрт болуш элди чогултуп, Шабдандын колун сүрүп таштадык. Эл аман калды,– дейт. «Атам касиеттүү киши тура! Мен чече албаган сырды чечти» деп, ойлогон Дыйканбай:

– Эми кандай кылып кутулабыз, ата?– деп, акыл суроого аргасыз болот.

– Кеп, антип жоолашып чабышканда эмес. Бир айласын тапканда,– дейт. Төрт болуш элди жыйып, төрт түлүк мал, дилде чогултуп туруп, элдин атынан кайрылып, паранын күчү менен Наманган уездине кошулуп кетишкенде, Шабдан туугандарына жан тартса да айбат кыла албай калган экен.

## Өзүңдү эр ойлосоң...

Кетмен-Төбөлүк Садыр деген киши, айылына душман жолотпогон баатыр экен. Анын Сейит деген агасы бардар жашап, акыл калчап иш кылганы менен элге кадыры артык экен. Кайсы бир жолу «Казактар куралып аткан имиш» деген каңшаар менен:

– Алардын демин эми эле басып келе коём,– деп Садыр жигит-жалаңы менен аттанмак болот. Анда Сейит агалык жолу менен:

– Эгер тилимди алсаң «жоо жолун тосом» деп, ушул жолу барба. Барсаң балаңды ташта, «өзүңдү эр ойлосоң, башканы шер ойло» деген акылды эсиңе тут! – дейт. Бирок анча камынып алган Садыр, аттанып жөнөй берет. Казактар менен болгон чабышта жеңилип, өзү уулу менен колго түшүп калат. Казактар ата-баланы ээн үйгө киргизип, буту-колдоруна кишен салып коюшат да, сынчыга сынатышат. Анда сынчы:

– Баласынын жүрөгүндө карасы жок, жүрөгү май. Мунун баласын жок кылбасаңар казактын түбүнө ушул жетет. Ишенбесеңер бир койду союп, этти бүт тарткыла. Кар жилиги менен башын астына баскыла. Экөөнүн тең колу-бутун бош койгула,– дейт.

Айткандай эле эт астыга келгенде баласы этти айтарып туруп, каржиликтин толорсугунан бир кесип өөзүна салат. Башты таап ууртунан бир кесип сугунат да бычакты таштап коёт. Атасы болсо дүйнө капар жей берет. Ошондо сырттан байкап тургандарга сынчы айтат экен:

– Көрдүңөрбү, төлгө менен каржиликти биринчи таап чыкканын. Мунусу «өлбөй-житпей бошоп кетсем, казак сенин толорсугуңду кыркып, уурtуңду кесем» дегени дейт. Ынанган казактар сынчынын тили менен экөөнү тең өлтүрүп, сөөгүн көрсөтпөй көмүшөт. Туугандары таппай калышат. Бир жылдан кийин гана казактардан кимдир бирөө айгак чыгып, айтып коёт. Ата-баланын сөөгүн атка жүктөп келип азыркы «Дыйканбайдын чарбагы» деген жерге көмүшөт. Денелери бузулбаптыр, колдоочусу жолборс экен. Эки өлүктү жыл маалы кайтарып жатышыптыр. Ал көрүнчү кишиге көрүнөт тура.

### Оозумдан таптым

Ушул эле өрөөндөн Рыскулбектин Дыйканбайы жакын агалары Карагулдун сыркоолоп калганын угуп, жигит-жалаңы менен атайын барып көрөт. Карагулдун саал айнып калганына кейип, кайтып келатканында жолдошторуна айткан экен:

– Карагул байкем ушунча айныгандан кийин, алтымыштан ашкан жаш, жаш деле эмес турбайбы?! – деп.

Кийинчерээк Дыйканбай алтымышка чыкпай каза болот. Төшөккө жыгылганда эле айтыптыр:

– Киши болбойм, камына бергиле! Менин өз оозумдан кетип калган,– деп.

## ТААСЫН СӨЗДҮҮ ӨТӨГӨН

* * *

Ысык-Ата районундагы «Бириккен» деген колхоздон айтканы жаза кетпеген Өтөгөн деген киши чыккан экен. Бир жолу Беш-Күнгөйлүк Сарбагыш деген шылдыңкор киши менен табакташ болуп калат. Эт жеп отурганда кызмат кылып жүргөн балага Сарбагыш:

– Ме, устукан,– дейт. Ал алайын деп колун суна бергенде:

– Эмне сурап атасың? Тарткан этиңди кайра бер деген турасыңбы?– деп баланын шагын сындырат. Анда Өтөгөн:

– Эй, каапыр! Өз богуңду мыкчып жатып өлөсүң ээ,– дейт. Айткандай эле кийин 1930-жылы кандайдыр себеп менен түрмөгө түшүп, ошол жактан жинди болуп келгендиктен, бир тамга камап коюшканда өз богун өзү мыкчып жатып өлүптүр.

* * *

Өтөгөн Сын-Таштык чоң Сулайманга жолуккан сайын: «көйнөгүңдү агартып жууганча, көкүрөгүңдү агартып жүрсөңчү» деп калчу экен. Ошол Сулайман 1916-жылкы Үркүндө Кытайга барып, «эл тынчыды» дегенде туулган жерге кайра тартат. Кытайдан келатканында катын-баласынын баары жөө чубап жөнөйт. Сулайман Беделдин белине жеткенде өзүнчө мурутунан жылмайып коёт. Аны инисинин бир тирикарак баласы байкап калат. Аман-эсен белди ашып, ойго түшкөндөн кийин, тамактанып отурушканда баягы жигит:

– Ажым, сиз өзүңүзчө күлчү эмес элеңиз, Беделдин белинен эмне үчүн кулүмсүрөдүңүз, – деп суроо салат.

– Ай балдар, сурабасаңар болот эле. Эми мынча болду, айтып берейин. Өтөгөн айтчы: «Кытайга барып, катын -баланды жөө ээрчитип, көк эшекти минип, кулакка чапкылап келатканыңды көрсөм болот эле, көрбөйм го? Көрчү бирөө чыгат» деп жана Беделдин белинен ошол сөз эсиме түшө калгандан жылмайбадымбы, – дейт.

Анан да Өтөгөн Сулайманга айткан экен: «Сулайман, сенин топурагың быякта жок, башка жакта» деп. Чын эле 1931-жылы Сулайман өкмөт тарабынан тап кулак катары Украинага жер которуп, ошол жактан каза болот.

* * *

Түмөнбай бийдин уулу Көкүштүн энеси табып экен. Бир жолу Көкүш жүйөөлүү сөзгө муюбай, үстөмөндөй бергенде, Өтөгөн атайылап атасынын атын атабай:

– Бакшы катындын баласы! Балам көп деп мактанба, балдарыңдан топурак буюрбайт,– деп айтат.

Кийин эл турмушу жакшы оңоло албай турган кезде 1933-жылы, Көкүштүн бир төөсү жоголуп кетет. Төөсүн тоо аралай издеп кетип, ал күнү кайтпай калат. Жети-сегиз түтүндүү балдары «тигил үйгө жаткан го, бул үйгө жаткан го» болуп, билбей калышат. Эртеси ээси жок келген атты көрүшүп, балдары жапырт атасын издеп чыгышат. Бирок Көкүштүн өлүгү ошол бойдон табылбай калыптыр.

* * *

Өтөгөнгө теңтуштары «Сарбагыш, Сулайман, Көкүштөрдүн кантип өлөрүн айттың. Эми өзүң кандай өлөрүңдү да айтпайсыңбы?» дешет. А Өтөгөн:

– Мен өлгөндө балдарым көмөт. Жыл маалында аш беришет. Ашыма жесир катын бээ жетелеп келет, – дейт.

Айткандай, кийин Өтөгөндүн ашына Калмакы деген элдеги Качканак байдын жесири бээ жетелеп барган экен. Ошондо Өтөгөндүн айтканын эстеп жүргөн карыялар:

– Атаңкөрү! Өтөгөн тегин киши эмес тура,– деп таңшанышыптыр.

# ЭЛДИК МУРАСТЫ АЗДЕКТЕГЕН ОКУРМАН

Кыргыз эли өзүнүн бүткүл аң-сезимин, ар-намысын, күрөшүн, көздөгөн максатын, тарыхый окуяларын оозеки чыгармаларда чагылдырып келген. Мындай байыркы мурастардын туу чокусу – улуу «Манас» эпосу экендиги талашсыз. Эпостун түпкү нукура идеясы кылымдар бою ар түрдүү тоскоолдуктарга, кысымдарга учураганына карабастан өз наркын коротпой биздин заманга жетти. Бул – анын майтарылгыс күчүнүн далили.

Академик Чыңгыз Айтматов айткандай: «Замандан заман өтүп, жер үстүндө кыргыз тили жашап тургуча «Манас» биздин улуттук туу чокубуз катары тура бермек». Кыргызстандын аймагынан жүзгө жакын манасчылардын тизмеси такталган болсо да, «Манас» эпосун изилдеген окумуштуулар, алардын ичинен Сагымбай Орозбак уулу айткан вариантка таандык көркөмдүүлүктү жогору баалашкан.

Сагымбайдын айтуусунда «Манасты» 1922-жылдан 1926– жылга чейинки убакытта Каюп Мифтаков менен Ыбырайым Абдырахмановдор жазыпса, Сапарбай Сооронов кайра көчүрүп, экинчи нускасын даярдаган экен. Азыр Кочкор районундагы Дөң-Алыш айылында да «Манастын» көптөгөн көчүрмөлөрү бар. Таанышып көргөндө кээ бирлери качан, ким тарабынан жазылгандыгы белгисиз. Бирок, көпчүлүгү Сагымбайдын

айтуусундагы вариант экендигин белгилешкен. Алардын ичинен Жусубакун уулу Апастын (Бакайды кан көтөрүп, Манас колун Бээжинге жөнөткөнүнөн баштап) 3680 саптык көчүрмөсү бир кыйла ачык, даана, маалыматтуу. Башкача айтканда көчүрмөнүн аягына: «Сагымбайдын айтуу боюнча Мергенбай уулу Медердин жазуусунан туура (өзгөрүүсүз) көчүрүлдү. 1959-жыл, 21-январь. Мындай атактуу казалды экинчи жазышым» деп кол койгон.

Сыягы Дөң-Алыш элиндеги «Манастын» көчүрмөлөрү дээрлик Медер молдонун жазуусу аркылуу тарказа керек. Анткени, Медер молдо дастанчы Амангулга карап, айылга көп келип жана айрым кол жазмаларды өз ара алмашкандыгы маалым.

«Манастын» көчүрмөлөрүнүн (кол жазма түрүндө) кеңири тарагандыгынан улам, «Манас» эпосу элдин жан дүйнөсүнө канчалык жакын экендиги, дегеле 1960-жылдарга чейинки окурмандардын эпосту өзгөчө кадырлай билгендиги айкын болуп турат.

Азыр биз ошентип кайта-кайта көчүргөндү мындай коюп эле, даяр «Манасты» (китебин) ошондой ынтаа менен окуй алабызбы? «Манасты» ыйык тутуп, маани-маңызын ошол жылдардын деңгээлинде түшүнүп, же үгүттөп жатабызбы? Азыркы китеп окурмандарынын андай аракетин байкоо кыйын.

Кыргыз элинин көркөм сөзгө ынактыгы, ырга шыктуулугу эзелки көрүнүш эмеспи. «Манас» эпосу элдик мурас экендигин туура баамдаган Жусубакун уулу Апас, «Манас» эпосунун көчүрмөсүнүн биринчи бетине ыр менен Сагымбай жана «Манас» жөнүндөгү ой толгоосун окурмандарга арнап мындайча жазыптыр:

## Окуучулардын эсине

Окусаң ушул Манасты,
Ойлоорсуң түрдүү санатты.
Окуусуз эле Сагымбай,
Оболтон элге таратты.

Сабатсыз өзү Сагымбай,
Сабатып айткан «Манасты».
Кашында экен молдосу,
Кат кылып элге таратты.

Баатырлык, эрдик Манастын
Бар ишинен билинет.
Багына келген Аккула,
Басташкан жоого минилет.

Сыр бар го, байка сөзүнөн,
Сабатсыз кантип киши айтат,
Ушунча сөздү эп менен,
Унутпай кантип төп айтат.

Бир нече жүз жыл өтсө да,
Бир жүргөндөй бүт айтат.
Кебине кеби окшобойт,
Кийинки сөзүн күч айтат.

Канча акынды көрдүңөр,
Кайыптан акыл таап айткан.
Миңдеген эмес андан көп.
Миллион сапты шар айткан.

Ар түрдүү акын элде көп,
Анын да несин айтайын.
Таптаза жыртпай окуңуз,
Тартуулап сизге арнайын.

Мына ушундан улам, «Манас» эпосундай элдик мураска мамилебиз кандай? 1960-жылдардын катардагы окурманынын деңгээлинде «Манас» китебин аздектеп, кантип жаралганына чейин ой толгоп, келечек тагдырына тынчсыздана алабызбы? Окуяларын жат билип, идеясын туура түшүнүп, өзүбүзгө пайдалуу таалим-тарбия алганга даярбыз? – деген мыйзамдуу ойлор пайда болот экен.

## ҮМӨШТҮН АРМАНЫ

Көпбай Кумушалиевдин «Күлкүнүн булагы» деген эскерүүсүн окуп, кадимки куудул Шаршен 1926-жылы азыркы Бишкектен кочкорлук Үмөш деген киши менен таанышканын, Куйручуктун жөн-жайын биринчи жолу андан кең-кесири укканын, анан Үмөштүн үйүнөн Шаршен Куйручук менен кантип көрүшүп, кантип учурашканын билдим да: «Бу кочкорлук Үмөш деген киши ким болгон? Аттын кашкасындай таанымал куудулдар менен мынча ынактыгы эмнеде?» – деген суроолор тынчымды ала баштады. Акыры кызыгуум жеңип, Үмөштүн туугандары жашаган Ак-Жар айылына бардым. Сардарбек, Жээнбек, Эсенгул сыяктуу улуу муундагы адамдардын көпчүлүгү билет экен. Ынтаа менен билгендерин айтып берүүгө ашыгышты.

Ал кишилердин билгендерине караганда, Үмөш болуш болуп турган кезинде да калыстыгынан тайбаптыр... Кадыр деген кишинин бир өгүзү жана айдап койгон азыраак эгини бар экен. Ошол эле айылдык байсынган бирөө Кадырды жерине ээлик кылдырбай, бышып турган эгинин тепсетип кетет. Даттанайын десе байдан коркуп, даттанбайын десе айын кордугу өтүп, айласы кетип турган кезде Үмөш бир топ кишилер менен ошол жерден өтүп калат. Атын бура тартып, токтой калган Үмөш:

– Ийе, аксакал! Бекер карап турганыңыз кандай? Өзүңүз жапаалмет болсоңуз. Биртике эгинди чачып

кор кылбай жыйнап алсаңыз, балдарга азык болбойбу?, дейт.

– Айтпасам болот эле... Кийин соң бала-бакырама залакасы тиеби деп айткандан чыны корком. Өзүң сурагандан кийин айтайын. Байыңдын жигиттери тебелетип кетти, – дейт.

Ошол эгинди малына тебелеткендер Үмөштүн жакындары экен. Сыягы Үмөшкө таянганбы, туугансып эсиргенби, ким билсин. Бирок, Үмөш туугансып калыстыктан кетпей, ага үч бодо айып салып коюптур.

Бир күнү көп киши менен жол жүрүп бара жатканда, намаз убактысы болуп калат. Жан-жөкөрлөрүнүн «баланча мырзаныкына жете барып, намазга түшүп, анан жол улайлы» дегендерине болбой, «элибиздин баары эле бир эмеспи» деп, жакын жердеги бир кара алачыкка токтойт.

– Айланайын, биздей акең бардыр, суу алып кел,– дегенде жокчулук жондон баскан үй турмушунан айбыгып турган жаш келин чыйрала түшүп, айтканын аткарат. Үмөш даарат алган соң, жанындагылардын «сыртка окуйлу» дегендерине көнбөй, үйгө кирип намаз окуйт. Аттанып чыгышкандан кийин: «Эли-журтубуз тынччылыкта болсо, анан ушул кичинекей үй -бүлөнү бага турган кудуретибиз жокпу?» деп, эртеси эле ошол үйгө жылкы, уй, бир нече кой бердирткен экен.

Үмөштүн атасы Сасык деген жээрде сакал, узун бойлуу киши экен. Кечкисин алардын үйүнө көп киши чогулчу. Дайыма кара көлдөлөңдө каадасын бузбай отурган Сасык: «Балдар күү угалы» дегенде, байбичеси керегеден комузун алып берүүчү.

– Кайсы күүдөн баштайлы?– деп элден сурап коюп, адегенде күү баянын айтып, комуздун тияк-биягын тыкылдатып келип, анан эл өтүнгөн күүнү чертип баштачу. Дегинкиси, Сасык кыйла чоң комузчу экен. Кийин Үмөш да чертип кетет. Черткенде да күүсүн жамактат-

кан сөздөр менен коштоп чертет. Мисалы, бир күүсүнүн таржымалы мындайча.

Үмөштүн Токтонаалы, Суйүнаалы деген инилери болот. Токтонаалы Дурдун ашында улак тартышта кан кусуп жиберип, ошондон кабылдап өлөт. Суйүнаалысы да айылдагы бир улак тартышта кырсыктайт. Ага удаа үч жашар Бердимат деген баласы, сопсоо туруп эле капилет чарчап калат. Ушинтип улам өлүм басты болгондо, Үмөш жаңы күү чертет. Ал «Үмөштүн арман күүсү», кийинчерээк жөн эле «Үмөштүн күүсү» аталып, эл арасына тарайт. «Үмөш бул күүсүн эки иниси удаа өлгөндө, жок иниси менен жалгыз уулу удаа өлгөндө чыгарган» деп, эки ача айтылып жүргөнүнүн себеби ушундан. Бул күү кыргыз радиосунун алтын фондусунда сакталып жана уктурулуп жүрөт. Айылдашы Жээнбек карыя да, көпчүлүк чогулган жерде чертип калат.

Ал эми Суйүнаалынын кайтыш болгон себеби, М.Ирсалиевдин «Азык кыргыз элинин байыркы уруусу» деген эмгегинде (М.Ирсалиев. Андаш баатыр. Бишкек – 2002-ж. 95-б.) мындайча баяндалат: «Үмөштүн бир тууган иниси Суйүнаалы балбан болуптур. Ал бир күндө улак тартыштан, жөө күрөштөн, жада калса эңиштен да ага теңдеш эч ким болбой, бүт байгени жалгыз алат. Улак тартып келе жатып, улакты салт боюнча бир ызааттуу адамдын үйүнө таштамай бар экен. Кир бир ызааттуу адамдын үйүнө таштайм деп, улакты жууп отурган жеңесинин алдына таштайм деп, улакты ыргытып ийсе, казандагы кайнаган сууга улак түшүп, кайнак суу жеңесине жаба төгүлүп, жамбашы бышып калат. Күйүккө чыдабаган жеңеси:

– Башка жер таппай калдыңбы? Өлүгүңдү көрөйүн жубарымбек, түндөн чыкпай кал! – деп, каргап салат экен. Эңиштен ээрге басылган чыканагындагы жарааты кабылдап, ырбаган жарааттан улам үч күнгө жетпей көз жумат.

1924–1925-жылдары бийликке кедейлердин катмары келе баштаганы менен эл, бай-манаптардын таасиринен арыла элек кезде Үмөш эр жетет. Өзүнүн адамкерчилиги, сөзмөрлүгү, орундуу жүрүм-туруму менен алымдуу болуп, өрөөндүн кадырмандары Карыпбай, Сарыбайлар менен үзөңгүлөш болуп кетет. Кыскасы, Карыпбайдын: «өзү кедейден чыккан. Көкүрөктө мындан тың жигит жок» – деген колдоосу менен болуш болот.

Ошол кездеги элдин кең пейил, ак адилдигин карабайсыздарбы?! Үмөштү мурда көрбөсө да, Чүй боорунан Чалданбай деген бир бай киши «Кочкордогу Үмөш иним болуш болуптур» деп, ошонун урматы үчүн айылына түлөө бериптир. Азыр бизде катардагы болуш эмес, президентибизге оң батасын бергендер саналуудур...

Үмөш жөнүндө минтип аздыр-көптүр маалымат уккан соң, атасын көрүп-билип калган кызы Кайирсага жол алдым. Кайирса эже Бишкек шаарынын «Чыгыш-5» кичи районунда жашайт экен. Эчак ардактуу эс алууга чыгып бала-бакырасынын аманчылыгын тилеп, бактылуу карылыкка баш коюп турган кези экен

Жөн-жайымды түшүндүргөндөн кийин, Кайирса эже кусалыгын жашыра албай армандуу бир улутунуп алды да, Мамлекеттик коопсуздук комитетинен келген катты колуна кармай отуруп, бүтүндөй балалыгын эскерип өттү:

– Чоң энебиз жаш кезинде чачын төбөсүнө түйүп алып, жылкы тийгенге катышкан эркек мүнөздүү, өктөм киши экен. Айыл-апада жыйын болсо, уулу Үмөштү ээрчитип барып, «Үмөш молдоңорго үйрөткүлө, Үмөш молдоңорго жаздыргыла» деп жүрүп, 12-13 жашында эле бий-болуштарга катчы болгонго жаратыптыр. Совет бийлигинин тушунда атам Нарын кантонунда, кийин Кар-Кол шаарына которулуп, Союзкошчуда Ташы Кудайбергенов, Усар Солтонбеков менен кызматташ

болуп, жогорку кызматтарда иштеп жүргөнүндө, 1928-жылы сүргүнгө айдалыптыр. Ошондо мен бир жашта экемин. Апам айтчу эле: «Орол тоодо жүрдүк. Чымкентте туруп, 1932-жылы туулган жерге келдик» деп... Болжолумда, азыркы орус драм. театры турган жерде Шаршен, Осмонкул, Адамкалый, Алымкул сыяктуу артистер жашачу экен. Биз сүргүндөн келгенде Шаршендин боз үйүнө түштүк. Айылга жөнөп атканыбызда Шаршен: «Сенден далай жолу ат миндим эле, бир көк жорго камдап койдум, ошону минип кет» деди. Сыртка чыгып карасам, боз үйгө велосипед жөлөнүп туруптур. «Колумдан келгени ушул» деп, атама ошол велосипедди берди. Аны кочкорлук тууганыбыз Жумашов Жунуш деген киши урунуп, Кочкордо биринчи жолу «Жунуштун шайтан арабасы» атыккан.

Андан эки жыл өтүп, 1934-жылы Сакып деген синдим төрөлгөн кезде «Кайра кармайт экен» деген кацшаар угулуп, Токмок тарапка жашыруун көчүп кеттик. Ал жылы Кара-Коңузда кыштадык. Кийинки жылы Токмоктун өзүнө көчүп барып, Шамен көчөсүндө жашап калдык.

20-майда мен дунган мектебинен жарымынчы, биринчи, экинчи (үч классты) бир окуу жылында бүтүп, бир батинке беш метр кездеме менен сыйланган элем. Ага баарыбыз сүйүнүп, атам да: «Ушу кызым өлбөсө киши болот» деп жетине албаган. Ошол кечте үйүбүзгө бир белгисиз мурда таанып эмес киши келип конгону эсимде. Эртең менен атам: «Айша мен базарга кеттим. Кап алып келе кал, ун алабыз» деген. Апам үй тиричилигине каралап базарга көптөн кийин бардык. Биз келгенде топтоңкон эл жарыла берип, бир аял балкылдап ыйлап да, апама айтып да жатты: «Ой, тобо! Ушундай да чырайлуу киши болобу? Элден ийинчелик ашып турат». Четки каптан умачтап көрүп, экинчи капка

барып унду алаканына чымчып салайын дегенде эле, артынан төрт милийса келип, колун аркасына байлап, туюк машинеге салып кетти» деди.

Биз ыйлап-сыктап жүрүп, Бишкектин Логвиненко көчөсүндөгү №1 деген түрмөсүнөн таптык да. 1937-жылы соту болгонго чейин катышып турдук. Көнүп алгандан кийин атама өзүм эле барып жүрдүм. Пропуска алганы кезекке турганда адамгерчиликтүүлөрү «өтө-гой» дейт, кээ бир карөзгөйлөр бутунун арасына кыпчып коёт. Эптеп буттардын арасынан жөргөлөп өтөм.

Бир күнү ошентип баратсам эле бирөө көтөрүп ала койду. Карасам Шаршен экен. Атама экөөбүз чогуу учурашып чыккандан кийин, мага балдар дүкөнүнөн оюнчук алып берди. Сүйүнгөнүмдү айтпа!.. Ошентип, 1937-жылдын август айында, атам атууга өкүм кылынды. Эки жуманын ичинде Жогорку Сотко арызданып, өкүм 15 жыл түрмөгө алмашылды. Андан кийин апам өкмөт башчыларына чейин арызданып жүрүп, алардын «бошотобуз» деген жообун угуп, илгери үмүттө жүргөнүбүздө, жарыктык ал кишилердин өздөрү да, бөөдө жалаа менен камалып, жок болушпадыбы.

Атам кесилип кеткенден кийин, комузду карап эле ыйлай берчимин. Кармай коюп жүрүп, черткенди билип, бара-бара комуздун коштоосу менен ырдаганга да үйрөнүп кеттим.

Санасам санаа сан күлүк,
Санаага болот ким жөлөк.
Санасам кудай берген жок,
Сегиз жашар бир бала.

Ойлосом оюм он бөлөк,
Оюма болот ким жөлөк.
Ойлосом кудай берген жок,
Он жашар эркек бир бөбөк.

Аркагай мүйүз ак эчки,
Астыңкы буту аксасын.
Атама чыккан душмандын,
Балдары мендей какшасын,–

деп ырдаганымда, апам теңтуштары менен ыйлап-сыктап, эркектер күңгүрөнүп жер чукулап калышар эле...

1941-жылдын июнь айында, областык олимпиадага катышып, Нарынга бардык. Жөнөтүп жатып мугалимдер айтышкан: «Ата-тегиңерди сураганга, Каирсанын атасын айтсаңар эл жакшы таанышт» деп. Нарынга жеткенде, желесинде кулун байланган, чоң ак боз үйгө токтодук. Үйдүн ээси токсон жашка чамалап калган кары киши экен. Жөн-жайыбызды сураганда мен: «Азык Үмөштүн кызымын» десем:

– О, айланайын Үмөш көздөнгөн! – деп бетимден өөп, ошол 20 окуучу, төрт мугалимди коноктоп узатты. Нарын, Тогуз-Торо аймагынан «Үмөштүн жакшылыгын көргөнбүз. Үмөш менен аяш элек» деп, мага өз кызындай мамиле кылган кишилер көп эле болду.

Согуш жылдарынан кийин жолдошум Токтобек экөөбүз кызмат-шартка байланыштуу, көл айланасында жашап калдык. «Бул жакта атамды кайдан билишсин» десем, атамды тааныгандар арбын болду. Өмүркары деген бир киши «Сен Үмөштүн кызы турбайсыңбы. Үмөш эки иниси өлгөндө: «Бириң кайың, бириң тал, Бириң шекер, бириң бал» деп кошуп черткен. Тянь-Шандыктар ырын ырдабайт. Үмөштүн күүсүн мына көлдүктөр ыры менен чертет» деди.

Ошентип, «Ата кадыры менен кыз өтөт» дегендей, атамдын көзү өтүп кетсе да, кайда жүрбөйлү, атамды таанып-билген кишилердин жылуу мамилесине туш келип жүрдүк.

Тагдырдын жазмышынанбы, же замандын жаңылыштыгынанбы, айтор, Үмөш да репрессияга тушук-

кан кыргыздын чыгаан уулдарынын бири экенин ойлогонумда «Үмөштүн арман күүсү» кулагыма жаңырып, жан дүйнөмдү чагылган жанып өткөндөй болуп турдум. Эркек бир туугандан, же туяк болор бир уулдан кудай айтпай, анысына жараша ак кызматынын үзүрүн көрбөй, 51 жашында ак жеринен атууга кетиши арман эмей эмне?!

Кызыл чиедей үч кыздын атасыз, же арка-жөлөк болор агасыз чоңоюшу арзан бекен? Эң кичүү кызы төрөлгөндө, бапырытып үйүнөн бешик той берүү ырыскысы буюрбай, анда да кенже кызы Турсуну менен түрмөдөн дидарлашат. Энесинин алаканында эч капарсыз жаткан кызынын ууртунан жыттап, маңдайынан сылап туруп: «Бешенеси жарык, бактылуу кыз болсун!» деп батасын берип коштошкон экен.

Атанын үмүт-тилегине жараша, бүгүнкү күндө кыздары текши жетилип, турмуштан татыктуу орундарын ээлегени көңүл жубатат. Айрыкча кенже кызы Турсун сырт түспөлү, илбериңки мүнөзү менен атасын көбүрөөк тарткандай.

Турсун эже кыргыз кыздарынан биринчи болуп, 1962-жылы политехникалык институтунун Тоо-кен чалгындоо факультетин бүтүп, ошондон бери тиешелүү адистиги боюнча иштеп келет. Жубайы Союзбек да геолог. Эмгегинин үзүрүн, балдарынын сый-урматын көрүп жатканына ыраазы. Анткени менен атанын таалим-тарбиясы түгүл, өңүн да билбей калганына өкүнөөрүн, азыр атасынын сүрөтүн сураштырып жүргөнүн айтты. Андан да, ден соолуктун айынан айылга барып туугандардын, айылдаштардын арасында атасын эскерүү тилегине жетпей жүргөн арманы, атадан калган армандын уландысындай болуп кетет экен...

*12. 01. 1994*



Төкмө акын Ногойбай (1895-1976)



Дастанчы Амангул (1901-1982)



Мамбетсадыктын жеңеси Гүласал менен агасы Карыпбай



Кызы Кайырса (1926-2005)



Тууганы Жеенбек (1910-1994)



Кызы Сакып (1934-2006) ортодо күйөбаласы Кенжебек жана анын уул-кыздары, неберелери




Ормонбай (1903-1993), уулу Кардөкөн жана жубайы Касенбүбү



Комузчу Самсаалы (1877-1968) небереси Кыдырма менен



Небереси (Мамыттын баласы) Болотбек,
Болотбектин балдары жана жубайы Гүлжан



Рапия (1917-1983), уул-келин, кыз-күйөө, небере-жээн, төркүндөрү менен



Карындашы Стахан



Иниси Жандос (1923-2004)



Ортодо Раманкул.
Солдон биринчи кызы Бермет (1941-2013), оң жакта жубайы Шамшия (1924-2003), солдон келини Какен, уулу Эсенгул (1947-1974), кызы Эрмек



Эмил (1978-2014)



Эмил апасы Камила, эжеси Фатима, жубайы Жылдыз менен



Кутман окурмандары менен



Кыздары Кайыргүл, Венера жана Кенже



Раманкул (1921-2007)



Ишкер келини Жээнбү (оңдо) жана кызы Самилахан



Үмөш (1886-1937)



Байбичеси Айша




Апасы Кенжекан, кызы Разия, уулу Талгат (1927-1994)



Кызы Апын, карындашы Зыйнат, кызы Шамшия



Неберелери (Талгаттын балдары) Танзила, Айна, Батмаү.
Уулдары Мухамбетаалы (1958-1993), Олжобай (1951-1979)



Уулу Мамыт (1921-1965)
Улуу Ата-мекендик согушка
катышкан 2-топтогу майып.
Жарааты кабылдап жүрүп,
узак оорунун кесепетинен
44 жашында кайтыш болгон.




Шаакерим (1908-2000)



Турдакун (1918-1987)



Сыпарбүбү



Кутман

## ЗАЛКАР КОМУЗЧУ

Талаа-түздө жүргөндө кыпындай так жугузбаган, аппак тонунун этек-жеңин жерге тийгизбей, конгон куш сымал бут учунан отурушунан эле Самсаалынын өтө сыпайы, таза, бир мүнөз киши экени баамга урунчу экен.

Атайын күү укканы чогулгандардан кимдир бирөөлөр башка түйшүк жөнүндө күбүр-шыбыр болуп сүйлөшө баштаса, чертип аткан күүсүн токтотуп, комузун керегеге жөлөп койчу дешет. Мындай учурда жүрөк эргиткен күүнүн тып токтогонуна себепкер кишилер, насыя жемеге калгандай осол болушкан. Андан да таалим-тарбия ишине кайдыгер эместигинен улам, «кызды куштап бак, уулду барктап бак» деп көп айткан.

Улуу Ата Мекендик согуштан мурдараак Чолпон орто мектебинде комузчулар ийрими түзүлүп, ага Жандос Сманкул уулу, Медеркан Окиш уулу, Ишеке Мамыр уулу сыяктуу ондогон ышкыбоз балдар тартылган.

Самсаалы сексенден ашып калган кезинде республикалык радио комитеттин чакыруусу менен барса да, күүлөрүн радиого толук жаздырбай келген себеби кызык. Көрсө, окуя мындай болуптур. Ондон ашык күүнү удаасы менен чертип болгон кезде радиокомитеттин бир кызматкери гонорардын эсебинен Самсаалыга акча алып келип берет. Сыягы ал кызматчы, акчаны алдынала берсем, комузчу мындан бетер көңүлдөнүп, күүлөрүн калтырбай чертет деген го. «Билген күүлөрүңүз-

дөн дагы черте бериңиз» дегенде, Самсаалы өз ичинен «Акча берсе эле черте берген киши экен деп калышпасын» деген ой менен «Башка билбеймин» деп коюптур. Бирок, кийин немереси Кыдырма Токтосадык уулунун катышуусу менен үн режиссёр Павлик Усенов Кыргыз радиосунун фондусуна Самсаалыдан 84 күү жазып алат. Анын ичинен 56 күүсү алтын фондуга өткөн.

* * *

Самсаалынын атасы атактуу байлардын бири болсо да, көр дүйнөгө кул болбой, мал-пулун максаттуу урунган киши экен. Ошондон улам го, Самсаалыны жаштайынан медреседен окутуп, атактуу комузчу Кудайбергенден өнөр үйрөнүүсүнө шарт түзөт. Ал кадыресе комузчу болуп калган кезинде атасы аны Токмокко алып барып, орустардан атайын гармон үйрөттүрүптүр. Анын музыкалык сабаты артып, түрктүн обондорунун негизинде «Түрктөрдүн маршы», өзөгүнө орус жана кыргыздын элдик обондорун алып, жаңы, көп кайрыктуу «Айран аш» сыяктуу залкар күүлөрдү чыгарат. Үй-бүлөсү бейшемби күнү эле отун-суусун дайындап, конок камын көрө баштаткан. Анткени, жума намазынан кийин айылдагы карыялар келишип, комузчунун күүсүн, кеп-сөзүн угушчу. Ал комузду чертип-чертип келип, ар бир күүнүн таржымалын тажабай айтып берген. Өзгөчө чыгаан күлүк, алгыр куш жөнүндөгү аңгемелерден көп айткан. Китепти жакшы көрчү. Пенсиясынын көбүн эле китепке зарптаган. «Манас» баштаган толгон-токой китептерди неберелерине окутуп уккандан талыккан эмес. Канааттануусу күч болгон.

Бир күнү зикир чалып дубана келип калат. Комузчу анын кылык-жоругуна катуу таасирленгендиктен, суранып жатып үйүнө кондурат. Эртең менен дубана-

нын зикирин комуз менен чертип берет. Мындан кийин «Күсөй дубананын зикири» деп атап, чертип жүрүүгө дубанадан уруксат алат. «Ак көз Байсейит кызынын кошогу», «Кудайбергендин кызынын кошогу» деген күүлөрүндө да, аталган кыздардын кошокторуу күүлөрдүн өзөктөрүн түзөт. Ал эми «Обон шыңгырама» деген күүсүндө Байсейиттин кызынын, Кудайбергендин кызынын жана Карыпбайдын обондорун өнүктүрүп, музыкалык ойлорду тереңдетүүгө жетише алган.

«Карыптын арманы» деген күүнүн туура аталышы – «Карыпбайдын арманы». Анткени, Канаат уулу Карыпбай экөө бала күнүнөн ынак дос болгон. Медреседен да чогуу окуп, өз алдыларынча үй-бүлө күткөндөн кийин деле коюн-колтук алышып, кайда болсо бирге жүрүшөт. Карыпбай сүргүнгө айдалганда коштошуп жатып: «Заман бузулуп баратат. Чүй жакка ооп кетсеңчи. Сен дагы камалып калышың мүмкүн», – дейт. Самсаалы ошондон кийин досунун тили менен Чүйдөгү Кош-Коргон деген жерге качып барат. Байдын баласы, манаптын досу катары, кулакка тартылуу коркунучунан кутулат.

Кеңеш өкмөтү жер-жерде мектеп ачып, сабатсыздыкты жоюуга чечкиндүү кадам коюп жаткан кезде өлкөдөгү мындай күрдөөлдүү кыймылдын, кызыктуу турмуштун таасиринде «Токтом» деген күүсүн чыгарган.

Самсаалы 1916-жылы «үркүндө» ак падышанын жазалоочу солдаттары үй -жайын өрттөп, мал-мүлкүн талап-тоноп кеткенде бир жакырланса, кыргыз жергесине Кеңеш өкмөтүнүн бийлиги орногондо «кулакка» тартылуу коркунучунан улам качып-бозуп жүрүп, мында да материалдык гана эмес, моралдык запкыга да дуушарланып, «Итке минген кедейдин» кейпине келет. Айыл-кыштактар отурукташып, колхоз, совхоздор ирилеше баштаган кезде улгайып калганына ка-

рабастан, «Жумгал» совхозунда койчу болуп иштейт. Бир күнү жайып жүргөн койлоруна жетпей калганда:

Кырдаалдуу кезим барында,
Кыргоолдун этин чайнадым.
Кысылып турмуш келгенде,
Кыйкырып,
Совхоздун малын айдадым.

Жыргалдуу кезим барында,
Жылкынын этин чайнадым.
Жылып бир турмуш келгенде,
Жылдырып,
Совхоздун коюн айдадым,– деп ырдап, өткөн-кеткен турмушун элестеп, «Койчунун копогу» деген күүсүн чыгарат.

Карыя комузчу жетимиштен ашып калган кезинде өздүк-көркөм чыгармачылыгынын облустук жана республикалык кароолоруна катышып, биринчи даражадагы Дипломдор менен сыйланат. Кароодо Самсаалыны таанып жана талантын баалап калган композитор Абдылас Малдыбаев кийин артынан келип, атайылап үйүнө чакырып кетет. Ошол барышында Абдылас кыздуу болуп, анын өтүнүчү менен Самсаалы кыздын атын Жылдыз коёт. Кийин да бул эки залкар үймө-үй катышып жүрүштү.

* * *

Кочкор районунун көкүрөк аймагынан чыккан таланттуу адамдардын бири, Самсаалы Алыке уулу жаштайынан эле көпчүлүктүн көңүлүнөн түнөк тапкан залкар комузчу болсо да, классикалык деңгээлде жараткан жана аткарган чыгармалары тээ 1962–1963-жылдарга

чейин кеңири чөйрөгө жетпей, көмүскөдө келген. Кыргыз радиосу тарабынан жазылып алынып, кыргыз музыкасынын көөнөрбөс кенчине айланды.

Белгилүү музыка изилдөөчү Балбай Алагушев «Самсаалы» деген очеркинде: «Самсаалы – башка элдик шайырлардан аткаруучулук, күү чыгаруучулук жагынан бөтөнчө айырмаланган, өзүнчө чыгармачылык жүзү бар, жаңычыл, изденгич комузчу. Анын күүлөрүнөн жаңы ырларды, кайрыктарды угабыз» деп, анын күүлөрүнүн көп жактуулугун, мазмундуулугун баса белгилейт. Айрым журналисттер да ар мезгилде Самсаалы жөнүндө макала, очерк, эскерүүлөрдү жазышты. Бирок, али да болсо Самсаалынын чыгармачылык жүзү, чебер комузчулугу жалпы элге кеңири малым болбой жаткансыйт. Анткени, радио-телевидениеден берилген чыгармалардын автору, же аткаруучусу түгүл, күүнүн аты да аталбай уктурулган учурлар көп. Дирижёрлор болсо, бардык комузчулардын күүлөрүн, текши оркестирлештирүүгө жетише элек.

Ошондуктан, залкар комузчунун көмүскөдөгү көөнөрбөс музыкалык мурастарын жарыкка чыгарып, кеңири чөйрөгө таркатуу үчүн «Отко жакын шиш күйөт» дегендей, ириде жердештери кам көрсө деп ойлойм. Ал үчүн тулуп-өскөн Кочкор районунда Самсаалынын күүлөрүнүн биринин аталышында комузчулар ансамбли уюштурулса. Айылдаштары, бир көчөнүн аталышын Самсаалынын ысмына ыйгарып, ошол көчөгө Самсаалы жашаган доор менен коомдук түзүлүштү жана анын жеке турмушу менен чыгармачылыгын чагылдырган үй-музейин түзсө максатка ылайык болмок. Анан да комузчунун өлгөн жылы так болсо да, туулган жылы ар бир макала, очерктерде түрдүүчө берилип жүрөт. Демек, туулган жылын тактап, шарты келген-

де маарекеси өткөрүлсө. Маарекесине чейин Кыргыз маданият министирлиги жана кыргыз радиосу менен байланышып, радионун алтын фондусундагы тандамал чыгармаларынан заманбап альбомдорго жаздырылса... Кантсе да кыргыз музыкасынын көрөңгөсүн түптөөгө белгилүү салымын, талантын кошкон кайталангыс залкар комузчунун ак эмгегин баалай билгендер, жогоруда учкай саналып өткөн сунуштарды кеңейтип, практикалык кадамдарга барарына ишенемин.

Самсаалы Алыке уулунун кубулжуган, жайдары мүнөздүү күүлөрү эфирден жаңырып турган чакта, анын музыкалык таланты менен катар ар өнөрдү аркалаган өмүр таржымалы да, эл ичинде санжыргаланып айтыла бермекчи.

*24. 11.1992*

# ЖАШТАРГА ЖАҢ ДҮЙНӨСҮ ЖАКЫН ЭЛЕ

Сегиз баланын энеси, Дөң-Алыш айылынын китепканачысы, КРнын Кочкор райондук эл депутаттарынын Кара-Суу айылдык Кеңешинин депутаты Имакеева Кутман эже 1934-жылы 4-январда Чүй районунун Кегети айылында жарык дүйнөгө келген. Токмок шаарындагы Маданий агартуу техникумун ийгиликтүү аяктаган. 1957-жылы Кочкор районундагы Дөң-Алыш айылынын кадыр-барктуу адамы, өмүр бою агрономдук кызматты аркалаган Алыбеков Иликеш агабызга жубай болуп, ошол жылдан өмүрүнүн аягына чейин, т.а. 1998-жылга чейин айылдык китепкана башчысы болуп үзүрлүү эмгектенди.

Карапайым адамдын эмгеги тууралуу кеп кылар алдында ал киши жашаган доор тууралуу кеп кыстара кетпесе, тузу кем шорподой болуп, азыркы муунга анча жеткиликсиз болуп калат.

Өткөн кылымдын 50-жылдары Улуу Ата мекендик согуштан кийинки өлкөнү калыбына келтирүү сыяктуу оор кырдаал жаңыдан эле артта калып, эл кичине жетиштүү заманга башбагып турган кез. Социализм өнүгүп, коммунизм дооруна багыт алдык, совет эли дүйнөдөгү эң жеңишчил, эмгекчил эл деген дымак күчтүү. Өзгөчө, илим-билимге умтулуу, дүйнөдө жана Советтер Союзунда болуп жаткан жаңылыктарга кызыгуу, дегеле, өнүгүүгө шарт түзгөн бардык иштер боюнча кеңири маалымат алуу ар жарандын кызыгуусун туудурчу.

Алыскы айыл жеринде бул кызматты күндөлүк гезит-журналдар, өзгөчө китеп жана китепканалар аткарчу.

Кутман эже көп убактысын китепканага арнады. Бала-чака менен үй түйшүктөрүн кайненеси Акиш эне менен тең бөлүшүп, айына эки-үч ирет район борборуна чабагандап, отчёт-потчётторун тапшыруу шылтоосу менен далай мекемелердин эшигин жыртты. Өз кызыкчылыгы үчүн эмес, китепкана кызыкчылыгы үчүн. Ал кезде китептер борборлоштурулган китепкана тармагы аркылуу бөлүштүрүлүп, айылдыктар кызыгып окуган китептердин көпчүлүгү облус жана район борборлорундагы китепканаларга тийчү. Калганы айылдарга өп-чап жетет. Кутман эже районго кандай китеп канча нуска менен келгенин астыртан билип алып, айылга кайсы китеп келбей калганын тактап алган соң, артынан түшүп атып бөлдүрчүсүн бөлдүрүп, бөлүнбөй калганын бир-экиден издетип таптырып, айтор, китепкана базасын кыйла чыңдаганы айныксыз чындык. Ошондуктан мектеп китепканасында жок китептерди мектеп окуучулары менен мугалимдер Кутман эжеден таап окучу элек.

Кутман эже айылдагы окумал, өтө билимдүү адамдардын бири эле. Китеп жандуулугун анын китепканасындагы текчелердин ирээттүүлүгү менен тыкандыгы айгинелеп турчу. Ал жерде ар ким алып окуй берип, сырты көөнөргөн китептер арбын болчу. Бирок, айрылып-тытылганын жымсалдата чаптап, кадимки калыбында сактачу.

Айыл жеринде жылдын төрт мезгили өнөктүк: жазында койдун тууту, жайында талаа сугат иштери, күздө чөп чабык, кышта мал кыштатуу. Ошондой өнөктүк учурунда ал киши китептерин куржун-куржун кылып артынып алып, ат менен адыр ашып, сарайларды кыдырып, жаз-жай талаа стандарын жай кылаар эле. Ар

дайым адамдар менен чогуу болуп, китепканачылык милдети катары карапайым эмгекчилерге китеп-билим тууралуу адамды арбап алчу, таасирдүү кептерин айтат. Андан тышкары, ал кезде партиялык үгүт иштери деген кошумча тапшырмалар көп тагылчу. Ара-чолодо чогулган калкка лекция окуп, суроолоруна жооп узатып, агитатор кызматын аркалаганын көп көрдүк.

Китепкананын негизги окурмандары, албетте, мектеп окуучулары. Алар мектептен чыгаары менен Кутман эженин китепканасына кайрылбай өтпөйт. Ал киши бала жандуу, жаш муунга мээримдүү, атайын педагогдук сабаты жок болсо да, табигый тарбиячылык касиетке ээ эле. Балдарды тегерегине чурулдатып чогултуп алып, не-бир тарбиялык насаат кептерин айткандан тажачу эмес.

Кутман эжени сөз кылган жерде ал кишинин табигый ажары менен түбаса шык-жөндөмдөрү тууралуу айтпай коё албайсың. Ал киши тууган-туушкан ичинде гана эмес, жалпы айыл арасында кадыр-барктуу болчу. Кандай жерде болбосун акылга акыл кошуп, калыс сөзүн аянчу эмес. Аш-той болобу, кичине-чоң шерине-үлпөт болобу, же жалпы айыл арасындагы кароо-сынактар болобу, уюштуруу иши ансыз өтчү эмес. Уюштуруп гана тим болбой, ал иштердин көркүн өзү чыгарчу. Сөз кезеги келгенде айткан кеби жугумдуу, ыр кезеги келгенде созгон ыры угумдуу. Кыскасы, ал киши жүргөн жер шатыра-шатман, көңүлдүү болуп, андай-мындай калпыстыкка жол берилчү эмес. Анткени, Кутман эже тек гана билимдүү эмес, элет салтын мыкты өздөштүргөн, алыш-бериш, жөн-жай өңдүү кылдат мамилелерди жакшы бил ген кыраакы адам эле.

Кутман эже 8 баланы: 5 уул, 3 кызды тарбиялап өстүрдү. Кырк торт жашында, 1978-жылы өмүрлүк жолдошу Иликеш ата кайтыш болуп, ал кишинин

Алыскы айыл жеринде бул кызматты күндөлүк гезит-журналдар, өзгөчө китеп жана китепканалар аткарчу.

Кутман эже көп убактысын китепканага арнады. Бала-чака менен үй түйшүктөрүн кайненеси Акиш эне менен тең бөлүшүп, айына эки-үч ирет район борборуна чабагандап, отчёт-потчётторун тапшыруу шылтоосу менен далай мекемелердин эшигин жыртты. Өз кызыкчылыгы үчүн эмес, китепкана кызыкчылыгы үчүн. Ал кезде китептер борборлоштурулган китепкана тармагы аркылуу бөлүштүрүлүп, айылдыктар кызыгып окуган китептердин көпчүлүгү облус жана район борборлорундагы китепканаларга тийчү. Калганы айылдарга өп-чап жетет. Кутман эже районго кандай китеп канча нуска менен келгенин астыртан билип алып, айылга кайсы китеп келбей калганын тактап алган соң, артынан түшүп атып бөлдүрчүсүн бөлдүрүп, бөлүнбөй калганын бир-экиден издетип таптырып, айтор, китепкана базасын кыйла чыңдаганы айныксыз чындык. Ошондуктан мектеп китепканасында жок китептерди мектеп окуучулары менен мугалимдер Кутман эжеден таап окучу элек.

Кутман эже айылдагы окумал, өтө билимдүү адамдардын бири эле. Китеп жандуулугун анын китепканасындагы текчелердин ирээттүүлүгү менен тыкандыгы айгинелеп турчу. Ал жерде ар ким алып окуй берип, сырты көөнөргөн китептер арбын болчу. Бирок, айрылып-тытылганын жымсалдата чаптап, кадимки калыбында сактачу.

Айыл жеринде жылдын төрт мезгили өнөктүк: жазында койдун тууту, жайында талаа сугат иштери, күздө чөп чабык, кышта мал кыштатуу. Ошондой өнөктүк учурунда ал киши китептерин куржун-куржун кылып артынып алып, ат менен адыр ашып, сарайларды кыдырып, жаз-жай талаа стандарын жай кылаар эле. Ар

дайым адамдар менен чогуу болуп, китепканачылык милдети катары карапайым эмгекчилерге китеп-билим тууралуу адамды арбап алчу, таасирдүү кептерин айтат. Андан тышкары, ал кезде партиялык үгүт иштери деген кошумча тапшырмалар көп тагылчу. Ара-чолодо чогулган калкка лекция окуп, суроолоруна жооп узатып, агитатор кызматын аркалаганын көп көрдүк.

Китепкананын негизги окурмандары, албетте, мектеп окуучулары. Алар мектептен чыгаары менен Кутман эженин китепканасына кайрылбай өтпөйт. Ал киши бала жандуу, жаш муунга мээримдүү, атайын педагогдук сабаты жок болсо да, табигый тарбиячылык касиетке ээ эле. Балдарды тегерегине чурулдатып чогултуп алып, не-бир тарбиялык насаат кептерин айткандан тажачу эмес.

Кутман эжени сөз кылган жерде ал кишинин табигый ажары менен тубаса шык-жөндөмдөрү тууралуу айтпай коё албайсың. Ал киши тууган-туушкан ичинде гана эмес, жалпы айыл арасында кадыр-барктуу болчу. Кандай жерде болбосун акылга акыл кошуп, калыс сөзүн аянчу эмес. Аш-той болобу, кичине-чоң шерине-үлпөт болобу, же жалпы айыл арасындагы кароо-сынактар болобу, уюштуруу иши ансыз өтчү эмес. Уюштуруп гана тим болбой, ал иштердин көркүн өзү чыгарчу. Сөз кезеги келгенде айткан кеби жугумдуу, ыр кезеги келгенде созгон ыры угумдуу. Кыскасы, ал киши жүргөн жер шатыра-шатман, көңүлдүү болуп, андай-мындай калпыстыкка жол берилчү эмес. Анткени, Кутман эже тек гана билимдүү эмес, элет салтын мыкты өздөштүргөн, алыш-бериш, жөн-жай өңдүү кылдат мамилелерди жакшы бил ген кыраакы адам эле.

Кутман эже 8 баланы: 5 уул, 3 кызды тарбиялап өстүрдү. Кырк торт жашында, 1978-жылы өмүрлүк жолдошу Иликеш ата кайтыш болуп, ал кишинин

көзү жогун билдирбей, 5 баласын жогорку окуу жайларынан окутуп, турмуш жолуна аттандырганы эле эмне деген эрдик!

Айткандай эле, уул-кыздары Кутман эже менен Иликеш атанын изин улантткан, атына сөз тийгизбеген мыкты жаштардан болуп чоңоюшту. Кутман эже уул үйлөнтүп, кыз узатты. Куда-сөөктөр менен сый-урматта өттү. Уулдарынын айтымында, Кутман эже эч убакта келиндерине катуу айтып шагын сындырбаган жан болуптур. Келген күндөн өз кызындай кабыл алып, келиндерине да кадыр-барктуу эле.

Уул-келин, кыз-күйөөлөрү ал кишиге, кудайга шүгүр, чай-чамекти арбын көтөрүп, айылчылап турушту. Кутман эже «жапма челекти» жактырчу эмес, ошолордун баарын кошуна-колоң айыл-апа менен тең бөлүшүп, колунда барын оокаты тартыштарга карматып ийер эле. Ушундай айкөлдүгүнөн улам коңшу-колоң, ага-туугандарынын арасында «алтын апа» атыгып, балдар гана эмес, улуу-кичүүлөр жана теңтуштарга чейин «алтын апа» чакырыптыр, «алтын апаныкына» баралы деп атоо көнүмүшкө айланган жайы бар.

64 жаш курагында жарык дүйнө менен капилет кош айтышканында «ооздон алдыргандай» болуп, умсунуп кала берген элек. Кутман эже менен маектешкендеги «уландысы бар» далай кептердин учугу уланбай калбадыбы. Айрыкча, Кутман эженин туулуп-өскөн айылы Кегетидеги, таңдайынан чаң чыккан атактуу санжырачы жана сөзмөр Саамай атага чогуу барып, кыргыздын кулк-мүнөзүн, каада-салтын, акылмандыгын, эрдигин, чечендигин айгинелеген нарктуу кепке кулак курчун кандырсак деген ой-санаабыздын ишке ашпай калышы биздин чоң өкүнүчүбүз болду. Анткени, жарыктык ал киши да тызылдап тың жүрүп эле, Кутман эжеден мурдараак о дүйнөгө кете берген эле...

Кутман эже көңүлүмдө сыйкорлугу, адамды алыстан тааный билген кемеңгерлиги менен эсимде. Улуунү да, кичүүнү да илбериңки мамилеси менен өзүнө тартып алчу. Көчөдөн жолукса шашпай ал-жай сурашып, үйдө болсо ак дасторконун жайып, берээрге ашын таппай жүгүрүп кабыл алчу. Ар кимдин көңүл ыңгайын таап сүйлөгөндүктөн, берген ашынан да сүйлөгөн сөзүнүн татымы эстен кетчү эмес. Кайрылып бир жолукканда кеп учугу көңүлдүү уланып, жашоо-тирлик, өмүр, бакыт, өкүнүч өңдүү түбөлүктүү темалардын айланасында эже саймедирегенде аалам тынчып, убакыт токтоп калган сыяктуу, бир гана Кутман эженин аңгемесине канча жолу арбалбадык.

Айрыкча, китепканадан жолугушканда элдик оозеки чыгармалардан тартып, дүйнөлүк классиктердин чыгармалары менен алардын өмүр таржымалдарына байланышкан не түркүн жеке байкоолорун, салыштырууларын, корутундуларын ортого жайганда, ойчул эмес адам да кантип «чечен» болуп кеткенин өзү байкабай калар эле. Ал кезде китепти үйүнө көтөрүп барып окуганды билип, кайрылып китепканага өткөрүүнү ойлобогон кенебестер бар эмес беле. Бир кабагым-кашым дебей үйлөрүнө чейин барып, «экинчи китеп албайсың» дегендин ордуна дагы кандай жаңы китептер келгендиги жөнүндө кабарлап, аны алып окууга сунуштачу.

Дегеле жаштарга үзүлүп түшүп энедей камкор, эжедей таалим бергенинен улам жаштар арасында бөтөнчө кадырлуу эле. Азыркы кулпу кайтарган, же ачылса да ичинде алгылыктуу адабияттары жок, адабияты болсо да аны тырмышып окурмандарынын колуна бербеген китепкана менен китепканачыларды көргөндө Кутман эженин элеси көздөн учат го, чиркин! Анан калса Кутман эже жандүйнөсү кенен, руху күчтүү, дүйнөнү көр-

көм кабылдай билген, тубаса таланттуу адам эмес беле. Айрыкча, азыркы «Кыргыз тили жакынкы 100 жылдын ичинде жоголуп кетүүчү тилдердин тизмесинде экен» деген маалыматты басылмалардан окуганда эне тилин эне сүтү менен берген Кутман апа, эне тилинин ыйыктыгын даңазалаган Кутман эжейлерге канчалык муктаж экендигибиз айдан ачык боло түшөт. Аргасыз ойлоп кетем, акысыз кызмат көрсөтүүгө бел байлаган ушу сизчелик жан дили менен жаштардын келечегине, таалим-тарбиясына таасир эткендер чанда чыгаар. Орто мектепти бүтүп, мындан ары эмне кыларын билалбай арсарсып турган далай жаштарга жол көрсөтүп, кийин соң айылдын мыкты азаматтарынын бири болушуна агынан жарыла кызмат өтөдүңүз. Бир далай бүтүрүүчүлөрдү Бишкекке өзүңүз коштоп келип, ылайыгына карай тигил же бул окуу жайга документтерин тапшыртып, жатакана алышына жардамдашуучу элеңиз. Туз-насип буйруп айылда же башка аймакта иштеп калган ошол жаштар, сиздин мындай камкордугуңузга бул күндө да ыраазы. Чоң сүймөнчүлүк менен эскеришет.

Кутман эже, сиздин окуп үйрөнгөн билимиңизге караганда тубаса жөндөмүңүз, талантыңыз, табият менен жуурулушкан табитиңиз күчтүү эле. «Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин» – деп, А.Токомбаев айткандай, бүгүн сиздин элге, анын ичинде айрыкча жаштарга рухий азык берген эмгегиңиз бар.

«Жакшы кишинин өмүрү кыска» деген сөздүн чындыгына моюн сунганыбыз менен өкүнүчүбүз чоң. Азыр арабызда болбогонуңуз менен өрнөктүү өмүрүңүздүн таасири күч.

Эгер арбак билээри чын болсо, азыр биздин рухий байлыгыбызды толуктоого сиздин китепкана менен

жаштарга байланыштуу мамилеңиздин жетишпей жаткандыгын кандай кабылдайт элеңиз. Сиздеги тереңдик менен бийиктикти, кенендик менен айкөлдүктү учурунда баалай албагандай эле, биз азыр да кадырыңызга кантип жетүүнү билбеген абалдабыз. Ушундай абалдан келип чыккан төмөнкү ырыбызды сиздин элесиңизге арнап, жок дегенде андагы үмүт-тилегибиз ишке ашса дейбиз. Кабыл алыңыз Кутман эже!

Көбөйүп билимдүүлөр арабызда,
Дилгирлик бар өңдөнүп балабызда.
Кол жетип интербилим деңгээлине,
Окушат компьютерлүү класстарда.

А бирок ата-эне арасында,
А түгүл турмуш көргөн карысы да.
Алдырып акыл-эсин «жинди сууга»
Жатпайбы доо кетирип кадырына.

Аракеч үй-бүлөдөн жаралганга,
Кайдыгер карап балдар жан-жагына.
Билинбей мээримсиздик, зөөкүрлүктүн
Кесири тийип жатат канчасына?!.

Ушуну ойлогондор анда-санда,
Ойлонгон менен күйүп-жанмак кайда!
Балдарын мектеп «багып» кеткен сымал,
Док артмай эжей менен агайларга.

Ичинтип, кийиндирип баккандарын
Эсептейт, керек эмес башкасынын.
«Кой!» демек түгүл чоочун улан-кызды,
Сурабайт түнгө калган өз баласын.

көм кабылдай билген, тубаса таланттуу адам эмес беле. Айрыкча, азыркы «Кыргыз тили жакынкы 100 жылдын ичинде жоголуп кетүүчү тилдердин тизмесинде экен» деген маалыматты басылмалардан окуганда эне тилин эне сүтү менен берген Кутман апа, эне тилинин ыйыктыгын далазалаган Кутман эжейлерге канчалык муктаж экендигибиз айдан ачык боло түшөт. Аргасыз ойлоп кетем, акысыз кызмат көрсөтүүгө бел байлаган ушу сизчелик жан дили менен жаштардын келечегине, таалим-тарбиясына таасир эткендер чанда чыгаар. Орто мектепти бүтүп, мындан ары эмне кыларын билалбай арсарсып турган далай жаштарга жол көрсөтүп, кийин соң айылдын мыкты азаматтарынын бири болушуна агынан жарыла кызмат өтөдүңүз. Бир далай бүтүрүүчүлөрдү Бишкекке өзүңүз коштоп келип, ылайыгына карай тигил же бул окуу жайга документтерин тапшыртып, жатакана алышына жардамдашуучу элеңиз. Туз-насип буйруп айылда же башка аймакта иштеп калган ошол жаштар, сиздин мындай камкордугуңузга бул күндө да ыраазы. Чоң сүймөнчүлүк менен эскеришет.

Кутман эже, сиздин окуп үйрөнгөн билимиңизге караганда тубаса жөндөмүңүз, талантыңыз, табият менен жуурулушкан табитиңиз күчтүү эле. «Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин» – деп, А.Токомбаев айткандай, бүгүн сиздин элге, анын ичинде айрыкча жаштарга рухий азык берген эмгегиңиз бар.

«Жакшы кишинин өмүрү кыска» деген сөздүн чындыгына моюн сунганыбыз менен өкүнүчүбүз чоң. Азыр арабызда болбогонуңуз менен өрнөктүү өмүрүңүздүн таасири күч.

Эгер арбак билээри чын болсо, азыр биздин рухий байлыгыбызды толуктоого сиздин китепкана менен

жаштарга байланыштуу мамилеңиздин жетишпей жаткандыгын кандай кабылдайт элеңиз. Сиздеги тереңдик менен бийиктикти, кенендик менен айкөлдүктү учурунда баалай албагандай эле, биз азыр да кадырыңызга кантип жетүүнү билбеген абалдабыз. Ушундай абалдан келип чыккан төмөнкү ырыбызды сиздин элесиңизге арнап, жок дегенде андагы үмүт-тилегибиз ишке ашса дейбиз. Кабыл алыңыз Кутман эже!

Көбөйүп билимдүүлөр арабызда,
Дилгирлик бар өңдөнүп балабызда.
Кол жетип интербилим деңгээлине,
Окушат компьютерлүү класстарда.

А бирок ата-эне арасында,
А түгүл турмуш көргөн карысы да.
Алдырып акыл-эсин «жинди сууга»
Жатпайбы доо кетирип кадырына.

Аракеч үй-бүлөдөн жаралганга,
Кайдыгер карап балдар жан-жагына.
Билинбей мээримсиздик, зөөкүрлүктүн
Кесири тийип жатат канчасына?!.

Ушуну ойлогондор анда-санда,
Ойлонгон менен күйүп-жанмак кайда!
Балдарын мектеп «багып» кеткен сымал,
Док артмай эжей менен агайларга.

Ичинтип, кийиндирип баккандарын
Эсептейт, керек эмес башкасынын.
«Кой!» демек түгүл чоочун улан-кызды,
Сурабайт түнгө калган өз баласын.

Ойготуп жан дүйнөнүн тынчын алып,
Ойлонтуп ой-сезимге от тутантып.
Жаштарга сиз сыяктуу ар бир эне,
Насаатчы болсо гана сырын тартып!.

Түшүнбөй сиздин ушул касиетти,
Түйшүктүү түмөн ошол аракетти.
Эмгиче таразалай албай жүргөн,
Кечиргин бизден кеткен кемчиликти.

Ардактуу мугалимдин аты менен,
Аталып жүргөнү чын далай мектеп.
Айылдын аттары да өзгөрүүдө,
Атактуу инсандардын ысмы менен.

Кырк жылдай сиз башкарган китепкана,
Куп болмок «Кутман» деген ысым алса.
Анткени сиз сыяктуу, дил кунарын
Тазартат экен ушул китепкана.

*2005-жыл.*

## ӨРНӨКТҮҮ ЭНЕ, ӨНӨРЛҮҮ УУЛ

Эл ичинде таланттуулардын улуу көчүн улаган, обончу, композиторлордун катары жетишээрлик арбын экендиги белгилүү. Бирок алардын жараткан чыгармалары ар биринин өз дараметине жараша ар кыл деңгээлде экендиги да талашсыз. Айрыкча жаш композиторлордун алгачкы чыгармаларынан баштап эле элдин калың катмарына сиңип кеткендери саналуу гана.

Алардын бири 1978-жылы 11-майда туулуп, гүлгүндөй жаш курагында 2014-жылдын 9-сентябрында кайтыш болгон Эмил Жакыпбеков. Ал жөнүндө сөз болгондо, оргуган талант-жөндөмүнө шайкеш келген адамгерчилиги көз алдыга тартылбай койбойт. Мындай өзгөчө таланттуулук, тарбиялуулук жөндөн эле эмес. Анын алгачкы кыялы, ой-чабыты, табияттын сырдуу жүзүн чагылдырып, сырын ачкан туулуп-өскөн Мекенинин таасиринен, билимге жана өнөргө умтулуусунан улам бышып-жетилгени туюлат. «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» деген накыл сөз, Эмилдин өмүр-тагдырына кынтыксыз шайкеш келип тургандай. Атасы Жакыпбек, энеси Камила экөө тең педагог болгондуктанбы, же тубаса адамгерчиликтүүлүктөнбү айтор, үй-бүлөлүктүн кадырына жетип, үлгүлүү турмуш кечиргендер. Экөө тең тиешелүү адистиктери боюнча ак дилден чыгармачылык менен эмгектенген, мээнеткечтерден болушса да, өмүр бою рухий баалуулуктарга умтулуп, жандүйнөлөрү көркөмдүккө, музыканын

кайрыктарына жуурулушуп жашапты. Бош убактыларында жакын санаалаш курбулар менен жаратылыш койнунда бака-шака оюн-күлкүнүн баштоочулары болушуп, комуздун коштоосунда зор ынтаа жана ырахат менен оболото обон созушту. Турмуштун кем-карчына байланып, ага ыксыз айланчыктабай, оптимисттик маанай менен жашоону кереметке айландыруучу мүнөздөрү бар эле. Кудум жаратылыштын өзүндөй ийкемдүүлүк менен жагдайга жараша ыңгай түзө алышчу... Ушу сыяктуу толгон-токой адамдык асыл сапаттары албетте балдарына, айрыкча тубаса таланттуу Эмилге түздөн-түз таасир эткени талашсыз.

36 жаш курагында Жакыпбек узак оорудан кайтыш болгон соң, албетте бул үй-бүлө турмуштун түркүн сыноосуна тушугушту. «Түтүнү бөлөктүн түйшүгү бөлөк» болгон кайын-журттун кайрымы да ченемдүү эле. Жашоонун образы түп-тамырынан өзгөрүүгө тушукту. «Энелүү жетим эрке жетим» болгон балдарына турмуштун мындай бурулушу алардын көңүлдөрүн оорутуп, көкөйлөрүнө тийбесин үчүн түгөйүнөн ажыраган Камила, кош түйшүк менен түйшөлүүгө мажбур болду. Ошондо да камкор эне бардык өксүгүн ичине батырып, кадимкидей сыртынан сыр билгизбей балдарынын демейдегидей эле эркин ойноп, сейилдеп, жеке кызыкчылыктары менен болууга көмөк көрсөтүп турду. Өзгөчө уулу Эмилдин мокоп, шыгы өчпөсүн дегенде далалаты күч эле. Ошондон улам өздөрүнчө болгондо колунан келишинче музыка угузуп, ырдап бериш, ырдатып да жүрдү. Ушул жылдарда Камила, Чолпон айыл өкмөтүнүн катчысы болуп иштеген кези эле. Айылдык клубдун эстрадалык тобунун жетекчиси Бек деген жигит менен жылдызы келишкен Эмил, 2-класстын эле окуучусу экендигине карабастан, топ мүчөлөрү менен

бирге машыгып жүрүп, барабанда кадыресе ойноп, «ямаханы» да өздөштүрө баштайт. Табигый таланттын да баралына жетиши үчүн адистик билим зарыл экенин түшүнгөн Камила 4-класстан баштап Эмилди Бишкек шаарындагы Мукаш Абдраев атындагы музыкалык мектептен окуусун уланттырат.

Ушундай сезгичтиги жана чечкиндүүлүгү менен Камила уулу Эмилдин тубаса таланттуулугун туура баалап, жандүйнөсүнүн каалоосун түшүнүп, энелик туюм менен Эмилдин чыгармачылыгына ишенимдүү жол ачкан. Ошентип, Эмилдин шыктуулугунан, сезимталдуулугунан көптү күткөн эненин болжолунун туура чыгышы «Балага энеден ашкан сынчы жоктугунун» далилиндей эле болду. Атап айтканда музыкалык мектептен окуп баштаган алгачкы күндөрдөн тартып эле анын өзгөчөлүү талант экендигинин белгилери окутуучуларынын баамына уруна баштайт. 1985–1990-жылдардын арасында Казакстанда өткөн дүйнөлүк фестивалда Эмил төрт таякча менен ксилофондо сөз жеткис, шумдуктай ойногонун, урма аспап боюнча окутуучусу Талант Бектуров мындай эскерет: Ошондо залдагы ар улуттун өкүлдөрү кыйкырык-сүрөөнгө аралаш, дүркүрөгөн кол чабуулар менен Эмилди узакка чейин сахнадан кетиришкен жок. Ал аралыкта калыстар тобунун бирөөсү кармана албай «Он не музыкант, он шайтан!» – деп кыйкырып жиберсе, «Ялла» тобунун барабанчысы ак тилегин билдирип, бетинен өөп барабанда ойногон таякчаларын белекке берип жатып, токтоно албай жашып турду» – дейт.

Ага чейин 5-класстан эле Асанкан Жумакматов Эмилди жалпы симфониялык оркестрдин коштоосунда ксилофондо ойнотуп, келечектүү музыкант катары эл алдына алып чыгып жүргөн. Ошентип, бала күнүнөн

Эмилге, аттын кашкасындай таанымал Дарика Жалгасынова, Керим Турапов, Майрам Дүйшөкеева сыяктуу өнөр адамдары менен иштешүү бактысы туш келет. Эмилдин музыкалык аспаптарда эң жогорку деңгээлдеги ойноо техникасы композиторлор Калый Молдобасанов менен Насыр Давлесовдордун да көз жаздымында калбаган. Өзгөчө шыгы, төгүлүп-чачылып өз денесине өзү сыйбаган талант менен 12ден 13кө караганда «Түрк маршын» ойноп, улуу таланттарды толкундатып, күчтүү эмоцияга кабылтышы Эмилдин таланттуу, сыймыктуу жана келечектүү уул катары таанылуудагы алгачкы ийгиликтеринин бири болгон. Устаттарынын ишеничине татыган Эмил 2001-жылы «Шантел» тобун негиздейт. Ушул эле жылдарда Курмангазы Азыкбаев жетектеген «Энесай» тобу, «Нон-Стоп» дуэти, «Маржан» тобу менен да ийгиликтүү иштешти. Роза Аманова, Гүлнур Сатылганова, Султан Каримов, Курал Чокоев, Сыймык Бейшекеев, Гүлжигит Калыков, Гүлзинат Суранчиева, Жаннета Бобкова, Кенже Кубатова, Аслан Шабаев, Асылбек Насырдинов сыяктуу көптөгөн өнөр адамдарынын өнөрүн өргө сүрөгөн. «Кыргыз жерим», «Ашыгамын», «Эркем», «Балама», «Мой малыш», «Мечта мой сон», «Арбуз», «Жайлоодо», «Той ыры», «Карамель», «Бир сен үчүн» аттуу обондорду, «Эркем» аттуу альбомду чыгарып, алар Кыргыз телеканалдары менен радиоберүүлөрүндө, жаш ырчылардын аткаруусунда эфирден жаңырууда.

Албетте ар бир ыр, обондун ички мазмунунда автордун жандүйнөсүнүн, жашоо образынын мүнөзү жуурулушуп, айкашпай койбойт. Башкача айтканда обон-ырлары аркылуу Эмилдин туулган жерге, Мекенине болгон чексиз берилүүсүн, үй-бүлөгө өтө аяр, өтө ысык мамилесин, жашоону сүйүп, жаратылыш-

тын өзүндөй жасалмасыз жана ар кыл мезгилдегидей түркүн кыялга батып, сезимталдык менен омоктуу максаттарды аркалап жашаганы баамга урунат. Улуу Үркүнгө арналган «Кылым дастаны», Токтогул Сатылгановдун «Замана», Атай Огонбаевдин «Эсимдеси» баш болгон Роза Амановanын элдик чыгармалар менен агым музыкасынын синтезделген формасындагы ырларынын дээрлик басымдуу бөлүгү, Эмил тарабынан жогорку деңгээлдеги көркөмдүктө аранжировкаланган. Классикалык, фольклордук, эстрадалык чыгармалардын бардыгына бирдей этиеттик менен кылдат мамиле жасагандыктан, кайсы обонду колуна алса да ийине жеткире иштеп, сыр куржундун көзүн ачкандай сезим козгоп, жандүйнөнү ойготууга маш эле.

Ойноо бала кезинен эле талантын таптап, куштай оболоткон, өнөрүн өрүүгө сүрөп, өмүргө тете барктаган Эмил аткарган иштерин кызматтык милдет эмес, жандүйнөсүнүн зарылдыгы, муктаждыгы катары караган. Авторлордун чыгармаларын шөкөттөгөндө да кайдыгерлик менен үстүрт мамиле кылбай, ынтаа менен чыгарманын мазмунуна сүңгүп иштеген.

Ал эми түздөн-түз өзүнүн тубаса таланты, таалимдүү тарбиясы менен Камила, тун уулу Эмилдин кыска өмүрүндө кыйла эмгектерди жаратышына, адистигин адамгерчилиги менен толуктоого жана өнүктүрүүгө өз убагында туура таасир көрсөтүп, камкордукка алып келген. Эмилдин экинчи өмүрү – чыгармачылыгынын мындан ары да эл ичинде узак жашап, мурунку жана кийинки аткаруучулардын репертуарында түбөлүк жашап калуусуна өбөлгө түзгөн эскерүү иш чараларын максаттуу өткөрүп келет. Уулунун көзү өткөндөн кийин уулун жөн гана жоктоо менен чектелбестен, уулунун чыгармачылыгына аяр жана камкор мамилесин

улантып, жашоонун ооп-кыйышына моюбас, эрки күчтүү, таланттуу уулдун, татыктуу өнөр баккан өрнөктүү энеси экендигин айгинелеп келет...

Кайыган өмурдүн караанын жоктогон канаттуу музыка, обо жаңыртып кайкып учканы учкан. Ал жаңырыктын тааныш добушу Эмилди жакындан билген ар бир кесиптештерин, жан кыйышпас жакындарын ойго салып, жандүйнөсүн удургутуп кубанычка да, өкүнүчкө да бөлөөрү бышык. Жаралып, бирок жарыялана элек көптөгөн жаңы чыгармалары да жалпы угармандарга тартууланса, талантты баалай билген музыка жандуу кыргыз эли барда, Эмилдин экинчи өмүрү – обондуу кайрыктары менен классикалык музыкалары, кыргыз музыкасынын тарыхынан татыктуу ордун табары анык.

*2016-жыл.*

# КИТЕП СОҢУНДА

Тарыхый инсандарга, дегеле элдик таланттарга кызыгып, алардын чыгармачылыгына карата мамилемдин калыптануусуна таасир эткен айрым инсандарга ыраазылыгымды билдирем! Алар: **Чүй боорундагы Аалы Корчубек уулу жана Жорупбек, Кетмен-Төбөдөн, Ормонбай Кулжабай уулу, Рапия Кожогул кызы, Мейман Өзүбек уулу, Кочкор өрөөнүнөн Арыпбек Абдыкерим уулу, Акимжан Рысбай уулу, Абдыразак Тойгонбай уулу, Сайра Өмүрзак кызы, Гүлбүбү Токторбай кызы, Акий Бейшебай кызы, Эсенгул Байталык уулу.**

Ал эми ушул «Тарых бүктөмүндөгү таланттар» деген китепти жазуу учурунда фактыларды жана чыгармаларды топтоомо түздөн-түз көмөктөшүп, билгенин ичине катпай туура сөзүн нускаган, айтарга кеби бар насыйкаттуу карыялар жөнүндө да учкай маалымат бере кетүүнү туура көрдүм.

## Ормонбай Кулжабай уулу (1903–1993)

Кетмен-Төбө өрөөнүнүн Кара-Тектир кыштагында туулган. 1929–1952, 1959–1963-жылдары райондун аймагындагы мектептерде мугалим, мүдүр болуп иштеген. 1942–1943-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөп, Улуу Ата-Мекендик согушка катышкан. 1950–1954-жылдары Токтогул шаардык кеңешинин төрагасы, 1954–1958-жылдары Октябрь

колхозунун башкармасы болуп иштеген. 1963-жылы ардактуу эс алууга чыкканга чейин, үзүрлүү эмгегинин аркасында көптөгөн өкмөттүк сыйлыктарга ээ болгон.

## Шаакерим Нураалы уулу
## (1908–2008)

Кочкор районундагы Дөң-Алыш айылында туулган. Сегиз жашар кезинде «Улуу Үркүн» учурунда ата-энеси учкаштырып, уялаш иниси Көкабайды бешиги менен өңөрүп качышат. Арттан ок үнү жаңырганда ат «жалт» берип, ыргып кеткен бешикти куйрук улаш келаткан чоң апасы эңип кетип, аман калган экен. Ошол Көкөбай кийин Орто Азия чөлкөмүнөн эң биринчи мугалимдер арасында «Социалисттик эмгектин баатыры» болгон.

1941-жылы айылда башкарма болуп турганында Улуу Ата-Мекендик согушка аттанып, ал жактан тил кармап келүүгө катышкан. Жарадар болуп айыккан соң, кайра согушка кеткен. 9-май күнү Берлинде болгон. Согуш бүткөндө Германияда уй ферма болуп иштеп, айлына 1946-жылы кайтат. Келгенден кийин райондун борбору Чолпондогу спорт комитетинде иштеп турган кезинде, алыскы аралыкка чуркоо боюнча Кыргыз ССРинин чемпиону болгон. Андан кийин эс алууга чыкканга чейин айылда уй ферма болуп иштейт.

## Жээнбек Ысмайыл уулу
## (1910–1994)

Кочкор районундагы Ак-Жар айылында туулган. Жети жашында атасы кайтыш болот. Энеси Алымкандын кайын-журту аны бир кайнисине баш байлайбыз – дейт. Бирок, Алымкан ачык-айрым, сөзмөр, жамакчы- ырчы, куудул жана өткүр болгондуктан тууган-

дардын бүтүмүнө каршы туруп, өзү жактырган Стакул деген жигитке баш кошот. Атасы Ысмайыл тогуз коргоол, ордо ойногонду, ат тандап аны таптап мингенди жакшы көргөн киши экен. Ушундан алам ата-энесин тарткан Жээнбек ырчы, комузчу, сөзгө устат болуп, эр эңиш, балбан күрөш, айрыкча тыйын эңмейден (эки метрдей болгон узун бойлуулугунан го) алдына киши чыгарбай оролмо Жээнбек атыгып эр жетет.

Алгачкылардан болуп, акиташ бышырганды үйрөнүп, айыл элин акиташ менен камсыз кылат. Улуу Ата-Мекендик согуш башталганда Советтик Армиянын катарын толуктайт. Белоруссиянын аймагында согушуп, эки жолу жарадар болгондон кийин экинчи топтогу майып болуп айлына кайтып келет. Үйлөнүп, өлгөндөн калган ага-тууугандарын, бөбөктөрүн багат. Бирок 40 жаштан өткөнчө балалуу болбойт. 1952-жылы Боом капчыгайындагы темир жол курулушунда иштеп жүргөндө Мария аттуу аялга үйлөнүп, 9 балалуу болушат. Темир жол курулушу аяктаган соң айылга келип, айыл-чарба жумуштарында эмгектенип жүрүп, ардактуу эс алууга чыккан. Калыс, сөз билги карыя катары өмүрүнүн акырына чейин айылдык аксакалдар кеңешин жетектейт.

Эмгектин жана согуштун ардагери. Көптөгөн орден-медалдардын ээси.

## Рапия Кожокул кызы
## (1917–1988)

Кетмен-Төбөнүн Торкен айылында туулган. Чоң атасы Ашур айтылуу Рыскулбек бийдин бир тууганы болгон. Рапия ошол эле өрөөндөгү сарт уруусундагы Айтназар Иманкул уулуна (1904–1980) турмушка чыгып, төрт кыз, эки уулга татыктуу таалим-тарбия бе-

ришет. Рапия тектүү жердин кызы жана келини катары турмушка зирек көз караш менен мамиле кылып, ага-тууган жана кайын-журт ичинде кадыр-сыйга татыктуу өмүр сүрөт. Беш баласы жогорку билимге ээ болушуп, мугалим, врач ЖОЖдо окутуучу өңдүү адистиктер менен үзүрлүү эмгектенишет. Соцфонддо иштеген улуу баласы Орозбектин колунда жашап, келини Жээнбүгө аял заты үчүн зарыл болгон кол өнөрчүлүк, мейман күтүү, кайын-журт эл менен алака түзүү ж.б. жол-жобосуна каныктырып, келинин өзү сыяктуу иштүү, меймандос, элге алымдуу жана кадырлуу болушуна багыт берип, көмөк көрсөткөн. Натыйжада келини колунан көөрү төгүлгөн уз, кайненесиндей иштемчил, адамгерчилиги артык болуп, ага-тууган алкышына татыктуу бүлө болду. Үй-тиричилиги менен гана чектелбей бүгүнкү күндө да жеке ишмерлигин улантууда. Ал эми Рапия өмүрүнүн акырына чейин колунан иши, оозунан кеби түшпөй жашап өттү. Сөз уга билгендерге уламалуу кептердин кенин ачып, өзүнүн да, уккандын да моокун кандыра саймедирегенден талган жок.

## Турдакун Аден уулу
## (1918–1987)

Кочкор районунун Дөң-Алыш айылында туулган. Бир үйдүн жалгыз уулу болгондуктан ата-эне, жакын туугандары Турдакунга өзгөчө камкор болгондуктан, көңүлүн оорутпай, оор-түлүк жумуштан оолак кармап, өтө аяр мамиле кылышкан.

Ошого карабастан жаш кезинде муундары ооруп, басалбай калганда Жумгалдын Кайырма айылында жашаган Агима эжеси табыпка көрсөтүп, айыгып кетүүсүнө себепкер болот. Ошондон кийин Турдакун элдик табыпчылыктын сырларын өздөштүрүп, балдарды

ырымдап, куяң болгондорду үсүп (массаж жасап) айыктырганга жетишет. Медициналык жардам жетиштүү таасир этпеген айрым куяң өңдүү дарты бар адамдарды, какыс айыктырып жүрүп, Кочкор жана Жумгал өрөөнүнө таанымал болуп кетет. Алыстан ат арытып, ден-соолуктун айынан кишилер көп келчү. Ошого жараша куяң болгондор сөзсүз айыгып кетүүчү.

Оорулууларды кабыл алып жатканда өткөн – кеткен урунттуу окуяларды кырааты менен айтып берчү. Мындайда ооруткан оору унут калып, оорулуунун көңүлү сергип, тез сакаюусуна өбөлгө болчу. Далай кишилер чын дилден ыраазычылыгын билдиришти. Ардактуу эс алууга чыкканга чейин чарбачылык жумуштарды ак ниет жана берилгендик менен эмгек өтөдү.

Ал азыр үлгүлүү ата сөз наркын билген сөз чебери, колу жеңил табып катары айылдаштарынын жана үй-бүлөсүнүн эсинде.

## Раманкул Сманкул уулу (1921–2007)

Кочкор районунун Дөң-Алыш айылында туулган. Атасы Сманкул иниси Бакир менен (Бакир орус аскерлери менен кармашта каза болгон) Канаат хандын колунда аскер катары кызмат өтөгөндүктөн, сөз баккан адам катары, Раманкул «Улуу Үркүн» жөнүндө далай далилдүү окуяларды жакшы билип калган. Замандашы Мамбетсадык Канаат уулунун чыгармалары менен тааныш болуп, айрымдарын жат билген. «Балалык», «Кош, Кочкор аймагым!» – аттуу ырлары комуздун коштоосунда аткарып жүрдү.

Улуу Ата-Мекендик согуштун убагында ден-соолугуна байланыштуу Фрунзе–Балыкчы темир жол куру-

ришет. Рапия тектүү жердин кызы жана келини катары турмушка зирек көз караш менен мамиле кылып, ага-тууган жана кайын-журт ичинде кадыр-сыйга татыктуу өмүр сүрөт. Беш баласы жогорку билимге ээ болушуп, мугалим, врач ЖОЖдо окутуучу өңдүү адистиктер менен үзүрлүү эмгектенишет. Соцфонддо иштеген улуу баласы Орозбектин колунда жашап, келини Жээнбүгө аял заты үчүн зарыл болгон кол өнөрчүлүк, мейман күтүү, кайын-журт эл менен алака түзүү ж.б. жол-жобосуна канықтырып, келинин өзү сыяктуу иштүү, меймандос, элге алымдуу жана кадырлуу болушуна багыт берип, көмөк көрсөткөн. Натыйжада келини колунан көөрү төгүлгөн уз, кайненесиндей иштемчил, адамгерчилиги артык болуп, ага-тууган алкышына татыктуу бүлө болду. Үй-тиричилиги менен гана чектелбей бүгүнкү күндө да жеке ишмерлигин улантууда. Ал эми Рапия өмүрүнүн акырына чейин колунан иши, оозунан кеби түшпөй жашап өттү. Сөз уга билгендерге уламалуу кептердин кенин ачып, өзүнүн да, уккандын да моокун кандыра саймедирегенден талган жок.

## Турдакун Аден уулу
## (1918–1987)

Кочкор районунун Дөң-Алыш айылында туулган. Бир үйдүн жалгыз уулу болгондуктан ата-эне, жакын туугандары Турдакунга өзгөчө камкор болгондуктан, көңүлүн оорутпай, оор-түлүк жумуштан оолак кармап, өтө аяр мамиле кылышкан.

Ошого карабастан жаш кезинде муундары ооруп, басалбай калганда Жумгалдын Кайырма айылында жашаган Агима эжеси табыпка көрсөтүп, айыгып кетүүсүнө себепкер болот. Ошондон кийин Турдакун элдик табыпчылыктын сырларын өздөштүрүп, балдарды

ырымдап, куяң болгондорду үсүп (массаж жасап) айыктырганга жетишет. Медициналык жардам жетиштүү таасир этпеген айрым куяң өңдүү дарты бар адамдарды, какыс айыктырып жүрүп, Кочкор жана Жумгал өрөөнүнө таанымал болуп кетет. Алыстан ат арытып, ден-соолуктун айынан кишилер көп келчү. Ошого жараша куяң болгондор сөзсүз айыгып кетүүчү.

Оорулууларды кабыл алып жатканда өткөн – кеткен урунттуу окуяларды кыраатын менен айтып берчү. Мындайда ооруткан оору унут калып, оорулуунун көңүлү сергип, тез сакаюусуна өбөлгө болчу. Далай кишилер чын дилден ыраазычылыгын билдиришти. Ардактуу эс алууга чыкканга чейин чарбачылык жумуштарды ак ниет жана берилгендик менен эмгек өтөдү.

Ал азыр үлгүлүү ата сөз наркын билген сөз чебери, колу жеңил табып катары айылдаштарынын жана үй-бүлөсүнүн эсинде.

## Раманкул Сманкул уулу
## (1921–2007)

Кочкор районунун Дөң-Алыш айылында туулган. Атасы Сманкул иниси Бакир менен (Бакир орус аскерлери менен кармашта каза болгон) Канаат хандын колунда аскер катары кызмат өтөгөндүктөн, сөз баккан адам катары, Раманкул «Улуу Үркүн» жөнүндө далай далилдүү окуяларды жакшы билип калган. Замандашы Мамбетсадык Канаат уулунун чыгармалары менен тааныш болуп, айрымдарын жат билген. «Балалык», «Кош, Кочкор аймагым!» – аттуу ырлары комуздун коштоосунда аткарып жүрдү.

Улуу Ата-Мекендик согуштун убагында ден-соолугуна байланыштуу Фрунзе–Балыкчы темир жол куру-

лушунда эмгектенген. 17 жашынан мугалим болуп иштеп калган. Алгач педагогикалык училищаны, кийин Фрунзедеги Маяковский атындагы techinstitututtun «башталгыч класстар» факультетин бүтүп, 50 жыл бою агартуу тармагында үзгүлтүксүз эмгектенген.

1960–1980-жылдары Талаа-Булак орто мектебинде кесиптик кошуундун төрагасы катары, педагогикалык жамаатта эмгек тартибинин сакталышына өзгөчө маани берген. Мектеп жетекчилиги тарабынан мугалимдерге кысым көрсөтүлүшүнө, же укук бузуулардын орун алышына жол берген эмес. Мындан улам жамаатта бекем ынтымак орноп, жыл сайын жаңы ийгиликтер жаралып, мектеп райондогу алдыңкы мектептердин сан башында болду. Жаңычылдыкка умтулуп көнгөндүктөн, климаты катаал деп эсептелинген айылга алма көчөтүн отургузуп, андан түшүм алуу менен эл назарын багбанчылыкка бурган жайы да бар.

Техникалык илимдин Кыргызстандагы алгачкы кандидаты Ж.Иманкулов, филология илиминин кандидаты Ч.Жумагулов өңдүү далай окумуштуулардын, баатыр чабандардын, эмгек алдынкыларынын биринчи мугалими болгон. Эл ичинде «Раман агайдан окуганбыз, же балабызды агайдан окутабыз» – деп, максат кылгандарын айылдаштары бүгүн да сыймыктуу эскеришет.

Эмгеги бааланып көптөгөн медалдардын ээси. «Улуу мугалим», «Эл агартуунун отличниги» төш белгилери менен сыйланган.

## Жандос Исманкул уулу
## (1923–2004)

Кочкор районунун Дөң-Алыш айылында туулган. Буту баскандан баштап эле идиш-аяк, чакаларды сүйрөп чыгып, калдыратып «Комуз» кылып ойногон. Мектепте окуп жүргөндө атактуу комузчу Самсаалы Алыке уулунан сабак алып, ондогон күүлөрдү үйрөнөт. Эр жетип Армиянын катарында кызмат өтөп келгенден кийин, Нарын областтык драмтеатрында солист болуп иштейт. Репертуарында элдик ырлар менен катар, залкар күүлөр жана «Айран-аш» өңдүү Самсаалынын күүлөрүн да жогорку чеберчиликте аткарчу. Ар түрдүү деңгээлдеги фестивалдарга катышып жүрдү. Бир нече жылдан кийин Нарын шаарындагы СИЗОдо кызмат өтөп, капитан чини менен эс алууга чыкканча иштеди. Ачык-айрым, тамашакөйлүүлүгү менен жамааттын, улуу-кичүүнүн, балдардын арасында кадыр-барктуу жашап өттү.

## Сыпарбүбү Бакир кызы

Кочкор районунун Дөн-Алыш айылында 1929-жылы туулган. 1946-жылы Талаа-Булак толук эмес орто мектебин, 1949-жылы Фрунзе шаарындагы педучилищаны бүтөт. 1955–1962-жылдарда Кант райондук гезитинин корректору, 1950–1954, 1962–1984-жылдары Кочкор районунун Калинин атындагы орто мектебинде мугалим, тарбиячы болуп эмгектенип ардактуу эс алууга чыгат.

Жубайы, белгилүү журналист Обозбек Усубалиев менен бирге жети баланы ак ниет, эмгекчил, чынчылдыкка тарбиялашты. Алардын жогорку билимдүү болуп, турмуштан татыктуу орун-очок алышына кам

көрүшүп, үлгүлүү үй-бүлө катары ага-тууган коңшу-колоң жана таанып-билген коомдук коомдук чөйрөнүн эсинде калышты.

Сыбарбүбүнүн үзүрлүү эмгеги жогору бааланып «Эл агартуу отличниги» төш белгиси, Москвадан ЦК ВЛКСМнын «Ардак грамотасы» менен сыйланган.

## Стахан Сманкул кызы

Кочкор районунун Дөн-Алыш айылында 1936-жылы туулган. Москвалык атактуу жумушчу-рекордсмен Стахановдун урматына, ата-энеси ырымдап атын Стахан коюшкан. Ыроо-жыроо болдубу, эмгек жолун 1955-жылдан Нарын шаарындагы, тигүү фабрикасынан баштап, Кочкор жана Чолпон айылдарындагы быткомбинаттарда цех башчысы болуп, 1990-жылга чейин иштеди.

Даталуу күндөрдө мектептен райондук деңгээлге чейинки уюштурулган иш чаралардын ардактуу меймманы болуп, кужурмөн эмгеги, нускалуу сөздөрү менен жаштарга үлгү болду. Райондук, областтык деңгээлдеги ыр кесе, фестивалдарга катышып, чебер аткаруучулугу менен татыктуу орундарды багындырып, тиешелүү дипломдорго ээ болгон.

Ардактуу эс алууга чыкканга чейин бир тармакта үзүрлүү эмгектенип, СССРдин «Эмгек каарманы» Кыргыз ССРинин «Эмгек ардагери» медалдары, «Социалисттик эмгектин отличниги» төш белгиси, Кыргыз ССРинин өкмөтүнүн «Ардак грамотасы» жана жергиликтүү бийлик бутактарынын көптөгөн грамоталары менен сыйланган.

Коомдук өнүгүүгө жараша адамдын психологиясынын, турмушка көз карашынын өзгөрүү процессин чагылдырган «Ак мечит», балалыгын жана кыргыздын

нукура ашканасын таамай сүрөттөгөн «Эстечи» ж.б. көптөгөн ырлары, анын акындык чабытынын бийиктигин айгинелейт.

## ЭСТЕЧИ

Билесиңби бирге тоого чыкканды?
Кайра келип ача койдук чыгданды.
Кыргызымдын берекеси мол экен,
Чыгданында түрлүү даамы бар экен.

Сен эңкейип назар салып карачы,
Мерчемдүүсүн кана бирден саначы.
Көөкөр турат бал кымызы куюлган.
Сыр аягы жанжагында коюлган.
Балык турат кытырата куурулган,
Чучук турат эки чети буулган.
Карын майы шарды үйлөп койгондой,
Карта турат кертип чийип койгондой.
Көнөчөктө толуп турат каймагы,
Чараларда сүтү менен айраны.
Ортосунда энекемдин куймагы,
Жытын иске, жан дүйнөнүн жыргалы...

Сен ойлонуп өткөндөрдү эңсечи,
Ышкын терип жүргөн күндү эстечи.
Тоого чыгып гүлдү терип кеч калган,
Ошол күндөр бир кайрылып келсечи!

*Стахан Сманкулова,*
*Кочкор айылы.*

нукура ашканасын таамай сүрөттөгөн «Эстечи» ж.б. көптөгөн ырлары, анын акындык чабытынын бийиктигин айгинелейт.

## ЭСТЕЧИ

Билесиңби бирге тоого чыкканды?
Кайра келип ача койдук чыгданды.
Кыргызымдын берекеси мол экен,
Чыгданында түрлүү даамы бар экен.

Сен эңкейип назар салып карачы,
Мерчемдүүсүн кана бирден саначы.
Көөкөр турат бал кымызы куюлган.
Сыр аягы жанжагында коюлган.
Балык турат кытырата куурулган,
Чучук турат эки чети буулган.
Карын майы шарды үйлөп койгондой,
Карта турат кертип чийип койгондой.
Көнөчөктө толуп турат каймагы,
Чараларда сүтү менен айраны.
Ортосунда энекемдин куймагы,
Жытын иске, жан дүйнөнүн жыргалы...

Сен ойлонуп өткөндөрдү эңсечи,
Ышкын терип жүргөн күндү эстечи.
Тоого чыгып гүлдү терип кеч калган,
Ошол күндөр бир кайрылып келсечи!

*Стахан Сманкулова,*
*Кочкор айылы.*

## Кыдырма Алыкеев

Кочкор районунун Кызыл-Дөбө айылында жашайт. Кыдырма Самсаалы комузчунун Улуу Ата-Мекендик Согуштан кайтпай калган Токтосадык деген баласынын уулу. Ал Самсаалы чоң атасынын жеңилин жерден, оорун колдон алып чоңойду. Фрунзе шаарындагы жогорку окуу жайында окуп жүргөндө да чоң атасынын А. Малдыбаев менен жолугушуусуна, Кыргыз радиосунун «Алтын фондусуна» күүлөрүнүн жазылып, түбөлүк сакталып калышына көңүл буруп, кам көргөн. Журналисттер менен жолукканда чоң атасы жөнүндө билгендерин айтып берүүдөн эринбейт. Ал эми өзүнүн атасы Токтогазынын ыр менен жазган төмөндөгүдөй мазмундагы катты да доордун тарыхый эстелиги катары сактап жүргөнү бар.

Кыдырма деген балаңар,
Кыбырап басып жүрөбү?
Эртели – кеч силерге
Эрмек болуп күлөбү?

Сагындым кымбат калкымды,
Кара Кочкор салкынды.
Кантип жазбай коёюн,
Кадырман апам Алтынды.
.........................................
Автомат, мылтык, бардаңке
Асынып жүрөм жонумда
Алла сактап калбаса
Ажалдын жүрөм жолунда.....

Ушул сыяктуу аракеттеринен улам Кыдырманын тарыхка, маданиятка мамилеси кайдыгер эмес экенин байкоого болот.

# Мазмуну

Үчөө........................................................................................3
Жеңежан ....................................................................................4
Мамбетсадыктын ырлары (1897–1937)..........................................5
Кош бол, Кочкор аймагым!...........................................................9
Балалыкты эскерүү .....................................................................12
Бар тобокел ................................................................................13
Ногойбай ырчы (1895–1976) .......................................................27
Ак келин......................................................................................28
Күйгөн .........................................................................................34
Сагынбүбү ...................................................................................36
Амангул дастанчы (1901–1982) ...................................................37
Салам кат.....................................................................................39
Амангулга иниси Мураткзынын уруштан жазган каты.........39
Иниси Мураткзыга Амангулдун ооруктан жазган жооп каты.. 41
Кыз Дарыйка *(Дастан)*.................................................................45
Калк ичи казына..........................................................................72
Кыпчагаалы казы (1891–1937).....................................................72
Амур маруп, нахи мүңкөр............................................................73
Тараза ташы неге термелет? ........................................................78
Бабай батыркандын жоругу же Үңкүнүн мөрөйү ....................79
Таалимдүү жана тамашалуу окуялар...........................................81
Тору аттын күлүктүгү менен томуктай Торсонун балбандыгы .........88
Тегин айтылбаган сөздөр ............................................................94
Ырыс оошот ................................................................................94
Сырдуу белек...............................................................................95
Өзүңдү эр ойлосоң........................................................................96
Оозумдан таптым ........................................................................98
Таасын сөздүү өтөгөн....................................................................98
Элдик мурасты аздектеген окурман.............................................101
Окуучулардын эсине....................................................................103
Үмөштүн арманы.........................................................................105
Залкар комузчу ...........................................................................113
Жаштарга жан дүйнөсү жакын эле ...............................................119
Өрнөктүү эне, өнөрлүү уул ..........................................................127
Китеп соңунда.............................................................................133
Ормонбай Кулжабай уулу (1903–1993) ........................................133
Шаакерим Нураалы уулу (1908–2008)..........................................134
Жээнбек Ысмайыл уулу (1910–1994) ..........................................134
Рапия Кожокул кызы (1917–1988)................................................135
Турдакун Аден уулу (1918–1987).................................................136
Раманкул Сманкул уулу (1921–2007) ..........................................137
Жандос Иманкул уулу (1923–2004)..............................................139
Сыпарбүбү Бакир кызы...............................................................139
Стахан Сманкул кызы .................................................................140
Эстечи.........................................................................................141
Кыдырма Алыкеев ......................................................................142

**Эрмек Раманкул кызы**

# ТАРЫХ БҮКТӨМҮНДӨГҮ ТАЛАНТТАР

Редактору *А. Усубалиев*
Дизайнери *М. Кадыров*
Компьютердик калыпка салган *Г. Ниязалиева*

Басууга 07.02.2017-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60х84 $^1/_{16}$.
9,0 б.т. Нускасы 300.

«Фаст принт» басмасы.
Автордун байланыш телефону:
0777 24-83-50, 0551 24-94-84

т
б